С. НААМАТОВ АТЫНДАГЫ
НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

МАГИСТРАТУРА, АСПИРАНТУРА ЖАНА
ДОКТОРАНТУРА ЖОГОРКУ МЕКТЕБИ

ШЕРМАТОВА И. К., ЖАНТАЕВ А. С.

# БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮНҮН КООПСУЗДУГУ

**ОКУУ КУРАЛЫ**

НАРЫН - 2025

УДК 37.013.42
Ш 72

С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин Магистратура, аспирантура жана докторантура жогорку мектебинин илим, өнүктүрүү жана басма ишмердүүлүгү бөлүмү басмага сунуш кылган.

**Жооптуу редактор:** педагогика илимдеринин кандидаты, доцент А. Д. Жунусакунова

**Рецензент:** педагогика илимдеринин кандидаты, доцент А. К. Макеев

Шерматова И. К., Жантаев А. С.
Ш 72. Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугу: Окуу куралы. – Б.: Сарыбаев Т.Т., 2025. – 108 бет.

Окуу куралында ар түрдүү типтердеги окуу жайлардын билим берүү чөйрөсүн моделдөөгө жана долбоорлоого карата илимий мамилелер ачылган. Жалпы эле коомдо жана жеке алганда билим берүү мекемесинде орун алган актуалдуу проблемага – билим берүү чөйрөсүнүн психологиялык коопсуздугуна жана ыңгайлуулугуна көңүл бурулган. Эмгекти түзүү зарылчылыгы билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугу курсу боюнча кыргыз тилиндеги окуу куралдары жоктугунан улам жаралган. Китеп мугалимдерге, студенттерге, магистранттарга, аспиранттарга арналган.

Б 4603000000-05 УДК 37.013.42

**МАЗМУНУ**

**КИРИШҮҮ....................................................................................................4**
**I БАП. БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮН МОДЕЛДӨӨГӨ ЖАНА ДОЛБООРЛООГО КАРАТА ИЛИМИЙ МАМИЛЕЛЕР .................5**
1.1. “Билим берүү чөйрөсү” түшүнүгүнүн маңызы .........................5
1.2. Билим берүү чөйрөсүнүн типологиясы жана моделдөө тарыхый-педагогикалык аспектте.....................................................20
1.3. Билим берүү чөйрөсүн моделдөө психологиялык-педагогикалык изилдөөнүн усулу катары.......................................25
1.4. Билим берүү чөйрөсүн долбоорлоонун педагогикалык негиздери ..............................................................................................30
**II БАП. ЧӨЙРӨНҮН ПСИХОЛОГИЯЛЫК КООПСУЗДУГУ ЖАНА ЫҢГАЙЛУУЛУГУ ..............................................................37**
2.1. Чөйрөнүн психологиялык коопсуздугу жана ыңгайлуулугу илимий проблема катары...................................................................37
2.2. Билим берүү чөйрөсүндөгү психологиялык коопсуздук .......41
2.3. Психологиялык жактан коопсуз билим берүү чөйрөсүн уюштуруунун шарттары ..............................................................44
2.4. Билим берүү мекемесинде психологиялык жактан коопсуз жана ыңгайлуу чөйрөнү камсыздоо................................................48
**III БАП. БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮНҮН КООПСУЗДУГУНА БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮ...........................................................................62**
3.1. Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугуна байкоо жүргүзүүнүн теориялык жоболору ......................................................................62
3.2. Инсан аралык баарлашуудагы коопсуздукту изилдөө ...........66
3.3. Мектептин билим берүү чөйрөсүнүн психологиялык коопсуздугун изилдөө ................................................................68
**ГЛОССАРИЙ .........................................................................................85**
**ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТӨӨ ҮЧҮН ИЗИЛДӨӨЧҮЛҮК ТАПШЫРМАЛАР........................................................................................89**
**ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР ................................................92**

# КИРИШҮҮ

Билим берүүнүн өнүгүүсүнүн азыркы этабында педагогдордун социалдык жана билим берүү чөйрөлөрүндө, социалдык өз ара аракеттешүүдө психологиялык коопсуздукту жана ыңгайлуулукту түзүү жана колдоо билгичтиги менен байланышкан проблемалар пайда болууда жана курчууда.

Педагогикалык билим берүү багыттарынын магистранттарынын кесиптик ишмердүүлүгүнүн аймагы кыйла кеңири – бул билим берүү, маданият чөйрөсүндө, социалдык чөйрөдө жана саламаттыкты сактоо тармагында иштөө, ошондуктан алар коопсуз социалдык жана билим берүү чөйрөсүн моделдөөнү, долбоорлоону жана түзүүнү билүүлөрү тийиш.

Окуу куралында “билим берүү чөйрөсү” түшүнүгүнүн маңызын, анын түзүмүн жана бөтөнчөлүгүн айкындоого карата илимий мамилелер ачылышат. Түзүүчүлөр билим берүү чөйрөсүнүн түрлөрүн жана типологиясын тарыхый-педагогикалык аспектиде талдашат, инсандын психологиялык коопсуздук көз карашынан оң өнүгүүсүн болжолдошот, чөйрөнүн жана инсандын психологиялык коопсуздугу менен ыңгайлуулугун бузуунун мүмкүн болуучу коркунучтары жана тобокелдери жөнүндө элестетүүлөрдү карап чыгышат.

Окуу куралынын материалы билим берүү чөйрөсүнө диагностика жүргүзүүгө, эксперттик баа берүүгө жана мекемедеги окуу-тарбия процессин усулдук камсыздоого, алардын сапатын жогорулатуу боюнча сунуштарды иштеп чыгууга жол берүүчү магистранттардын кесиптик компетенциясын калыптандырууга жардамдашат.

Окуу куралы билим берүү чөйрөсүн диагностикалоо, экспертизалоо жана долбоорлоо боюнча усулдук сунуштарды камтыйт, ал коопсуз билим берүү чөйрөсүнүн маңызын жана өзгөчөлүктөрүн ачууга багытталган.

# І БАП. БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮН МОДЕЛДӨӨГӨ ЖАНА ДОЛБООРЛООГО КАРАТА ИЛИМИЙ МАМИЛЕЛЕР

## 1.1. “Билим берүү чөйрөсү” түшүнүгүнүн маңызы

«Чөйрө» термини көп кырдуу жана көп жүздүү. Чөйрө – бул инсанды курчап турган шарттардын, жагдайлардын жыйындысы деген пикир бар, ошондуктан анын маңызын ар башка авторлор ар түрдүү чечмелешет.

Европалык экономикалык шериктештикте “чөйрө” термини эмес, өзүнүн мамилелерин кошкондр адамдын жашоо мейкиндигин жана шарттарын түзгөн элементтердин жыйындысы катары түшүнүлө турган “курчоо” термини колдонулат.

Мисалы, Чоң азыркы энциклопедияда чөйрө адамды курчап турган, организм жана инсан катары аны менен өз ара аракеттешүүчү шарттардын жыйындысы катары аныкталат.

В. В. Рубцовдун пикири боюнча, чөйрө – бул адамдын дүйнөсү, ал анын баарлашуусунда, өз ара байланышында, коммуникациясында жана башка процесстеринде жашайт, бул ой менен автор адамдын чөйрөсү катары социалдык жалпылыктын өзгөчө ролун баса белгилейт.

В. А. Ясвин «чөйрө» терминин мазмунун талдап, аны таасирлер менен шарттардын комплексине ээ болгон адамдын табигый жана социалдык курчоосу катары аныктайт, ал эми бул психологиялык-педагогикалык көз караштан алганда, инсандын өнүгүү мүмкүнчүлүгү болуп саналат [30].

Эгерде бул маселеге кеңири мааниде карай турган болсок, анда чөйрөнү эки фактор менен көрсөтүүгө болот: ички (тукум куучулук, физикалык жана психикалык ден соолук) жана тышкы (курчап турган табигый, антропогендик, техногендик, социалдык чөйрө). Ички чөйрө организмдин ар түрдүү тутумдарынын өз ара таасир кылуусунан жана алардын психосоматикалык өз ара аракеттешүүдөгү инсан менен өз ара мамилесинен көрүнөт, б.а. бул организмдин абалы менен аныкталуучу чөйрөнүн бир түрү. Тышкы чөйрө түр катары адамды курчап турган турмуш чындыгы менен аныкталат, бул физикалык жана социалдык чөйрө. Ички чөйрө да, тышкы чөйрө да адамдын коопсуздугуна, анын толук физикалык, социалдык жана руханий сак-саламаттыгына таасир кылышат. Адамдын коопсуздугунда өзгөчө орунду "тиричилик чөйрөсү", б.а.

жыргалчылык деңгээли, жалпы маданият деңгээли, тейлөө маданияты, тиричилик шарттары, каада-салттары, үрп-адаттары, жүрүм-турумдук артык көрүүлөрү, адептик жана эмоциялык мүнөздөмөлөрү сыяктуу социалдык факторлор ээлейт. Адамдын өнүгүүсүнүн ар түрдүү мезгилдеринде анын коопсуздугу үчүн аз эмес мааниге билим берүү чөйрөсү да ээ болот.

Билим берүү чөйрөсү – бул акыркы он жылдыкта билим берүү проблемаларын талкуулоодо жана изилдөөдө кеңири колдонулуп келе жаткан түшүнүк, анын көп аспекттүүлүгүн жана аныкталбагандыгын тастыктаган «билим берүү чөйрөсүнүн феномени» деген термин пайда болду. Билим берүү чөйрөсү феноменин кароо билим берүүнү коомдук турмуштун чөйрөсү катары, ал эми чөйрөнү билим берүүнүн фактору катары заманбап түшүнүү менен байланышкан турумдардан жүзөгө ашырылат. Билим берүү чөйрөсүн өнүктүрүү идеялары орус психологдору менен педагогдорунун (Г. А. Ковалев, В. П. Лебедева, А. Б. Орлов, В. И. Панов, А. В. Петровский, В. В. Рубцов, И. М. Улановская, Б. Д. Эльконин, В. Д. Ясвин ж.б.) изилдөөлөрүндө да, чет өлкөлүк психологияда (А. Бандура, К. Левин, К. Роджерс ж.б.) да кылдат иштелип жатат.

Билим берүү чөйрөсүнүн мазмунун жана мүнөздөмөлөрүн изилдөөдө окумуштуулар бул маселеге ар түрдүү мамиле кылышат. Бир жагынан, аны социалдык-маданий чөйрөнүн тутумчасы катары, тарыхый түзүлгөн факторлордун, жагдайлардын, кырдаалдардын жыйындысы катары жана окуучунун инсанын өнүктүрүүнүн атайын уюштурулган педагогикалык шарттарынын бүтүндүгү катары карашат. Экинчи жагынан, аны адамдын өнүгүүсүн мүнөздөгөн категория катары түшүнүшөт, бул анын максаттык жана кызматтык арналышын аныктайт. Бирок билим берүү чөйрөсүн аныктоонун айырмачылыктарына же окшоштуктарына карабастан, анын негизги мүнөздөмөсү инсандын коопсуздук абалы болуп саналат.

Азыркы социалдык-маданий кырдаал бизге адамдын инсанын калыптандырууга тышкы шарттардын терс таасиринин көп сандаган мисалдарын берет. Эгерде ачык физикалык зомбулук иш-аракеттери ачык-айкын айыпталуучу болуп саналса жана аларга каршы туруунун каражаттарын интенсивдүү издөө жүрсө, анда психологиялык таасир ко-

омдук пикирде да, илимий изилдөөлөрдө да жаңы гана талкуунун предмети болуп жатат. Бул учурда билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара аракеттешүүсү шарттарында келип чыккан психологиялык зомбулуктан корголгондук проблемасы өзгөчө актуалдуулукка ээ болот. Мында анын катышуучуларынын саламаттыгын сактоо жана чыңдоо, билим берүү мекемесинде эмгектин жана окуунун коопсуз шарттарын түзүү, басмырлоонун бардык түрлөрүнөн коргоо максатында билим берүү чөйрөсүн психологиялык коштоо кесепети социогендик илдеттердин өсүүсү болуп саналган агрессиялуу социалдык чөйрөгө, психикалык-эмоциялык жана маданий вакуумга альтернатива катары чыга алышарын түшүнүү маанилүү. Билим берүү чөйрөсүнүн катышуучуларынын психологиялык коопсуздугун камсыздоо мында өзгөчө илимий-практикалык милдет катары чыгат.

Көпчүлүк чет элдик изилдөөлөрдө билим берүү чөйрөсү социалдык тутум катары “мектептин майнаптуулугу” – эмоциялык климаты, инсандык сак-саламаттыгы, микромаданияттын өзгөчөлүктөрү, тарбиялоо-билим берүү процессинин сапаты (К. Маклафлин, К. Рейд, Д. Хопкинс) көз карашынан бааланат. Мында ар бир билим берүү тутуму кайталангыс жана ошол эле учурда «коомдун бир бөлүгү» болгондуктан, «майнаптуу мектепти» аныктай турган көрсөткүчтөрдүн күн мурун берилген айкалышы жок экени белгиленет.

Чөйрөнү психологиялык-педагогикалык талдоо үчүн Дж. Гибсондун “мүмкүнчүлүктөр теориясы” келечектүү көрүнөт. Гибсондун пикири боюнча, «мүмкүнчүлүк» категориясы – билим берүү чөйрөсүнүн жана субъекттин өзүнүн касиеттеринин өзгөчө биримдиги, бирдей эле өлчөмдө билим берүү чөйрөсүнүн жана субъекттин жүрүм-турумунун атрибуту болуп саналат. Мындай мамиледе бала менен билим берүү чөйрөсүнүн ортосунда өнүгүүнүн бирдей субъекттери катары диалог жүзөгө ашырылат. Анан калса, бул өнүгүү эки тараптуу: чөйрө окуучунун инсанын калыптандыруу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү берет, өз кезегинде окуучу чөйрөнүн мүмкүнчүлүктөрүн кандай кабыл алат жана ага канчалык даражада таасир кылат, бул анын активдүүлүгүнө жана мүмкүнчүлүктөрүнө жараша болот. Мүмкүнчүлүк категориясын киргизип, Дж. Гибсон өзүнүн жашоо чөйрөсүн өздөштүрүп жаткан адамдын-субъектинин активдүү башталмасын баса көрсөтөт. Инсан чөйрөнүн

мүмкүнчүлүктөрүн канчалык көп жана толук пайдаланса, анын эркин жана активдүү өзүн өнүктүрүүсү ошончолук ийгиликтүү болот. Эгерде билим берүү чөйрөсүн ал берген билим берүү мүмкүнчүлүктөрү көз карашынан карай турган болсок, анда билим берүү чөйрөсүнүн сапатынын чен-өлчөмү ошол чөйрөнүн билим берүү процессинин бардык субъектилерин майнаптуу өзүн өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрүнүн тутуму менен камсыздоо жөндөмдүүлүгү болуп саналат. Кеп баланын өзүнүн билим берүү чөйрөсү менен өз ара аракеттешүү кырдаалы жөнүндө жүрүп жатат. Мында чөйрөнүн мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу үчүн бала тийиштүү активдүүлүктү көрсөтөт, б.а. ал билим берүү чөйрөсүнүн шарттары менен факторлорунун таасир кылуу объектиси бойдон калбастан, өзүнүн өнүгүүсүнүн реалдуу субъектиси, билим берүү чөйрөсүнүн субъектиси болуп калат. Билим берүү чөйрөсүнүн белгилүү бир керектөөнү канааттандырууга жол берүүчү тигил же бул мүмкүнчүлүктү берүүсү субъектини активдүүлүк көрсөтүүгө “чагымдайт”. Бул жерде билим берүү чөйрөсүнүн тигил же бул тиби инсандын өнүгүү кызыкчылыктарына канчалык даражада шайкеш келет деген суроо актуалдуу болуп калат.

В. И. Слободчиковдун пикири боюнча, билим берүү чөйрөсү түзүүчү менен түзүлүүчүнүн жолугушуусу болуп өткөн жерден, алар биргелешип аны биргелешкен ишмердүүлүктүн предмети катары да, ресурсу катары да долбоорлоону жана курууну башташкан, анын айрым элементтеринин ортосунда белгилүү бар байланыштар менен мамилелер курула баштаган жерден башталат. Демек, билим берүү чөйрөсү – билим берүү үчүн кызмат кылган, билимдерди алууга көмөктөшкөн чөйрө. Ал инсанды берилген үлгү боюнча калыптандыруунун таасирлери менен шарттарынын тутумун, ошондой эле социалдык жана мейкиндиктик-предметтик курчоодо камтылган аны өнүктүрүү үчүн мүмкүнчүлүктөрдү берет.

Ушундай ар түрдүү билим берүү мекемелеринин бөтөнчөлүгү эмнеде жатарын карап көрөлү. Бул төмөнкүлөр менен аныкталат:

– билим берүү мекемесинин типтик жана түрлүк өзгөчөлүктөрү;

– баланын жашоо ишмердүүлүгүн уюштуруу жана башкаруу тутуму;

– балдардын топтору – окуу класстары, убактылуу балдар жамааттары (балдардын кызыкчылыктар боюнча командалары, клубдары жана бирикмелери);

– «лидерлердин» жана «артта калгандардын» барлыгы;

– баланын башка жамааттарга, топторго жана топчолорго камылгандыгы, баланын алардагы корголгондук деңгээли;

– билим берүү мекемесинин субъектилеринин социалдык байланыштары (жашоо мүнөзү, ишмердүүлүгү, жүрүм-туруму, өз ара мамилелери (кызматташтык, өз ара жардамдашуу, үстөмдүк кылуу, авторитардуулук, жеке үлгү, тажрыйба ж.б.у.с.);

– билим берүү чөйрөсүнүн маалыматтык компоненти (ички тартип эрежелери, устав, конституция, каалоо-тилектер жөнүндө декларация, мыйзамдар ж.б.у.с.);

– адамдарга, алардын пикирлерине жана бааларына карата мамиленин жарыя кылынбаган факт жүзүндөгү ченемдери;

– жеке жана коомдук коопсуздуктун ченемдери менен эрежелери;

– мектептеги көрсөтмөлүүлүктүн каражаттары (тигил же бул формада берилген ар кандай идеялар; талаптар, буйруктар, кеңештер, сунуштар, каалоолор, б.а. билим берүү чөйрөсүнүн субъектисине жекече даректелген таасир кылуу);

– чөйрөнүн материалдык жана соматикалык компоненттери (окуу, бош убакыт жана эс алуу шарттары; ден соолук жана психикалык абал; психологиялык микроклимат).

С. В. Тарасовдун пикири боюнча, билим берүү мекемесинин билим берүү чөйрөсүнүн түзүмү, жалпысынан үч компонентти камтыйт: мейкиндиктик-семантикалык, мазмундук-усулдук, коммуникациялык-уюштуруучулук.

Мейкиндиктик-семантикалык компонент билим берүү мекемесиндеги балдардын жашоо мейкиндигин жана мектептин символдук мейкиндигин, б.а. анын символикасын, атрибуттарын, салттарын ж.б. архитектуралык-эстетикалык уюштурууну берет.

Мазмундук-усулдук компонент мазмундук чөйрөнү (билим берүү мекемесинин жашоо концепциясын, тарбия иштеринин концепциясын жана программасын, негизги жана кошумча билим берүүнүн программаларын); билим берүү мекемесинде балдардын жашоо ишмердүүлүгүн

уюштуруунун технологияларын, формаларын, усулдарын (башкаруу жана өзүн башкаруу иш-чараларын, оюндарын, иштерин, түзүмдөрүн ж.б.), иш-чараларды жана жамааттык чыгармачылык иштерди даярдоо менен өткөрүүнү ачып берет.

Коммуникациялык-уюштуруучулук компонент билим берүү мекемесинин билим берүү чөйрөсүнүн субъектилеринин өзгөчөлүктөрүн, коммуникациялык чөйрөсүн, уюштуруучулук шарттарын – башкаруу маданиятынын өзгөчөлүктөрүн берет.

Г. А. Ковалеванын эмгектеринде билим берүү чөйрөсүнүн түзүмүнө карата башка көз караш берилген. Ал өз ара байланышкан үч негизги параметрлерди бөлүп көрсөтөт:

– «физикалык курчоо» (мектеп бөлмөлөрүнүн жана мектеп имараттарынын архитектурасы менен дизайны ж.б.у.с.);

– “адам фактору” (билим берүү процессинин субъектилеринин ортосундагы социалдык жыштык, окуучулардын жана мугалимдердин жыныстык-курпктык өзгөчөлүктөрү ж.б.у.с.);

– “окутуу программасы” (ишмердүүлүктүк түзүм, окутуунун стили ж.б.у.с.).

В. А. Ясвин билим берүү чөйрөсүндөгү башка компоненттерди белгилейт:

– мейкиндиктик-архитектуралык (мугалимди жана окуучуну курчап турган предметтик чөйрө);

– социалдык (балдар-чоңдор жалпылыгынын өзгөчө формасы менен аныкталат);

– технологиялык (билим берүү процессинин мазмуну, бала өздөштүргөн иш-аракеттердин ыктары, окутууну уюштуруу).

Е. А. Климовдун изилдөөлөрү билим берүү чөйрөсүнүн түзүмүн төмөнкү курамда беришет:

– чөйрөнүн социалдык-байланыштык бөлүгү (жеке үлгү, маданият, тажрыйба, жашоо мүнөзү, ишмердүүлүк, жүрүм-турум, өз ара мамилелери; алар менен өз ара аракеттешүүгө туура келген мекемелер, уюмдар, алардын өкүлдөрүнүн топтору; адам байланыш түзгөн өз тобунун жана башка жамааттардын «түзүлүшү», адамдын өз тобунун түзүмүндөгү чыныгы орду, анын башка топторго жана топчолорго камтылгандыгы);

– чөйрөнүн маалыматтык бөлүгү (окуу жайдын ички тартип эрежелери, уставы, салттары, жеке жана коомдук коопсуздук эрежелери, көрсөтмөлүүлүк каражаттары, жекече даректелген таасир кылуу);

– чөйрөнүн соматикалык бөлүгү (өз денеси жана анын абалы);

– чөйрөнүн предметтик бөлүгү (материалдык, физикалык-химиялык, биологиялык, гигиеналык шарттар).

Адамдар билим берүү чөйрөсүн уюштурушат, түзүшөт, иштөө процессинде ага туруктуу таасир кылышат, бирок билим берүү чөйрөсү да бүтүн бойдон жана өзүнүн айрым элементтери менен билим берүү процессинин ар бир субъектине таасирин тийгизет.

Психологиялык-педагогикалык изилдөөлөр билим берүү чөйрөсүн ар кандай аспектилерде жана варианттарда карашат, бирок төмөнкү түшүнүктөр – өнүктүрүүчү билим берүү чөйрөсү, психологиялык жактан коопсуз билим берүү чөйрөсү, маалыматтык жактан коопсуз билим берүү чөйрөсү, экологиялык жактан коопсуз билим берүү чөйрөсү, ден соолукту сактоочу билим берүү чөйрөсү, физикалык жактан коопсуз билим берүү чөйрөсү – эң көп колдонулушат. Алардын ар биринин мүнөздөмөлөрүн карап көрөлү.

Өнүктүрүүчү чөйрө теориясы Жан-Жак Руссонун окууларында берилген, ал «Жараткандын колунан чыкканда бардыгы кооз, адамдын колунда бардыгы бузулат» деп эсептеген. Философтун айтымында, тарбиялоо тутуму ар бир инсан үчүн анын чыныгы мүмкүнчүлүктөрү менен табигый керектөөлөрүнүн ортосундагы тең салмактуулукту орното турган өзгөчө өнүктүрүүчү чөйрө түзүлгөндө гана майнаптуу болот. Мындай чөйрөдө инсан даяр билимдерди албайт, аларды өз тажрыйбасына таянып, жандуу жаратылышка байкоо жүргүзүү процессинде өзү табууга үйрөнөт.

Орус педагогикасында өнүктүрүүчү чөйрөнүн проблемаларынын үстүнөн көптөгөн окумуштуулар иштешкен: П. П. Блонский, А. С. Макаренко, С. Т. Шацкий ж.б. Ошол кездеги бир катар изилдөөлөрдө педагогдун таасир кылуусунун объектиси бала эмес, анын сапаттары (касиеттери) жана ал тургай анын жүрүм-туруму эмес, анын жашоо шарттары, чөйрөсү – предметтер, адамдар, алардын инсан аралык мамилелери, ишмердүүлүгү болушу керектиги ырааттуу жана кылдат далилденген.

Анда мектеп, табигый жана социалдык чөйрө оптималдуу өз ара аракеттенген өнүктүрүүчү чөйрөнү түзүү проблемасы С. Т. Шацкийдин педагогикалык теориясы менен практикасында өзгөчө орунду ээлеген. Ал балдан аны изилдөөгө жана өзгөртүп түзүүгө канчалык активдүү катышса, чөйрөнүн өнүктүрүүчү таасири ошончолук чоң болот деп эсептеген. Инсандын жашоо ишмердүүлүгүнүн ар кандай – эмгектик, физикалык, акыл-эстик, оюндук ж.б. аспектилерин уюштуруп мектеп “социалдык-маданий өзгөрүүлөрдүн” демилгечиси болууга, “турмушту изилдөөгө жана аны өзгөртүп түзүү максатында ага катышууга” тийиш.

М. Н. Поляковanын пикири боюнча, эң кеңири (социалдык) контекстте өнүктүрүүчү чөйрө анын алкагында социалдашуу катары түшүнүлгөн инсандын өнүгүү процесси стихиялуу же уюшкандыктын ар кандай даражасында жүзөгө ашырылган социалдык-маданий мейкиндикти берет.

Өнүктүрүүчү чөйрө бүтүндөй баланын инсанын калыптандыруу процессинде түрткү бергич, кыймылдаткыч күч катары иш алып барат, ал инсандык өнүгүүнү байытат жана ар тараптуу жөндөмдүүлүктөрдүн эрте пайда болушуна өбөлгө түзөт. Баланын инсанынын байытылган өнүгүүсү түздөн-түз балалык изденүүчүлүктүн, кызыкчаалдыктын, жекече мүмкүнчүлүктөрдүн (мажбурлоосуз жана машыктыруусуз) көрүнүүсү; баланын көргөнүн, укканын (материалдык жана коомдук дүйнөнү) таанып билүү жана жашоодогу ар кандай кубулуштарга жана окуяларга эмоциялык жооп берүү жөндөмдүүлүгү; инсандын оюндарда, баарлашууда, сүрөттөрдө, кол өнөрчүлүктө топтолгон кабыл алуу жана таанып билүү тажрыйбасын чыгармачыл чагылдырууга умтулуусу менен мүнөздөлөт. Байытылган өнүгүү – бул ар бир баланын бардык параметтүү жекече мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү. Өнүктүрүүчү чөйрөнүн шарттарында турушкан балдар таанымдык жана инсандык өнүгүүнүн көбүрөөк жогору дараметине ээ болушары шексиз [23].

Акыркы убакта билим берүү чөйрөсүнүн психологиялык коопсуздугу жөнүндө көбүрөөк сөз болуп жатат. Т. С. Кабаченко психологиялык коопсуздукту «социалдык субъектилердин (жеке адамдын, топтордун, жалпы эле коомдун) кызмат өтөөсүнүн жана өнүгүүсүнүн бүтүндүгүнүн, ыңгайлашуучулугунун (ыңгайлашуунун бардык формаларынын) бузулушуна түрткү болбогон маалыматтык чөйрөнүн жана

конкреттүү адамдын, топтун, бүтүндөй коомдун жашоо ишмердүүлүгүнүн шарттарынын ушундай абалы» катары кароону сунуш кылат [6]. Психологиялык коопсуздуктун бул аныктамасы социалдык субъектилердин туруктуу жашоосу жана кызмат кылуусу, зарыл керектөөлөрүн жана кызыкчылыктарын канааттандыруусу жана ишке ашыруусу, ошондой эле ар кыл түрдөгү коркунучтарды болтурбоого же четтетүүгө жөндөмдүүлүгү, прогресске жана өзүн өнүктүрүүгө жөндөмдүүлүгү камсыздалуучу абал катары социалдык субъектилерге карата колдонмолуу коопсуздуктун аныктамасы менен жалпы белгилерге ээ болот.

Өлкөнүн улуттук коопсуздук концепциясынын алкагында мугалимдердин, окуучулардын жана алардын ата-энелеринин психологиялык коопсуздугу – алардын өмүрүнүн, ден соолугунун, укуктарынын жана эркиндиктеринин, ар-намысынын жана кадыр-баркынын корголгондугу катары; билим берүү чөйрөсүнүн психологиялык коопсуздугу – мугалимдердин, окуучулардын жана алардын ата-энелеринин инсанынын психологиялык коопсуздугунун түздөн-түз уландысы катары, ошондой эле окуу мекемелеринин коомдук тартибин жана бейпилдигин, руханий баалуулуктарын, укуктарын жана эркиндиктерин жана алардын ченемдүү ишмердүүлүгүн коргоо катары карала алата.

Психологиялык коопсуздук психиканын сакталгандык абалы катары адамды курчап турган чөйрөнүн ага тийгизген терс таасирлери менен анын туруктуулугунун, ушундай таасирлерди өзүмдүк ресурстары же чөйрөнүн коргоочу факторлорунун жардамы менен жеңүү жөндөмдүүлүгүнүн ортосундагы белгилүү бир тең салмактуулукту колдоону болжойт. Инсандын жана чөйрөнүн психологиялык коопсуздугу бири-биринен ажырагыс жана адамдын чөйрө менен өз ара аракеттешүүдө туруктуу өнүгүүсүнүн жана ченемдүү кызмат кылуусунун моделин берет.

Психологиялык коопсуздук проблемасы инсанга актуалдуу жагымсыз таасирлер (коркунучтар) жана тиешелүү божомолдонгон факторлор (тобокелдер) менен тыгыз байланышкан. Ошондуктан, инсандын жагымсыз таасирлерден корголгондугун карап жатып биз аны анын кызмат кылуу шарттары менен тыгыз байланышта кароубуз керек.

Инсандын психологиялык коопсуздугу анын белгилүү бир параметрлери, анын ичинде психикалык жаракалантуучу таасирлери бар чөйрөдө туруктуулукту сактоо жөндөмдүүлүгүнөн, ошондой эле кыйратуучу ички жана тышкы таасирлерге каршылык кылуучулугунан көрүнөт да, өзүнүн конкреттүү турмуштук кырдаалдагы корголгондугун/корголбогондугун баштан кечирүүсүндө чагылтылат. Ошентип, психологиялык коопсуздук – бул:

– адамдын психикасынын сакталгандык абалы;

– инсандын бүтүндүгүн, адамдын, социалдык топтордун, коомдун кызмат кылуусунун ыңгайлашуучулугун сактоосу;

– адамдын чөйрө менен өз ара аракеттешүүдө туруктуу өнүгүүсү жана ченемдүү кызмат кылуусу (коркунучтардан коргонуу билгичтиги жана психологиялык жактан коопсуз мамилелерди түзүү билгичтиги);

– чөйрөнүн жана инсандын коркунучтарды болтурбоо жана четтетүү мүмкүнчүлүктөрү;

– корголгондукту түзгөн же өз ара аракеттешүүдө психологиялык зомбулуктун көрүнүштөрүнөн эркин болгон, инсандык-ишенимдүү баарлашууда керектөөлөрдү канааттандырууга түрткү берген, ага камтылган катышуучулардын психикалык саламаттыгын түзгөн чөйрөнүн абалы.

Психологиялык коопсуздукту талдоо менен байланышкан маселелер маалыматтык жактан коопсуз билим берүү чөйрөсүнүн контекстинде адистер тарабынан көтөрүлөт (Г. В. Грачев, В. Е. Лепский, Т. С. Кабаченко). Маалыматтык-психологиялык коопсуздук айрым адамдардын жана/же топтордун терс маалыматтык-психологиялык таасирлерден жана ушуну менен байланышкан инсандын, коомдун, мамлекеттин турмуштук таламдарынан корголгондук абалы катары түшүнүлөт.

Изилдөөчүлөр маалыматтык жактан коопсуз билим берүү чөйрөсүн (маалыматтык-билим берүүчүлүк чөйрөнү) ар кандай турумдардан көрсөтүшөт: жаңы педагогикалык тутум катары; окуу-усулдук жана уюштуруучулук комплекс катары; жаңы билимдер, фактылар, маалымат, маданият менен байланышкан педагогикалык көрүнүш катары.

Бирдиктүү маалыматтык-билим берүүчүлүк чөйрө деп бирдиктүү технологиялык каражаттарды колдонуу менен окуучуларды, мугалим-

дерди, ата-энелерди, окуу жайлардын администрациясын жана коомчулукту маалыматтык коштоону камсыздоочу, компьютердик техниканы колдонууга негизделген программалык-телекоммуникациялык чөйрөнү түшүнүүгө болот. Бул аныктамага ылайык, мындай чөйрө окуу процессин жана окуу жайды башкарууну маалыматтык колдоого, билим берүү процессинин бардык катышуучуларына анын жүрүшү жана натыйжалары, ошондой эле окуудан тышкаркы иш-чаралар жөнүндө маалымдоого багытталган. Мындай чөйрө педагогикалык билим берүүнүн максаттарын жана милдеттерин ишке ашыруу жана азыркы шарттарда педагогика илимин өнүктүрүү үчүн актуалдуу болгон уюштуруучулук-усулдук каражаттарды, педагогикалык маалыматка ыкчам жетүүнү камсыздаган жана билим берүүчүлүк илимий коммуникацияны жүзөгө ашырган маалыматты сактоонун, иштетүүнүн, берүүнүн техникалык жана программалык каражаттарынын жыйындысын камтыйт (И. Г. Кревский).

Акыркы жылдардагы изилдөөлөр экологиялык жактан коопсуз билим берүү чөйрөсүн түзүү жөнүндө сөз кылууга мүмкүндүк берет.

Е. А. Алисовдун пикиринде, экологиялык жактан коопсуз билим берүү чөйрөсү деп инсандын өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүн жана анын экологиялык факторлордун терс таасиринен корголгондугун жана табият дүйнөсү менен өз ара аракеттешүүсүнүн оптималдуулугун камсыздоочу психологиялык-педагогикалык шарттардын жана таасирлердин тутуму түшүнүлөт. Экологиялык коопсуздук инсандын айлана-чөйрөсүнүн жана турмуштук маанилүү кызыкчылыктарынын чарбалык жана башка ишмердүүлүктүн мүмкүн болуучу терс таасиринен, табигый жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдардын келип чыгуу коркунучтарынан, алардын кесепеттеринен корголгондук абалын болжолдойт.

Педагогикалык процесстин контекстинде билим берүү чөйрөсүнүн экологиялык коопсуздугу өзгөчө экологиялык коопсуздуктун гуманитардык: маданиятаануучулук, адеп-ахлактык, психологиялык, ден соолукту сактоочу, табият дүйнөсүн жалпы маданий түшүнүүгө жооп берүүчү мүнөздөмөлөрүн эске алуу менен чоң мааниге ээ болот. Билим берүү чөйрөсүнүн экологиялык коопсуздугун бузуу тобокели бала, мугалим, үй-бүлө, билим берүү мекемесинин жетекчилиги,

окуу-тарбия процессин уюштуруу, социалдык, мейкиндиктик-предметтик, табигый курчоо менен өз ара мамилелердин өзгөчөлүктөрү менен байланышкан боло алат [2].

Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугу концепциясы менен катар билим берүү чөйрөсүнүн ыңгайлуулук абалы түшүнүгү бар. Атайын изилдөөлөр окуучулардын ден соолугунун калыптанышына билим берүү мекемесинин ички чөйрөсүнүн шарттарынын түздөн-түз таасирин аныктаган, алардын бири ыңгайлуулук болуп саналат. Анткени, адамга мектепте, колледжде, ЖОЖдо канчалык ыңгайлуу болгондугунан билим берүүнүн сапаты жана окуучунун психологиялык саламаттыгы көз каранды.

Билим берүү мекемесинин билим берүү чөйрөсүнүн ыңгайлуулугу жана коопсуздугу билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын иш-аракеттеринин биримдиги менен камсыздалат. Ыңгайлуу жана коопсуз билим берүү чөйрөсүн түзүү анын катышуучуларынын коопсуз жашоо ишмердүүлүгүнүн маңызы жөнүндө зарыл билимдерди алуусунун гана эмес, аны уюштуруу билгичтиктерин калыптандыруусунун натыйжасында да мүмкүн. Коопсуз жашоо ишмердүүлүгү адамдын, коомдун, цивилизациянын керектөөсү болуп калышы маанилүү. Буга адамдардын жаңы дүйнө таанымын, идеалдары менен баалуулуктарынын, коопсуз жүрүм-турум ченемдери менен салттарын, жалпы эле жашоо маданиятын калыптандыруу жолу менен жетишүүгө болот.

Акыркы убакта бүткүл дүйнөдө өсүп келаткан муундун ден соолугу темасы кеңири талкууланууда. Бул проблеманын үстүнөн илимпоздор, дарыгерлер, физиологдор, психологдор, жада калса саясатчылар да иштеп жатышат. Анан, албетте, педагогдор сергек жашоо мүнөзүнүн негиздерин калыптандыруу проблемасынан четте калышпайт. Мектептин программаларынын алкагында ден соолукту сактоого жана чыңдоого арналган бөлүмдөр үзгүлтүксүз пайда болуп жатат.

Н. Т. Рылова билим берүү мекемелеринин ден соолукту сактоочу чөйрөсүн билим берүү процессин коштоонун, тобокел факторлорунун алдын алуунун, социалдык-ыңгайлаштырылган билим берүү чөйрөсүн түзүү боюнча ведомство аралык иш-чаралар комплексин ишке ашыруунун психологиялык-педагогикалык жана медициналык-физиологиялык

каражаттары менен усулдарынын негизинде окуучулардын, педагогдордун социалдык, физикалык, психикалык саламаттыгын калыптандырууга, чыңдоого жана сактоого багытталган башкаруучу, уюштуруучу, окутуучу жана ден соолукту чыңдоочу шарттардын жыйындысы катары карайт.

Билим берүү мекемелеринин ден соолукту сактоочу чөйрөсүн түзүүнүн жолдору жана каражаттары:

– саламаттыкка, психосоматикалык, руханий жана адептик саламаттыкты кошо, керектөөгө туруктуу мотивацияны калыптандырууга карата социалдык, психологиялык-педагогикалык, медициналык-физиологиялык мамилелердин айкашуусу, жетилген психосоциалдык иденттүүлүктү калыптандырууга таянуу менен физиологиялык, психикалык кызматтарды, оптималдуу окуу жана социалдык активдүүлүктү сактоо жана өнүктүрүү процесси катары билим берүү мекемелеринин ден соолукту сактоочу таасирин камсыздоочу билим берүүнүн мазмунун ишке ашыруу, анын наиыйжасында билим берүү процессинин катышуучулары өзүнүн социалдык тобуна таандыктыктин субъективдүү сезимине, өзүнүн жекече болмушунун окшоштугун жана кайталангыстыгын түшүнүүгө ээ болушат;

– билим берүү процессинин катышуучуларынын ден соолугун баланы сергек жашоо мүнөзү аркылуу өнүктүрүүгө багытталган окутуунун өз ара концепциялуу байланышкан милдеттеринин, мазмунунун, формаларынын, усулдарынын жана ыкмаларынын комплекси катары калыптандырууга, чыңдоого жана сактоого таасир этүүчү ден соолукту сактоочу педагогикалык технологияларды колдонуу;

– билим берүү мекемелеринин ден соолукту сактоочу чөйрөсүн түзүү боюнча эксперименттин натыйжалуулугун когнитивдик, мотивациялык-ишмердүүлүктүк, эмоциялык-эрктик, ыңгайлашуучулук-ресурстук чен-өлчөмдөр боюнча талдоо.

Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздук абалдарынын саналып өткөн көп түрдүүлүгүнөн физикалык коопсуздукту бөлүп көрсөтүү зарыл. “Билим берүү жөнүндө” мыйзамдын 42-беренесинде билим алуучулардын ден соолугун коргоо каралган. Ага ылайык, «Билим берүү кызматтарын көрсөтүүчү юридикалык жана жеке жактар (жеке ишкерлер),

ошондой эле ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары билим алуучулардын ден соолугун коргоого жана чыңдоого кепилдик берүүчү шарттарды түзөт» [1]. Бирок, табият жана техника дүйнөсүнөн, б.а. адамды курчап турган предметтик чөйрөдөн, коркунучтардын ар кандай түрлөрү болушу мүмкүн, анын ичинде:

– табигый (жер титирөөлөр, суу ташкындары, селдер, жер көчкүлөр, бороон-чапкындар, кургакчылык, суук ж.б.у.с.);

– социалдык-биологиялык жана зоогендик (өлүмдүн же оорунун көрсөткүчү орточо статистикалык көрсөткүчтөн үч же андан көп эсе ашкан кооптуу жугуштуу оорулардын, белгисиз этиологиядагы инфекциялык же фебрилдик оорулардын топтук учурлары; сапатсыз тамак-аш азыктары жана суу, тиричиликтеги кооптуу химиялык заттар менен массалык ууланую; адам үчүн кооптуу оорулуу жаныбарлардын жана канаттуулардын пайда болушу;

– техногендик (техника, өрт, агып кетүү жана суу авариялары, электр өткөргүч жана аспаптар менен болгон кырсыктар менен байланышкан авариялар же алааматтар);

– экологиялык (жер кыртышынын, жер астынын, ландшафттын деформациясы; атмосферадагы зыяндуу кошулмалардын жол берилген максималдуу концентрациясынан (ЧЖК) 30 эсеге ашкан түтүн, суу бассейндеринин булганышы, ичүүчү суунун жана жашоону камсыздоо тутумдарындагы технологиялык процесстерди камсыздоо үчүн суунун жетишсиздиги ж.б.у.с.).

Бүгүнкү күндө педагогиканын актуалдуу проблемасы педагогикалык мүнөздөгү кооптуулуктардын билим берүү чөйрөсүнө жана жеке алганда билим берүү тутумуна тийгизген таасирин изилдөө болуп саналат.

Педагогикалык мүнөздөгү кооптуулук (ПМК) – билим берүү тутумдарына терс таасир кылуу, анын натыйжасында аларга алардын өнүгүүсүнө регрессиялуу мүнөз берген кандайдыр бир зыян келтириле алат.

«Педагогикалык мүнөздөгү кооптуулук» түшүнүгүнүн маңызы жөнүндө айтып жатып, ал билим берүү тутумдарына эң терс таасир тийгизип, алардын өнүгүүсүнө регрессиялуу мүнөз берерин көрсөтүү керек.

Педагогикалык мүнөздөгү эң ачык-айкын кооптуулуктардын мисалдары төмөнкүлөр болуп саналат:

– өзүнчө билим берүү тутумдарын жана мамлекеттин билим берүү тутумун өнүктүрүүнүн жалган максаттарын калыптандыруу;

– билим берүүнү өнүктүрүүдө инновациялык мамилелерди толук четке кагуу (педагогикалык илимдеги сенектик);

– окутуу жана тарбиялоо процессине кенен изилденбеген инновацияларды киргизүү;

– ата мекендик дагы, чет өлкөлүк дагы башка билим берүү тутумдарынан педагогикалык технологияларды талданбаган долбоорлоочулук (жүзөгө ашырылгыс, негизсиз долбоорлорго ышкыбоздук);

– билим берүү процессине карата ченемдик-укуктук талаптарды тез-тез алмаштыруу;

– окутуунун (тарбиялоонун) антипедагогикалык (педагогика илиминин пайдубалын бузууга жөндөмдүү) усулдарын, формаларын жана ыктарын колдонуу;

– предметтик материалдын мазмунун так эмес жана көбүнчө жалган көрсөтүү (Кыргызстандын тарыхын бурмалоо) ж.б.у.с.

Билим берүү тутумдарын коргоо жаатындагы колдо бар иштелмелерди талдап чыгып, ПМКтун пайда болушу үчүн жагымдуу шарттардын (факторлордун) төмөнкү топторун сунуштоого болот.

Саясий (мамлекетте бирдиктүү тарбиялык максаттын жана саясий курстун жоктугу; берилген билим берүү тутумунда бирдиктүү тарбиялык максаттын жоктугу).

Экономикалык (мамлекеттин жана/же билим берүү тутумунун төмөн экономикалык дарамети).

Уюштуруучулук-техникалык (материалдык-техникалык базанын төмөн деңгээли; билим берүү процессин уюштуруу шарттарынын ошол коомдо болгон бардык ченемдик-укуктук талаптарга шайкеш эместиги).

Социалдык-психологиялык (билим берүү мекемесинин кадрлык курамынын даярдык деңгээлин жана кесипкөйлүгүн камсыздоо проблемалары; өлкөдөгү татаал социалдык-демографиялык кырдаал; көзөмөлдөнбөгөн эмиграция жана миграция процесстери; окуу-тарбия процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелери проблемалары, ошондой эле алардын инсандык-психологиялык өзгөчөлүктөрү).

ПМКтун өнүгүшү үчүн жагымдуу факторлор (анын пайда болушу үчүн жагымдуу факторлор менен катар) төмөнкүлөр болуп саналат:

– ПМКтун маңызын жана мазмунун түшүнүүнүн жоктугу;

ошондой эле педагогикалык коопсуздук маселелеринин үстүнөн иштөө зарылдыгы;

– педагогикалык коопсуздук тутумунун жоктугу.

Азыркы учурда билим берүү чөйрөсүнүн комплекстүү коопсуздугу деген термин кеңири колдонула баштады. Билим берүү мекемесинин комплекстүү коопсуздугу – анын коопсуз кызмат кылуусун камсыздоочу билим берүү мекемесинин социалдык, техногендик жана табигый мүнөздөгү чыныгы жана божомолдонгон коркунучтардан корголгондук абалы. Билим берүү чөйрөсүнүн комплекстүү коопсуздугу – билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын корголгондугун кепилдиктүү камсыздоочу коопсуздуктун белгилүү бир түрлөрүнүн (интеллектуалдык, руханий, адептик-этикалык, психологиялык, педагогикалык, этникалык, физикалык, эмгектик, башкаруучулук) жыйындысы.

### 1.2. Билим берүү чөйрөсүнүн типологиясы жана моделдөө тарыхый-педагогикалык аспектте

Билим берүү чөйрөсүнүн кандай гана типологиясы болбосун шарттуу экендигин белгилөө зарыл. Бир мектепте ар кандай, кээде өтө карама-каршы шарттардын айкашуусу боло алат. Билим берүү чөйрөсүнүн типологиясын талдап, В. А. Ясвин анын мүнөздөмөсү модалдуулук экенин белгилейт. Модалдуулуктун көрсөткүчү белгилүү бир билим берүү чөйрөсүндө баланын активдүүлүгүн (же пассивдүүлүгүн) жана анын инсандык эркиндигин (же көз карандылыгын) өнүктүрүү үчүн шарттардын жана мүмкүнчүлүктөрдүн барлыгы же жоктугу болуп саналат. «Активдүүлүк» деп бул учурда төмөнкүдөй касиеттердин барлыгы түшүнүлөт: демилгелүүлүк, бир нерсеге умтулуу, бул умтулуудагы өжөрлүк, инсандын өз кызыкчыктары үчүн күрөшү, бул кызыкчылыктарды коргоо ж.б.у.с.; буга ылайык, "пассивдүүлүк" бул касиеттердин жоктугу болуп саналат. “Эркиндик” бул жерде ой-пикирлердин жана жосундардын көз карандысыздыгы, тандоо эркиндиги, өз алдынчалык ж.б.у.с. менен байланышкан; "көз карандылык" бөтөндүн эркине ыңгай-

лашуучулук, баш ийүү, жекече жоопкерчиликсиздик ж.б.у.с. катары түшүнүлөт.

Баланын инсанын калыптандыруу болуп өткөн билим берүү чөйрөсү Я. Корчак бөлүп көрсөткөн төрт негизги типтин бирине киргизиле алат:

1) баланын пассивдүүлүгүн жана көз карандылыгын өнүктүрүүгө түрткү болуучу “догматикалык билим берүү чөйрөсү”. Баланын инсаны пассивдүүлүктүн жогору даражасы менен мүнөздөлөт, мында токтоолук баарынан аша кечүүчүлүккө жана кайдыгерликке айланат. Мындай чөйрөгө туш болгон күчтүү инсан өзүнүн башка жаман эркке каршы турууга умтулуусунда катаалдашат;

2) баланын активдүүлүгүн, бирок көз карандылыгын да өнүктүрүүгө түрткү болуучу "мансаптык билим берүү чөйрөсү";

3) баланын эркин өнүгүүсүнө түрткү болуучу, бирок анын пассивдүүлүгүн калыптандырууну да шарттоочу "бейпил билим берүү чөйрөсү";

4) активдүү баланын эркин өнүгүүсүнө түрткү болуучу «идеялык же чыгармачылык билим берүү чөйрөсү».

П. Ф. Лесгафт педагогикалык чөйрөнүн белгилүү бир тибинин (үй-бүлөнүн) баланын инсанын калыптандырууга байланышы барын далилдеген. Ал алты «мектептик типтерди» бөлүп көрсөткөн: «атакты сүйүүчү», «ак көңүлдүү», «эки жүздүү», «эзилген», «жумшак басмырланган», «жаман басмырланган», ошондой эле педагогикалык идеал катары «ченемдүү типти» караштырган.

Атакты сүйүүчү типти П. Ф. Лесгафт активдүү типке киргизип, мында дал ошол атаандаштык руху, сөздүк же материалдык колдоо бар чөйрө, балада аны сабактарга түртүүчү сезимдерди ойготуп, таанып билүү кызыгуусун өнүктүрөрүн баса белгилейт. Бир жагынан балада өзүнүн күчтөрүнө ишенүү, өз жосундарына сыймыктануу пайда болсо, экинчи жагынан анын мүнөзүндө бара-бара бой көтөрүү, текебердик сапаттары пайда болот да, башкаларга үстөмдүк кылууга умтулуу өнүгөт. Бул типтин өкүлдөрүнүн активдүүлүгү башка адамдарга көз карандылык менен да, өз алдынчалыктын олуттуу даражасы менен да шартталат. Атакты сүйүүчү типтин калыптанышына түрткү болгон чөйрө, Лесгафттын пикири боюнча, ар дайым мындай шарт менен мүнөздөлөт: «баланы

сабактарга же мелдеш, же сөздүк же материалдык колдоо менен дайыма сырткаркы козутуу. Тигил да, бул да учурда балада сезүүлөрдү ойготушат, алар аны сабактарга түртүшөт».

П. Лесгафт тарабынан ак көңүлдүү типке киргизилген балдар жакшы өнүккөн талдоочулук жөндөмдүүлүктөрү менен айырмаланышат. Эрте куракта булар кыялкеч балдар, ал эми улуу курактагы балдар сырткы жупунулугу, бирок чоң ички сынчылдыгы жана ой-пикирлеринин көз карандысыздыгы менен айырмаланышат, алар акыйкаттыкка жетишүүнү каалап ар кандай талаш-тартыштарга чын көңүлдөн менен киришет, ошондуктан бул типтеги адамдардын ишмердүүлүгү зор өз алдынчалыгы жана чынчылдыгы менен айырмаланат. Каралып жаткан типтин кемчилиги акыл-эстик жана физикалык өнүгүүнүн ортосундагы шайкеш эместикте жатат. Алсыз активдүү-физикалык өнүгүү белгилүү даражада апатияга жана жалкоолукка алып келет. «Ар кандай сабактарга мажбурлоо жана адилетсиздик же өзүм билемдик бул типтеги баланы сөзсүз түрдө иштен алыстатат да, ишке апатиялуу жана кайдыгер мамиле кылууга көмөктөшөт». Мындай типтеги бала калыптанган чөйрө тынч, бейпил болот. Бала жакындарынын мээриминде жана камкордугунда чоңоёт, тарбиялоо процессинде жазалоонун жана мажбурлоонун элементтери жок болот, бала толук эркиндиктен пайдаланат, анын муктаждыктарына жана талаптарына көңүл бурулат жана алар канаатандырылат, эгерде жагдайлар муну жасоого жол бербесе, анда балага баш тартуунун себеби түшүндүрүлөт. Бул типти окумуштуулар «акыл-эстүү-өз алдынча» деп классификациялашат, б.а. анда инсандык эркиндиктин жана өз алдынчалыктын үстөмдүк кылуусуна басым жасалат.

Эки жүздүү типтеги бала куулук жана жароокерлик менен бардык кыйынчылыктарды айланып өтүүгө аракет кылат, аны жолсуздуктар капалантпайт, ал тырышчаактыкты жана көңүл бурууну талап кылган иштерди аткаруудан качат, бирок жалпы эрежелер жана үлгүлөр менен аныкталган тапшырмаларды жана иш-аракеттерди аткара алат. Бул типтеги балдарга жасакерлик, педагогдордун, улуу балдардын алдында бөйпөңдөө мүнөздүү болот. Мындай мектеп окуучулары майда уурулукка, анткор ооруга жакын болушат, эреже катары, аларды жолдоштору сүйбөйт жана жалгызсырашат. Лесгафт эки жүздүү типти

«иштиктүү-жогорулатылган көрүнүштөрү бар», б.а. инсандык активдүүлүктүн жогору даражасы бар, бирок инсандык өз алдынчалыгы дээрлик толук жок, улуулардан көз карандылыгы жогору, кыйла алсыз же кыйла төмөн тектүү балдарга орой мамилеси бар тип катары аныктайт. П. Лесгафттын айтымында, бул инсан калыптанган чөйрө баланы курчап турган улуулардын калпчылыгы жана эки жүздүүлүгү, тынымсыз майда-чүйдө эсеп-кысаптар жана жеңил пайдага умтулуу менен айырмаланат. Чөйрө бөтөндүн эркин ойлонбой аткарбастан, баланын көңүлүн буруучу, ага ой жүгүртүүгө, талдоо жүргүзүүгө жардам берүүчү шарттардан ажыратылган. Мындай жагдайда бала каалаганын тиленүү, момунсунуу, калп айтуу аркылуу алууга аракет кылат.

Эзилген типтеги баланын негизги мүнөздөмөсү – жупунулук жана уялчаактык. Мындай бала көбүнчө бир нерсе менен алек болуп, берилген тапшырманы кылдат аткарат, ишмердүүлүк процессинде жолдошторунан окчундап, өзүнчө бөлүнүп калат. Ал эч качан алдыга чыкпайт, дайыма артта, акыркы саптарда калат, болуп жаткандын баарын кунт коюп көз салат. Бул типтин өкүлдөрү чоң ыкластуулук жана жоопкерчилик менен айырмаланат, алар ар дайым жана бардык жерде өз кемчиликтерин көрүп, бардык жолсуздуктар үчүн өздөрүн күнөөлөшөт. Өзүнөн эч кандай таланттарды жана жөндөмдүүлүктөрдү таппай, алар демилгени жана өз алдынчалыкты талап кылган иш-аракеттерди жасоодон баш тартышат, алар үчүн жаңы ишке дайыма эле же тез эле батына беришпейт. Мындай типтеги бала чоңойгон сайын сокур аткаруучу жана дудук мээнеткеч болуп кетпейт, тескерисинче, анын баамчылдыгы жана тажрыйбалуулугу барган сайын өнүгүп, ага дайыма ишмердүүлүгүнүн түрүн өзгөртүүгө, чыгармачыл инсан болууга жол берет. Лесгафттын классификациясы боюнча, эзилген тип «акыл-эстүү-аткаруучу жана инерттүү-эзилген көрүнүштөрү бар», б.а. өз алдынча, бирок ошол эле учурда өтө пассивдүү катары каралат. Бул типтин калыптануу чөйрөсү, эреже катары, жакыр ата-энелер балдары менен бардыгын бөлүшүп, аларга дайыма эң жакшысын берген орто кирешелүү үй-бүлө болуп саналат. Баланы курчаган жакын адамдары күн сайын жумуш менен алек болушат да, ага тийиштүү көңүл бура алышпайт, алар бардык кокустуктардын алдын ала алышпайт жана алардын жагымсыз кесепеттерин жоюуга кудуреттүү эмес, ошондуктан бала курчап турган турмуш

чындыгын анын оң жана терс көрүнүштөрү менен өзү таанып билүүгө аргасыз болот.

«Муздак жана кайдыгер, ал түпкүлүгүндө эч кимди сүйбөйт, болгону, мындайча айтканда, мурда энесинен же багуучусунан бир да кадам алыстабагандай эле, бирөөгө жабышат да, андан бир да кадам алыстабайт. Бардык жолсуздуктар, тоскоолдуктар же күтүлбөгөн көрүнүштөр аны туюкка такап, аларды ал сырткаркы жардамсыз жеңүүгө таптакыр жарамсыз болот…». Лесгафт жумшак-басмырланган типке ушундай мүнөздөмө берет. Мындай типтеги бала момун, тартынчаак, алтургай коркок болуп калат, ага катаал мамиле кылганда ал кежир жана керек десе туурамчыл-талаптуу болуп калат. Окууда ал тырышчаак жана аткаруучу болуп чыгат, бирок демилгени жана чыгармачылыкты көрсөтпөйт. Талап же көзөмөл азайганда ал жалкоо, шалаакы окуучу болуп чыгат. Лесгафт бул типти «рефлексиялуу-тажрыйбалуу» деп классификациялап, ага мүнөздүү болгон чоң кишиге көз карандылыкты баса белгилейт. Бул тип калыптанган чөйрө чоңдор тарабынан баланын кандайдыр бир өз алдынча ишмердүүлүгүнө бөгөт коюу, ар кандай демилгени жок кылуу, акыл-эстик ишмердүүлүктү өнүктүрүү үчүн шарттардын жоктугу жана жоюлушу менен айырмаланат.

«Тип жаман басмырланган, ар дайым каардуу, өзүнүн шекчилдиги, өзүн сүйүүсү жана көбүнчө абдан кескин рефлексиялуу көрүнүштөрү менен айырмаланат. Аң-сезимдүү ишмердүүлүгү жекече коргонууга баарынан көп көңүлүн топтоштурат». Мындай типтеги бала демилгесиз, инерттүү, шекчил, кээде ачуулуу болуп калат, өзүнө туюкталат да, майда өзүн сүйүүнүн көрүнүшү менен өз ички дүйнөсүн коргойт. Бул типтин кыйла билинген формасы – өзүн айланасына каршы коюу, жалпы талаптарды аткарбоо, кылык-жоругунун кескиндиги, асоциалдык жүрүм-турум. Мындай типтин өнүгүшүнө жол берген себептер, – ой жүгүртүүгө тыюу салуу, баланы мажбурлоо жана тарбиялоо үчүн зомбулук чараларын колдонуу жана башка адилетсиз жана ээнбаш талаптар. Баланы көп жазалашат, анын активдүүлүгү кубатталбайт, аны эркелетишпейт. Кичинекей тартип бузуулар үчүн катуу жана туруктуу жазалоо баланын мүнөзүндө ырайымсыздыктын, кекчилдиктин, оройлуктун пайда болушуна алып келет. Лесгафт жаман басмырланган типти пассивдүү типтердин категориясына бөлүп, аны «туурамчыл-акыл-

эстүү» деп мүнөздөйт.

Билим берүү чөйрөсү ар бир жамааттын жашоо жөндөмдүүлүгүнүн негизин түзөт, ошондуктан, инсанды тарбиялоо жана калыптандыруу жүрө турган, анын бардык катышуучулары корголгондукту жана негизги керектөөлөрүнүн канааттандырылгандыгын сезе турган чөйрөнү изилдөөнүн, моделдөөнүн жана долбоорлоонун маанилүүлүгү, жакынкы келечекте коомдун негизин түзүүчү өсүп келаткан муунга шарттарды түзүү жана тарбиялоо зарылдыгына байланышта биринчи орунга чыгат. Билим берүү чөйрөсүндө психологиялык коопсуздукту түзүү жана камсыздоо анын катышуучуларынын кесиптик өнүгүүсүнө түрткү боло жана коомго жат жана кылмыштуу жүрүм-турумдун алдын алуу болуп чыга алат.

### 1.3. Билим берүү чөйрөсүн моделдөө психологиялык-педагогикалык изилдөөнүн усулу катары

Моделдөө таанып билүүнүн универсалдуу формасы катары ишмердүүлүктүн каалаган чөйрөсүндөгү көрүнүштөрдү изилдөөдө жана өзгөртүп түзүүдө колдонулат, бул ар кандай тектеги объектилерди, анын ичинде татаал социалдык тутумдун объектилерин изилдөөңүн көбүрөөк таралган усулу.

Заманбап педагогикада “модель” термини тутум жана жасалма түзүлгөн үлгү катары да, табигый же коомдук көрүнүштүн аналогу катары да аныкталат.

Модель – бул тутум, аны изилдөө башка тутум жөнүндө маалымат алуунун каражаты катары кызмат кылат [22].

Модель – изилденип жаткан объектиге (кубулушка) окшош жана объектинин (кубулуштун) түзүмүн, касиеттерин жана элементтеринин ортосундагы мамилелерин чагылдырган схема, сыпаттама, физикалык курулмалар же формулалар түрүндөгү жасалма түзүлгөн үлгү [18].

Модель – бул түпнуска тутумдун кээ бир маанилүү касиеттерин кайра өндүргөн объектилердин же белгилердин тутуму, ал объектинин жалпыланган чагылышы, эксперименттин түздөн-түз натыйжасы эмес, абстракттуу практикалык тажрыйбанын натыйжасы болуп саналат.

Илимде моделдердин ар кандай түрлөрүн ажыратууга болот, би-

рок алардын негизгилери физикалык, заттык-математикалык жана логикалык-математикалык моделдер болуп саналат.

Физикалык моделдер, эреже катары, изилденип жаткан түпнусканын табиятына окшош физикалык, химиялык же биологиялык табиятка ээ болушат, түпнускага геометриялык окшоштугун сакташат жана изилденип жаткан кубулуштардын өлчөмдөрү, өтүү ылдамдыгы, кээде материалы менен гана айырмаланышат: учактын моделин аэродинамикалык сыноолор, лабораториялык жаныбарларда залалдуу шишиктерди изилдөө ж.б.у.с. Физикада модель деп чыгармачыл туюмдун жана көшөргөн эмгектин жардамы менен биз изилдеп жаткан нерсени түшүнүүгө жана сыпаттоого жардамдашуучу элестетүүлөр менен идеялардын белгилүү бир тутумунун негизинде түзүлүүчү кубулуштардын жалпы сүрөтү түшүнүлөт. Физикалык модель – бул адамдын башында курулган, денелердин, тутумдардын жана кубулуштардын негизги материалдык касиеттерине ээ кылынган абстракция. Моделдердин аркасында айрым фактыларды бирдиктүү ырааттуу тутумга же бир нече бири-бирин толуктаган тутумдарга байланыштырууга болот, алардын ортосундагы көз карандылык экспериментте текшериле алат. Фактылардын жетишсиздигинде модель одоно болуп чыгат, бирок маалыматтын көлөмү көбөйгөн сайын ал бара-бара түрүн өзгөрүп, татаалдашып, ырааттуу логикалык байланыштары жана белгилүү бир математикалык тили бар толук аяктаган теория көрүнүшүнө ээ болот.

Заттык-математикалык моделдер прототиптерден айырмалуу физикалык, химиялык же биологиялык табиятка ээ болушат, бирок түпнуска менен бирдей эле математикалык сыпаттамага жол беришет: электромеханикалык, гидротермикалык моделдер ж.б.у.с. А. Эйнштейндин айтымы кызыктуу, ал мындай деп жазган: «Физикалык теорияны түзүүдө түптүү идеялар маанилүү роль ойношот. Физика китептери татаал математикалык формулаларга толо, бирок физикалык теориянын башталышы формулалар эмес, ойлор жана идеялар болуп саналат. Идеялар кийинчерээк сандык теориянын математикалык формасын алып, эксперимент менен салыштырууга мүмкүн болушу керек».

Логикалык-математикалык моделдерде түпнусканын жана моделдин физикалык, химиялык же биологиялык табияты эми эч кандай роль

ойнобойт. Бул жерде абстракттуу логикалык жана математикалык касиеттер гана маанилүү. Логикалык-математикалык, башкача айтканда, белгилик моделдөөдө эксперимент жүргүзүү мүмкүнчүлүгү (физикалык жана заттык-математикалык моделдөөдө мүмкүн болгондой) жоголот, ал эми кызыктырган объекти жөнүндө жаңы билимдер логикалык жана математикалык тыянактар аркылуу гана алына алышат [30].

Окутууда моделдөө психологиялык-педагогикалык изилдөөнүн усулу катары эки колдонулушка ээ болот:

1) окуучулар ээ болууга тийиш болгон таанып билүү шайманы. Ал окуучуларда ой жүгүртүүнүн илимий-теориялык тибин калыптандырат;

2) окуу ишмердүүлүгүнүн курамдык элементи болуп саналган негизги окуу иш-аракеттеринин бири катары.

Моделдөөнүн программасы (алгоритми) шарттуу түрдө беш этапка такала алат, атап айтканда:

1) адамдын өзүнө же башка адамдарга койгон тапшырмасын же милдетин айкындоо;

2) моделдердин варианттарын түзүү;

3) моделдердин варианттарын абстракттуу объектилер, математикалык же графикалык моделдер түрүндө туюндуруу;

4) педагогикалык моделдин кабыл алынган өзгөрмөлүүлүгүн кайра талдоо жана изилдөө, анын негизинде мурда алдын ала көрүлбөгөн касиеттерин жана сапаттарын айкындоо;


5) моделге түзөтүүлөрдү киргизүү же андан баш тартуу жана жаңы моделдин үстүнөн ишти баштоо.

Педагогика илиминде модель деп чыгармачыл туюмдун жана көшөргөн эмгектин жардамы менен биз изилдеп жаткан нерсени түшүнүүгө жана сыпаттоого жардам берген көз караштардын жана идеялардын белгилүү бир тутумунун негизинде түзүлгөн кубулуштардын жалпы сүрөтү түшүнүлөт. Ата мекендик педагогика илиминде түзүлгөн педагогикалык процесстин түзүмү моделдерде берилет: максаттык, мазмундук, уюштуруучулук-ишмердүүлүктүк, талдоочулук-натыйжалык компоненттер.

«Моделдөө усулунун аны илимий таанып билүүнүн башка усулдарынан айырмалаган принциптүү өзгөчөлүгү деп, биринчиге окшош башка объектини изилдөөнүн жардамы менен жүргүзүлүүчү объектини

кыйыр изилдөөнү эсептөөгө болот. Мында аналогия ошол объектилердин ортосундагы мамилелердин түйүндүү белгилеринин окшоштугуна негизделген алардын ортосундагы маанилүү байланыш катары каралат. Моделдөөнүн мааниси тиешелүү моделди изилдөөдө алынган белгилүү бир билимдерди ага көчүрүү жолу менен түпнускада жүрүп жаткан кубулуштар жөнүндө маалыматты алуу мүмкүнчүлүгүндө жатат. Бул усул адамдын ой жүгүртүүсүнүн ар кандай объектилердин касиеттерин абстракттуу салыштыруу, б.а. аналогияларды аныктоо жөндөмдүүлүгүнө негизделген» [30].

Билим берүү чөйрөсүнүн моделин куруу жана анын тибин аныктоо үчүн В. А. Ясвин тарабынан иштелип чыккан векторлук моделдөө методикасын колдонууга болот. Методиканын негизинде билим берүү чөйрөсү эки октон турган координаталар тутумунда сыпаттала алары жөнүндө божомол жатат: “эркиндик – көз карандылык” огу жана “активдүүлүк – пассивдүүлүк” огу. Октордун аталыштары окуучунун инсанынын тиешелүү сапаттарын туюнтушат, алардын көрүнүүсүнө жана калыптанышына берилген билим берүү чөйрөсү түрткү болот: “активдүүлүк” деп демилгелүүлүк, бир нерсеге умтулуу, ошол умтулуудагы өжөрлүк, инандын өз кызыкчылыктары үчүн күрөшү, ошол кызыкчылыктарды коргоо ж.б.у.с. сыяктуу касиеттердин барлыгы түшүнүлөт. «Пассивдүүлүк» ушул касиеттердин жоктугу катары чыгат, башкача айтканда, бул шкаладагы «пассивдүүлүк» уюлу «нолдук активдүүлүк» катары карала алат; «эркиндик» ой-пикирлердин жана жосундардын көз карандысыздыгы, тандоо эркиндиги, өз алдынчалык ж.б.у.с. менен мүнөздөлөт; «көз карандылык» деп ыңгайлашуучулук жана жүрүм- алардын ортосундагы көз карандылыкты экспериментте текшерүүгө болот турумдун рефлексиялуулугу түшүнүлөт (1-сүрөт).




1-сүрөт. Билим берүү чөйрөсүн вектордук моделдөө үчүн координаталар тутуму

Вектордук моделдөөнүн бул усулу билим берүү чөйрөсүнө экспертиза жүргүзүүгө жана аны төрт негизги типтин бирине киргизүүгө жол берет, алардын негизинде жалпысынан билим берүү чөйрөсүнүн 12 тибин (типчелерин) алууга болот:


1) догматикалык билим берүү чөйрөсү;

2) мансаптык билим берүү чөйрөсү;

3) бейпил билим берүү чөйрөсү;

4) чыгармачылык билим берүү чөйрөсү.

Эң жөнөкөй математикалык курулмалар жолу менен билим берүү чөйрөсүнүн белгилүү бир тибин моделдеген он эки теориялык жактан мүмкүн болгон векторлорду алууга болот (2-сүрөт).




2-сүрөт. Билим берүү чөйрөсүнүн мүмкүн болуучу вектордук моделдеринин толук спектри

### 1.4. Билим берүү чөйрөсүн долбоорлоонун педагогикалык негиздери

Орус педагогикасында педагогикалык долбоорлоонун теориялык негиздерин иштеп чыгууга чыйырды А. С. Макаренко салган. Азыркы учурда билим берүү чөйрөсүндөгү долбоорлоо процессинин ар түрдүү аспектилеринин комплексин кароого арналган түзүлгөн илимий дарамет жөнүндө сөз кылууга болот. М. П. Горчакова-Сибирскаянын, Е. С. Заир-Бектин, Г. Л. Ильинанын, И. А. Колесникованын, А. М. Новиковдун, В. В. Сериковдун ж.б. эмгектери педагогикалык долбоорлоонун проблемаларына арналган.

Билим берүү чөйрөсүн долбоорлоо процесси аны объективдүү жана абстракттуу сыпаттоосуз мүмкүн эмес, бирок ал аны субъективдүү жана конкреттүү кабыл алууну мүнөздөгөн психологиялык, экологиялык, физиологиялык жана башка мыйзам ченемдүүлүктөрдү да эске алат.

Психологиялык-педагогикалык илимдин өнүгүүсүнүн азыркы этабында билим берүү чөйрөсүн педагогикалык долбоорлоонун методологиясынын маселелери, билим берүүнүн түрдүү деңгээлдеринде

чөйрөнүн билим берүү ресурстарын колдонууга карата инновациялык мамилелерди, автордук сунуштарды иштеп чыгуу жана колдонууга киргизүү аракеттери актуалдуу бойдон калып жатат. Изилдөөчүлүк мамилелердин жиктелүүсүнө: экологиялык-инсандык (В. А. Ясвин), коммуникациялык-багытталган (В. В.Рубцов), психодидактикалык (В. П. Лебедева, В. А. Орлов ж.б.), экопсихологиялык (В. И. Панов), экоантропоцентристтик (Т. М. Дридзе), чөйрөлүк (Ю. С. Мануйлов) карабастан, билим берүү мекемелеринин жетекчилеринин, мугалимдердин, педагогдордун, социалдык-педагогикалык чөйрөнүн кызматкерлеринин практикалык ишмердүүлүгүндө инсандын тышкы жана ички факторлордун терс таасирлеринен корголгондугун камсыздоочу билим берүү чөйрөсүн долбоорлоонун мазмунун жана этаптарын аңдап-түшүнүүдө кыйынчылыктар кездешет.

Педагогикалык долбоорлоонун жана, жеке алсак, билим берүү чөйрөсүн долбоорлоонун негизинде төмөнкү идеялар жатышат:

– алга озуулар, келечектер;

– долбоорлоонун предметинин чыныгы абалы менен каалангандын ортосундагы «дараметтүү ар түрдүүлүктөр»;

– натыйжага жакындоонун кадам артынан кадамдыгы, акырындыгы;

– долбоорлоочулардын ресурстары менен күч-аракеттеринин шайкештиги, кооперациясы, бириктирилиши;

– катышуучулардын “бутактанган активдүүлүгү” (В. Килпатриктин термини).

Педагогикалык долбоорлоонун мааниси жана максаты адамдын табиятынын жана адамдык мамилелерднин өзгөчөлүктөрү менен аныкталуучу нерселерди өркүндөтүү болуп саналат. Азыркы учурда долбоорлоонун предмети, максаттык багытталгадыгы жана натыйжасы боюнча айырмаланган долбоорлоонун үч негизги түрү активдүү өнүгүп жатат. Булар социалдык-педагогикалык долбоорлоо, психологиялык-педагогикалык долбоорлоо жана билим берүүчүлүк долбоорлоо.

Социалдык-педагогикалык долбоорлоо социалдык чөйрөнү өзгөртүүгө жана социалдык проблемаларды педагогикалык каражаттар менен чечүүгө багытталган. Долбоорлоонун бул түрүнүн натыйжасы

көбүнчө билим берүү тутумдарынын кыйла майнаптуу кызмат кылуусун уюштуруу үчүн негиз болуп калат, ошону менен педагогикалык процесстерди өзгөртүү үчүн шарттар түзүлөт.

Психологиялык-педагогикалык долбоорлоонун негизине билим берүү процесстерининин алкагында адамды жана инсан аралык мамилелерди өзгөртүп түзүү салынган. Ал окутуунун жана тарбиялоонун шарттарын өзгөртүү жана түзөтүү, педагогикалык технологияларды, окуучулар менен окутуучулардын өз ара аракеттешүүсүнүн формаларын, инсандын өзүн долбоорлоо ыктарын иштеп чыгуу жана модернизациялоо мүмкүнчүлүгү менен педагогикалык процесстердин моделдерин курууну болжойт.

Билим берүүчүлүк долбоорлоонун алкагында жалпы мамлекетте жана айрым аймактарда билим берүүнү өнүктүрүү долбоорлору түзүлөт. Билим берүү мекемелерин түзүү, билим берүү органдарын реформалоо долбоорлору ишке ашырылат, бардык деңгээлдеги билим берүү стандарттары жана билим берүүнүн мазмуну калыптандырылат [18].

Ошентип, долбоорлоонун объектиси жалпысынан билим берүүнүн максаттарынын жана ошол максаттарга жетишүүгө түрткү болуучу педагогикалык процесстин бардык факторлорунун тутумдарынын биримдиги катары педагогикалык тутум болуп саналат. Мында педагогикалык тутумдарды ар кандай деңгээлдерде кароого болот: билим берүү мекемесинин педагогикалык тутуму, ар бир конкреттүү мугалимдин, окутуучунун педагогикалык тутуму, өзүнчө окуу курсунун, предметтин, теманын, конкреттүү сабактын педагогикалык тутуму ж.б.у.с.

Окумуштуулардын жана изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча, билим берүү чөйрөсү ар кандай деңгээлдерде долбоорлоно алат. Алсак, И. А. Колесникова деңгээл деп долбоорлоо жол-жоболорунун жана натыйжасынын жалпылангандык (универсалдуулук) даражасын түшүнүп, төрт деңгээлди аныктайт: концепциялык, мазмундук, технологиялык жана процесстик.

Долбоорлоонун концепциялык деңгээли объектинин концепциясын түзүүгө же аны болжолдуу моделдик элестетүүгө багытталган (билим берүү стандартынын модели, программанын концепциясы, окуу планынын долбоорлу. Бул деңгээлде алынган өнүм универсалдуу

мүнөзгө ээ жана кийинки деңгээлдеги окшош өнүмдөрдү түзүү үчүн методологиялык негиз болуп кызмат кыла алат.

Долбоорлоонун мазмундук деңгээли аны мүмкүн болуучу колдонуунун диапазонуна жана кызматтык арналышына ылайык келген касиеттери бар өнүмдү түздөн-түз алууну болжойт (башталгыч билим берүүнүн стандарты, гимназиянын өнүктүрүү программасы, экономика жана финансы институтунун гуманитардык факультетинин окуу планы).

Долбоорлоонун технологиялык деңгээли берилген контексттеги иш-аракеттердин ыгына алгоритмдик сыпаттама берүүгө жол берет. Процесстик деңгээл долбоордук иш-аракеттерди чыныгы процесске алып келет, мында практикалык колдонууга даяр өнүм зарыл.

Белгиленген деңгээлдердин ар биринде долбоордук ишмердүүлүк же бүткүл объектиге же анын айрым түзүмдүк компоненттерине (алардын ортосундагы байланыштарга) жайыла алат. Деңгээлден деңгээлге өтүүгө жараша долбоорлоо объектилеринин жана долбоордук тапшырмалардын масштабы өзгөрөт, аларды чечүүгө, өнүмдү берүү формасына карата талаптардын конкреттүүлүк даражасы өсөт.

А. М. Новиков долбоордук ишмердүүлүктү үч фазада көрсөтөт: долбоорлоо фазасы, технологиялык фаза жана рефлексиялык фаза. Автор бардык үч фаза ар кандай практикалык кесиптик, анын ичинде педагогикалык ишмердүүлүктүн түшүнүктөрүндө жана түзүмүндө сыпаттала алат, анан да долбоорлук ишмердүүлүктүн натыйжасы инсаны кайталангыс конкреттүү педагогдун чыгармачылыгы жана өзүнчөлүгү, ошондой эле кайталангыс болгон шарттардын конкреттүү комплекси менен аныкталат деп эсептейт. Ушуга ылайык билим берүү чөйрөсүн түзүмдөөгө жана долбоорлоого карата ар кандай автордук мамилелерди көрсөтөбүз.

Билим берүү чөйрөсү адамдын жашоосунун жана өнүгүүсүнүн чөйрөсү катары, Е. А. Климовдун оюу боюнча, төрт бөлүктөн турган түзүмгө ээ: социалдык-байланыштык, маалыматтык, соматикалык жана предметтик.

Чөйрөнүн социалдык-байланыштык бөлүгү төмөнкүлөрдү камтыйт:

– айланадагылардын маданиятын, тажрыйбасын, жашоо мүнөзүн,

жүрүм-турумун, мамилелерин;

– адам өз ара аракеттешүүгө туура келген мекемелерди, уюмдарды, топторду;

– индивиддин «өз» тобундагы, фракциясындагы, жамаатындагы чыныгы ордун, ошол жамааттагы адамдын ар кандай кол салуулардан корголгондук деңгээлин.

Чөйрөнүн маалыматтык бөлүгү мамлекеттин мыйзамдарын, билим берүү мекемесинин уставдарын, ошол жамааттын ички тартип эрежелерин, салттарын, адамдарга карата мамиленин иш жүзүндө кабыл алынган ченемдерин, жекече жана коомдук коопсуздук эрежелерин, жарнамаларды, көрсөтмө куралдарды, ошондой эле даректүү таасир кылууларды (буйруктарды, кеңештерди, көрсөтмөлөрдү ж.б.у.с.) камтыйт.

Адамдын психикасына карата чөйрөнүн соматикалык бөлүгүн өзүмдүк денеси жана анын абалдары түзүшөт.

Чөйрөнүн предметтик бөлүгүнө жашоонун, окуунун, эмгектин, тиричиликтин материалдык шарттары жана физикалык-химиялык, биологиялык жана гигиеналык шарттары киришет.

Чөйрө жөнүндө башкача түзүмдүк-мазмундук элестетүүнү Г. А. Ковалевдин эмгектеринен табабыз. Ал «мектеп чөйрөсүн психологиялык талдоо аймагына» төмөнкүлөрдү киргизет: физикалык чөйрө, адамдык факторлор жана окутуунун программасы.

«Физикалык чөйрөнү» мектеп имаратынын архитектурасы, мектеп ичиндеги дизайн курулмаларынын ачыктык-жабыктык даражасы, мектеп имаратындагы класстык жана башка бөлмөлөрдүн өлчөмү жана мейкиндиктик түзүмү, зарыл болгон учурда аларды мейкиндиктик өзгөртүүнүн жеңилдиги, аларда субъектилердин мейкиндиктик кыймылдарынын мүмкүнчүлүгү жана кенендиги ж.б.у.с. түзүшөт.

«Адамдык факторлорго» окуу-тарбия процессинин субъектилеринин ортосундагы мейкиндиктик жана социалдык тыгыздык, жыштык даражасы жана анын окуучулардын социалдык жүрүм-турумуна, жекече өзгөчөлүктөрүнө жана жетишүүсүнө таасири, конкреттүү мектеп уюмунун шарттарына жараша жекече жана инсан аралык мейкиндиктин өзгөрүүсү, окуучулар менен мугалимдердин макамдарын жана ролдорун бөлүштүрүү, жыныстык-курактык жана улуттук өзгөчөлүктөрү ж.б.у.с. киришет.

Акырында, «окутуунун программасы» өзүнө ишмердүүлүктүк түзүм, окутуунун стили жана социалдык-психологиялык көзөмөлдүн мүнөзү, окутуунун биргелешкен же атаанчыл формалары, окутуунун программаларынын мазмуну (алардын салттуулугу, консерватизми же ийкемдүүлүгү) ж.б.у.с. камтыйт (В. А. Ясвин).

Билим берүү чөйрөсүн долбоорлоо долбоорлоонун мүнөзү менен объективдүү шарталган жана долбоорлоочунун ишмердүүлүгүн ченемдештирген төмөнкү принциптерди эске алуу менен мүмкүн болот. Аларды кененирээк карап чыгалы.

Прогноздуулук принциби объектинин келечектеги абалына багытталган долбоорлонун табиятынын өзү менен шартталган. Бул инновациялык үлгүлөрдү түзүү үчүн долбоорлоону колдонууда өзгөчө айкын көрүнөт. Бул мааниде долбоор келечекти кадам артынан кадам жүзөгө ашыруу катары аныктала алат.

Кадам артынан кадам принциби. Долбоордук ишмердүүлүктүн табияты долбоордук ойломдон максаттын элесин жана иш-аракеттердин элесин калыптандырууга, андан ишмердүүлүктүн программасына жана аны ишке ашырууга карай акырындык менен өтүүнү болжойт. Анан дагы ар бир кийинки иш-аракет мурункусунун натыйжаларына негизделет.

Ченемдештирүү принциби долбоорду түзүүнүн бардык этаптарын жөнгө салынган, жана биринчи кезекте ой жүгүртүү ишмердүүлүгүн уюштуруунун ар түрдүү формалары менен байланышкан жол-жоболордун алкагында өтүүнүн милдеттүүлүгүн талап кылат.

Кайтарым байланыш принциби ар бир долбоорлук жол-жобону жүзөгө ашыргандан кийин анын натыйжалуулугу жөнүндө маалыматты алуу жана иш-аракеттерди тиешелүү түрдө түзөтүү зарылдыгы жөнүндө эске салат.

Өндүрүмдүүлүк принциби долбоордук ишмердүүлүктүн прагматизмине жана анын колдонмо маанидеги натыйжаны алууга багытталуусунун милдеттүүлүгүнө басым жасайт.

Ошентип, билим берүү чөйрөсү түзүмдүк компоненттердин, өз ара тыгыз байланышкан жана өз ара бири-бирин шартташкан шарттардын, принциптердин диалектикалык биримдигин түзөт. Билим берүү чөйрөсүндө билим берүү процессинин субъектиси ошол чөйрөнүн ар

түрдүү элементтерин түзүлгөн социалдык мамилелердин контекстинде колдонуп, өзүнүн ишмердүүлүгүн жүзөгө ашырат.

**Кызыктуу маалымат**

Билим берүү чөйрөсүн берилген билим берүү технологиясын жана берилген билим берүү мекемесинин миссиясын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон билим берүү шарттарынын тутуму, окуу-тарбия процессинин субъектилеринин ортосундагы мейкиндиктик-предметтик шарттарды, инсан аралык (социалдык-психологиялык) өз ара мамилелер тутумун кошо, жана окуучуларды алардын курактык өнүгүү өзгөчөлүктөрүнө жана жекече кызыкчылыктарына ылайык социалдаштыруу үчүн зарыл болгон ишмердүүлүктүн ар түрдүү түрлөрүнүн мейкиндиги катары аныктоого болот.

**Кошумча маалымат**

Билим берүү чөйрөсү билим берүүнүн субъектилери орнотушкан билим берүү процессинин материалдык факторлорунун, инсанды калыптандыруу жана өнүктүрүү үчүн атайын уюштурулган психологиялык-педагогикалык шарттардын жыйындысын берет.

# II БАП. ЧӨЙРӨНҮН ПСИХОЛОГИЯЛЫК КООПСУЗДУГУ ЖАНА ЫҢГАЙЛУУЛУГУ

## 2.1. Чөйрөнүн психологиялык коопсуздугу жана ыңгайлуулугу илимий проблема катары

Кийинки жылдары адамдын жашоосунун социалдык-психологиялык чөйрөсүн изилдөөгө кызыгуу күчөдү, бирок, И. А. Баева белгилегендей, адамдын курчап турган турмуш чындыгы менен өз ара аракеттешүү проблемасы психологиялык изилдөөлөрдө узактан бери келаткан салтка ээ. Мындай изилдөөлөр кыйла кеңири антропологиялык мамиленин контекстинде турушат, ага ылайык адамдын жана дүйнөнүн биримдиги баса белгиленет (Б. Г. Ананьев, М. Н. Бахтин, Л. С. Выготский, В. П. Зинченко, Е. И. Исаев, А. А. Леонтьев, С. Л. Рубинштейн, В. И. Слободчиков ж.б.).

Буга карабастан, чөйрөнүн психологиялык коопсуздугу жана ыңгайлуулугу бүгүнкү күндө психологиялык-педагогикалык илимде аз изилденген проблема болуп саналат. Азыркы учурда чөйрөнүн психологиялык коопсуздугун жана ыңгайлуулугун түшүнүүнү аныктоодо изилдөөчүлөр кибернетикалык, философиялык, социологиялык, социалдык-психологиялык, укуктук жана башка мамилелерден башташат. Жалпысынан психологиялык коопсуздук жана ыңгайлуулук үч багыттын турумдарынан каралат:

1) өзгөчө кырдаалдардын, авариялардын, кырсыктардын социалдык, экономикалык, психологиялык кесепеттерин изилдөөчү илимдер;

2) саясий, экологиялык, инвестициялык, кредиттик, технологиялык жана башка тобокелдерди изилдөө;

3) коопсуздук маданиятын адамдардын кооптуу шарттарга дуушар болуу мүмкүнчүлүгүн азайтуучу ченемдердин, ишенимдердин, баалуулуктардын жана мамилелердин жыйындысы катары изилдөө.

Инсан суроо-талапка ээ болгон жана эркин кызмат кылган, ал эми анын катышуучулары негизги керектөөлөрүнүн корголгондугун жана канааттандырылгандыгын сезишкен билим берүү чөйрөсүн моделдөө жана долбоорлоо маселелеринин үстүнөн И. А. Баева, М. Р. Битьянова, Н. В. Груздева, Г. А. Мкртычан, В. И. Панов ж.б. иштешкен.

Билим берүү чөйрөсүнүн социалдык-психологиялык коопсуздугун изилдөө үчүн олуттуу кызыгууну К. А. Абулханова-Славскаянын,

А. Г. Асмоловдун, Р. Б. Гительмахердин, А. И. Донцовдун, А. Л. Журавлевдин, Н. Л. Иванованын, М. М. Кашаповдун, В. И. Назаровдун, Б. Д. Парыгиндин, В. В. Рубцовдун, А. Л. Свенцицкийдин, И. Р. Сушковдун, Н. П. Фетискиндин ж.б. эмгектери жаратышат.

Билим берүү чөйрөсү кооптуулуктарды, тобокелдерди жана коркунучтарды камтыйт. Ушул түшүнүктөрдү карап көрөлү.

Кооптуулук – залал келтирүүчү касиеттери бар объективдүү жана субъективдүү факторлордун барлыгы менен аныкталуучу зыян келтирүү ыктымалдыгы.

Тобокел – субъектинин өзүнүн ишмердүүлүгүнүн жагымсыз жана кааланбаган кесепеттеринин пайда болуу мүмкүнчүлүгү.

Коркунуч – ачык касташкан күчтөрдүн (жагдайлардын) максатка багытталган ишмердүүлүгүнөн түзүлгөн кооптуулуктун конкреттүү жана түздөн-түз формасы; инсандын, коомдун жана мамлекеттин турмуштук маанилүү кызыкчылыктарына кооптуулук түзгөн шарттардын жана факторлордун жыйындысы.

Коопсуздук – бул ансыз инсан да, коомдук уюм да, коом да, экономика да, мамлекет да ченемдүү өнүгө албаган ушундай бир кубулуш. Коопсуздук өзүнүн негизги мүнөздөмөлөрүнө ээ болот: ишенимдүүлүк, корголгондук, туруктуулук, каршылык кылуучулук, чыдамкайлык [5].

Психологияда психологиялык коопсуздук ар түрдүү деңгээлдерде каралат:

– коомдун деңгээлинде – улуттук коопсуздуктун мүнөздөмөсү катары, анын түзүмүндө социалдык коопсуздук бар, ал социалдык институттар тарабынан өлкөнүн бүткүл калкынын керектөөлөрүн, кызыкчылыктарын, максаттарын канааттандыруу, факт жүзүндө жашоонун сапатын камсыздоо боюнча өз кызматтарын аткаруусун билдирет;

– жергиликтүү жашоо чөйрөсүнүн деңгээлинде – бул үй-бүлө, жакынкы курчоо, референттик топтор, окуу топтору;

– инсандын деңгээлинде, анда психологиялык зомбулук жөнүндө түшүнүү жана элестетүү тууралуу айтууга мүмкүн болгондо жана конкреттүү жүрүм-турумдук актылар башканын коопсуздугун бузууга же өзүн кыйратууга түрткү болгондо өзүнүн корголгондугун-корголбогондугун баштан кечирүү аспектиси келип чыгат [12].

Билим берүү чөйрөсүнүн психологиялык коопсуздугуна жана ыңгайлуулугуна коркунучтар психологиялык зомбулук, билим берүү чөйрөсүнүн маанисиздиги, өз ара аракеттешүү процессине канааттанбагандык, билим берүү мекемесиндеги психологиялык жардам тутумунун өнүкпөгөндүгү, педагогдордун эмоциялык күйүп кетүүсү болуп саналат.

1. Өз ара аракеттешүү процессиндеги психологиялык зомбулук – бул адамга (социалдык-уюмдашкан) физикалык, психикалык, руханий таасир кылуу, ал анын адеп-ахлактык, психикалык (б.а. моралдык, коммуникациялык) жана турмуштук (анын ичинде укуктук, социалдык) макамын төмөндөтүп, ага физикалык, психикалык жана руханий азаптарды, ошондой эле ушундай таасир кылуу коркунучун келтирет.

Психологиялык зомбулуктун түрлөрү төмөнкүлөр болуп саналат:

– психологиялык таасир кылуулар (коркутуулар, кемсинтүүлөр, кордоолор, ашыкча талаптар, жүрүм-турумга жана толгонууга тыюу салуулар, терс баа берүүлөр, баланын негизги муктаждыктарга жана керектөөлөргө мерчемин бузуу);

– психологиялык майнаптар (өзүнө жана дүйнөгө болгон ишенимди жоготуу, тынчсыздануу, коогалуулук, уйкунун бузулушу, табиттин бузулушу, депрессия, агрессиялуулук, өзүн төмөн баалоо, соматикалык жана психосоматикалык оорулар);

– психологиялык өз ара аракеттешүү (үстөмдүүлүк, алдын ала айтылбагандык, ыраатсыздык, адекватсыздык, жоопкерчиликсиздик, ишенимсиздик, жардамсыздык).

2. Билим берүү мекемесинин билим берүү чөйрөсүнүн референттик маанисин таанибоо, анын натыйжасында окуучу билим берүү мекемесинин баалуулуктарын жана ченемдерин танат, андан кетүүгө умтулат.

3. Билим берүү чөйрөсүнүн бардык катышуучуларынын инсандык-ишеничтүү баарлашуусуна жана өз ара аракеттешүү процессинин негизги мүнөздөмөлөрүнө канааттангандыктын жоктугу эмоциялык ыңгайсыздыкты, өзүнүн көз карашы менен пикирин айтууну каалабоону, өзүнө сыйсыз мамиле кылууну, инсандык ар-намысын жоготууну, жардам үчүн кайрылууну каалабоону, аны курчаган балдар менен чоңдордун жекече проблемалары менен кыйынчылыктарын көзгө илбөөнү,

өтүнүчтөр менен сунуштарды көңүлгө албоону туудурат.

4. Билим берүү мекемесинде психологиялык жардам берүү тутумунун өнүкпөгөндүгү билим берүү процессинин субъектилерин психологиялык коштоонун майнапсыздыгына алып келет.

5. Билим берүү мекемесинин педагогдорунун эмоциялык күйүп кетүүсү, анын натыйжасында кесиптик деформациялар жана психикалык саламаттыкка коркунуч келип чыгышат.

Педагогдор туруктуу көңүл бурууну жана чыңалууну талап кылган ызы-чуулуу жагдайда иштешет, андагы бирден-бир туруктуу нерсе анын туруктуу өзгөрмөлүүлүгү болуп саналат. Алар узакка созулган эмоциялык жүктөн (стресстен) улам дайыма психикалык, эмоциялык жана физикалык жабыркоо коркунучун баштан кечиришет. Стрессти тынымсыз кошулуп турган талаптардын көптүгү чакырат. Ички жана тышкы талаптар дайыма ички жана тышкы ресурстардан үстөмдүк кылганда адамдын тең салмактуу абалы бузулат. Үзгүлтүксүз же өсүп отурган дтең салмактын бузулуусу сөзсүз түрдө “күйүп кетүүгө” алып келет. Күйүп кетүү – бул жөн эле стресстин натыйжасы эмес, ал башкарылгыс стресстин кесепети.

"Күйүп кетүү синдрому" – узакка созулган эмоциялык жүктөн (стресстен) улам эмоциялык, акыл-эстик жана физикалык жабыркоо катары аныкталган татаал психофизиологиялык кубулуш. Ал кесиптен көңүл калуу жана моралдык жактан бузулуу, бул кесипти таштап кетүүгө ынтаалуулуктун күчөшү, педагогдун психикалык жана физикалык саламаттыгынын начарлашы, никелердин туруктуулугунун төмөндөшү, психоактивдүү заттарды жана алкоголду колдонууга ынтаалуулуктун өнүгүшү түрүндө көрүнөт.

Эмоциялык күйүп кетүүнүн эң кеңири тараган себептери – жумуштун монотондуулугу, айрыкча анын мааниси күмөндүү көрүнсө; таануу, акы төлөө жана оң баа берүү жетишсиз болгондо ишке чоң инсандык ресурстарды сарптоо; жумуш убактысын катуу жөнгө салуу, өзгөчө аны аткаруу мөөнөттөрү реалдуу эмес болгондо; "мотивациясыз" окуучулар жана кесиптештер менен иштөө; кесиптик чөйрөдөгү чыңалгандык жана чыр-чатактар, кесиптештердин жетишсиз колдоосу жана алардын ашыкча сынга алуусу; эксперимент жана инновация кубатталбай, тескерисинче басылганда жумушта инсандын өзүн көрсөтүү үчүн

шарттардын жоктугу; андан ары окуу жана кесиптик өркүндөө мүмкүнчүлүгү жок иштөө; педагогдун чечилбеген жекече чыр-чатактары.

Бүгүнкү күндөгү социалдык-маданий кырдаал бизге инсандын калыптануусуна тышкы шарттардын терс таасиринин көптөгөн мисалдарын берет. Башкага карата зордук-зомбулук (физикалык жана моралдык) иш-аракеттеринин көрүнүштөрү азыркы дүйнөдө кеңири таралган. Физикалык зомбулук ачык эле айыптоонун предмети болуп саналат, анын үстүнө ага каршы туруунун каражаттарын активдүү издөө жүрүп жатат, ал эми психологиялык зомбулук коомдук пикирде да, илимий изилдөөлөрдө да талкуунун предметине гана айланып жатат.

Адамдын эркине каршы кысым, бир нерсени жасоого мажбурлоо аракети каршылыкты туудурат, ал ички же тышкы каршылык боло алат. Жалпы кабыл алынган ченемдер бузулганда, тартип бузуу, “баш ийбөө актысы” жасалганда тышкы каршылык болот. Байланыштардан качуу, өзүн өзү жемелөө, аутоагрессия бар болсо ички каршылык болот.

Зордук-зомбулукка кабылган чөйрө аны таштап кетүүнү, кыйратуучу таасирден арылууну каалону жаратып, натыйжада кароосуздукту – азыркы коомдун эң маанилүү социалдык проблемаларынын бирин туудурат.

## 2.2. Билим берүү чөйрөсүндөгү психологиялык коопсуздук

Түзүмүнө психологиялык коопсуздук да кирген социалдык коопсуздук – социалдык институттардын өлкөнүн бүткүл калкынын керектөөлөрүн, кызыкчылыктарын жана максаттарын канааттандыруу боюнча өз кызматтарын аткаруусун түшүндүрөт [6]. Социалдык институттардын арасында билим берүү мекемелери маанилүү орунду ээлешет.

Билим берүү чөйрөсү – социалдык-маданий чөйрөнүн бир бөлүгү жана изилдөөчүлөр тарабынан алар менен өз ара аракеттешүүнүн натыйжасында инсандын өнүгүүсү жана калыптануусу болуп өтүүчү атайын уюштурулган психологиялык-педагогикалык шарттардын комплекси катары аныкталат [14].

Адам белгилүү бир параметрлери бар чөйрөдө гана өнүгө алат да, эң маанилүүлөрдүн бири психологиялык коопсуздук болуп саналат. Ушуга байланыштуу билим берүү чөйрөсүнүн катышуучуларынын өз

ара аракеттешүүсүндө психологиялык зомбулуктан корголгондук проблемасы өзгөчө актуалдуулукка ээ болот. Заманбап билим берүү мекемеси окуучуларды окутуп-үйрөтүүчү жай гана болбостон, алардын толук кандуу чоңоюусунун мейкиндиги, ийгиликтүү, бактылуу жана ден соолугу чың адамдардын калыптануусунун азыктандыруучу чөйрөсү да болууга тийиш. Бул инсандын жана анын психологиялык дараметтеринин өнүгүү процесстерин колдоочу жана ал тургай демилгелөөчү билим берүү мекемесиндеги психикалык ыңгайлуулуктун жана жагымдуу социалдык-психологиялык климаттын шартында гана мүмкүн. Ал үчүн билим берүү мекемеси шартсыз психологиялык коопсуздуктун аймагы болуусу абзел.

Азыркы психологдордун жана физиологдордун эмгектеринде мектептин төмөнкү тобокел факторлору бөлүнүп көрсөтүлгөн:

– педагогикалык таасир кылуулардын стресстик тактикасы;

– методикалардын жана технологиялардын баланын курактык жана жекече мүмкүнчүлүктөрүнө шайкеш эместиги;

– билим берүү процессин, өзгөчө кыймыл, эс алуу, тамактануу шарттамдарын сарамжалсыз уюштуруу;

– педагогдордун психологиялык компетенттүүлүгүнүн жетишсиздиги жана башка көптөгөн нерселер [4; 5].

Билим берүү чөйрөсүнүн психологиялык коопсуздугуна коркунуч анын референттик маанисин таанбоо болуп саналат, анын натыйжасында окуучу билим берүү мекемесинин баалуулуктарын жана ченемдерин танып, андан кетүүгө умтулат. Билим берүү чөйрөсүнүн катышуучуларынын арасындагы инсандык-ишеничтүү баарлашууга канааттангандыктын жоктугу эмоциялык ыңгайсыздыкты, өз көз карашын жана пикирин билдирүүнү каалабоону; өзүнө карата сыйсыз мамилени, инсандык кадыр-баркын жоготууну, жардам суроону каалабоону, айланадагы балдардын жана чоңдордун жекече проблемаларын жана кыйынчылыктарын көзгө илбөөнү, өтүнүчтөргө жана сунуштарга көңүл бурбоону жаратат.

И. А. Баева, А. А. Климанова жана башкалар «чөйрөнүн психологиялык коопсуздугу» жана «инсандын психологиялык коопсуздугу» түшүнүктөрүн карашат.

Чөйрөнүн психологиялык коопсуздугу жана ыңгайлуулугу билим

берүү чөйрөсүнүн зордук-зомбулуктун көрүнүүлөрүнөн эркин, инсандык-ишеничтүү баарлашууга болгон керектөөлөрдү канааттандырууга түрткү болуучу, чөйрөнүн референттик маанисин түзүүчү жана ага кирген катышуучулардын психикалык саламаттыгын камсыздоочу абалын берет [5].


Инсандын психологиялык коопсуздугу – бул инсандын кыйратуучу тышкы жана ички таасир кылууларга каршылык кылуучулугунун белгилүү бир параметрлери бар чөйрөдө туруктуулукту сактоо жөндөмдүүлүгү жана конкреттүү турмуштук кырдаалда өзүнүн корголгондугун-корголбогондугун баштан кечирүүсүндө чагылтылат [4].

Инсан билим берүү чөйрөсүнүн психологиялык коопсуздугу шарттарында гана психикалык жактан дени сак боло алат.

Билим берүү процессинин психологиялык коопсуздугу – бул окуучунун кадыр-баркына, психикалык саламаттыгына, дүйнөнү оң кабыл алуусуна жана өзүнө болгон мамилесине карата коркунучтардан корголгондук абалы [5].

И. А. Баева психологиялык жактан коопсуз билим берүү чөйрөсүнүн 3-сүрөттө берилген түзүмдүк моделин сунуштайт.

**Билим берүү чөйрөсүнүн психологиялык коопсуздугу**




3-сүрөт. Психологиялык жактан коопсуз билим берүү чөйрөсүнүн технологиялык модели (И. А. Баева)

Билим берүү процессинин психологиялык коопсуздугу – бул окуучунун анын кадыр-баркына, психикалык саламаттыгына, дүйнөнү оң кабыл алуусуна жана өзүнө болгон мамилесине карата коркунучтардан корголгондук абалы.

Психологиялык жактан коопсуз билим берүү чөйрөсүнүн жалпы принциптери төмөнкүлөр болуп саналат:

– субъект-субъектилик мамилелерди калыптандыруу;

– биргелешкен ишмердүүлүк, баарлашуу жана өз ара түшүнүшүү, өз ара колдоо катары кызматташуу;

– мамилелердин субъективдүүлүгү жана диалогдошуусу, окуу процессинин катышуучуларынын ортосунда инсандык байланыштардын, чын ыкластуулук жана нукуралык мамилелердин калыптануусу;

– инсанга карата сыйлуу, жакшылык каалаган мамиле (И. А. Баева).

Барган сайын билим берүү чөйрөсүнүн психологиялык коопсуздугуна кам көрүү ар бир билим берүү мекемесинин жана педагогдун ишинин милдеттүү максаттык багытына, алардын билим берүүнүн заманбап сапатына жетишүүсүнүн көрсөткүчүнө айланууда.

И. В. Бобрышева билим берүү тутумунда психологиялык коопсуздукту түзүү боюнча ишти бала уюшулган билим берүү чөйрөсүнө, б.а. мектепке чейинки билим берүү мекемесине кирген учурдан тартып баштоо керектигин көрсөтөт. Ал билим берүү чөйрөсүндө психологиялык зомбулукту азайтуу көз карандылыктын (биринчи кезекте баңгизатка) алдын алууга карата мамилелердин бири болуп саналарын белгилейт [6].

## 2.3. Психологиялык жактан коопсуз билим берүү чөйрөсүн уюштуруунун шарттары

Психологияда коопсуздук категориясы XX кылымдын ортосунан бери, баарынан мурда гуманисттик багыттагы психологдор А. Маслоунун, Э. Фроммдун, К. Хорнинин ж.б эмгектеринде активдүү изилденип келатат. Орус психологиясында психологиялык коопсуздук түшүнүгү 70-жж. аягы – 80-жж. башында өнөр жайлык социалдык психологиянын интенсивдүү өнүгүшүнө байланыштуу изилдене баштайт. Заманбап би-

лим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун камсыздоо маселеси И. А. Баеванын, Е. В. Бурмистрованын, В. В. Ковровдун жана башка изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде чагылуу табат.

Коопсуздук проблемасы боюнча булактар муну түрдүүчө чечмелейт. Кээ бирлеринде коопсуздук – бул кандайдыр бир тутумдун өзүн сактоо мүмкүнчүлүгүн жана жөндөмдүүлүгүн аныктоочу сапаты. Башкаларында бул туруктуу өнүгүүнү, ички жана тышкы коркунучтардан коргоону камсыздаган кепилдиктер тутуму. Көпчүлүк аныктамалар коопсуздук тутумду сактоого, анын ченемдүү иштөөсүн камсыздоого багытталганын тастыкташат. Башка адамдар тарабынан аң-сезимге таасир кылуудаг коргоо катары психологиялык коопсуздук эки негизги стратегия менен камсыздала алат:

1) дени сак автономияны тарбиялоо аркылуу башка адамдардан көз карандылыктын-көз карандысыздыктын оптималдуу карым-катнашы;

2) маанилүү жана стандартсыз кырдаалдарда өзүнүн стереотиптик реакцияларынын башкарылуучулугу.

В. В. Ковровдун илимий изилдөөлөрү мекеменин билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун камсыздоонун принциптери төмөнкүлөр боло аларын көрсөтүшөт:

– өнүктүрүүчү билим берүүгө жана тарбиялоого таянуу принциби;

– инсанды психологиялык жактан коргоо принциби;

– социалдык-психологиялык билгичтикти калыптандырууга жардамдашуу принциби.

Изилдөөлөрдүн натыйжаларын жалпылап, коопсуз билим берүү чөйрөсүн уюштуруунун төмөнкү шарттарын бөлүп көрсөтүүгө болот:

– ар бир катышуучунун коопсуз билим берүү чөйрөсүн түзүүгө, билим берүү процессинин катышуучуларынын өздөрүнүн мамилелерин гумандаштырууга максатка багытталган кесиптик таасир кылуусу;

– окуучуга жашоо ишмердүүлүгүнүн актуалдуу милдеттерин чечүүдө, ошондой эле билим берүү мекемесинин шарттарында социалдашууга дарнектүү жардам кылуу (кыйынчылыктар, инсандык жана инсан аралык проблемалар, социалдык-эмоциялык мүнөздөгү проблемалар, ишмердүүлүктүн түрлөрүн тандоодогу проблемалар ж.б.у.с.);

– окуучунун окуу күнү ичиндеги өнүгүүсүнүн курч, кыйратуучу

проблемаларынын келип чыгуусунун активдүү алдын алуу;

– стресстик кырдаал шарттарында иштөөнүн адекваттуу усулдарын жана технологиялаын майнаптуу колдонуу;

– педагогдордун, психологдордун, башкаруучулардын, ата-энелердин, ошондой эле окуучулардын өздөрүнүн психологиялык-педагогикалык компетенттүүлүк деңгээлин, анын ичинде алардын стресстик кырдаал шарттарында жекече жана топтук иштөө технологияларын өздөштүрүүсүн жогорулатуу.

Коопсуз билим берүү чөйрөсүн уюштуруунун негизги милдеттери:

– мектептин шарттарында стресстердин келип чыгуусун жана таасир кылуусун аныктоочу факторлорду айкындоо (талдоо бир катар билим берүү мекемелерининин базасында ар бир катышуучунун – мугалимдин, кошумча билим берүүнүн педагогунун, психологдун, администратордун, ата-эненин билим берүү мекемесине таандык мүмкүн болуучу тобокелдерди кийинки баалоосу менен максатка багытталган изилдөөнү талап кылат);

– педагогдордун, психологдордун, ата-энелердин билим берүү чөйрөсүнө карата азыркы баланы социалдаштыруу, окутуу жана өнүктүрүү үчүн ыңгайлуу, жагымдуу чөйрө катары макулдашылган көз караштары жана идеялары тутумун иштетүү;

– окуучуларды окутууга, тарбиялоого, өнүктүрүүгө жооптуу бардык катышуучуларга тиешелүү билим берүү чөйрөсүнүн ушундай тибин уюштуруунун шарттарын жана аны майнаптуу уюштурууга карата талаптарды, анын ичинде педагогикалык кырдаалдын ар бир катышуучусу үчүн милдеттердин жана иш-аракеттердин тутумун негиздөө;

– педагогдордун, психологдордун, башкаруучулардын, ата-энелердин, балдардын стресстердин келип чыгуу шарттарында, ошондой эле билим берүү мекемесиндеги окуу-тарбия процессинин жүрүшүндө алардын алдын алуу максатында иштөөсү үчүн усулдардын жана технологиялардын комплексин негиздөө;

– билим берүү кырдаалынын ар бир катышуучусу колдонсун үчүн көнүгүүлөрдүн жана сабактардын минималдуу жана жеткиликтүү комплексин түзүү;

– педагогдор, психологдор, башкаруучулар, ата-энелер үчүн билим берүү мекемесинде ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн уюштуруу боюнча конкреттүү сунуштарды иштеп чыгуу [3; 7; 19].

Психологиялык жактан коопсуз билим берүү чөйрөсү – комплекстүү, тутумдуу, узак мөөнөттүү атайын уюштурулган психологиялык-педагогикалык процесстин натыйжасы, анын натыйжасы төмөнкүлөрдүн барлыгы (түзүлүшү) менен аныкталат:

– мектептин гуманисттик билим берүү тутумунун;

– мектепти курчаган чөйрөдөгү бирдиктүү билим берүү жана тарбиялоо мейкиндигинин;

– баланын өзүнүн билим берүү процессине субъектилик турумда кошулгандыгынын;

– бала үчүн маанилүү, анын инсан аралык баарлашууга болгон керектөөлөрүн канааттандырууну камсыздаган, ишмердүүлүктү уюштуруунун жамааттык мүнөзү, талаптуулукка жана бири-бирин урматтоого негизделген мамилелердин барлыгы менен мүнөздөлгөн жамааттардын барлыгынын.

Психологиялык жактан коопсуз жана ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн уюштуруу процесси төмөнкүдөй милдеттерди астыга коёт:

– билим берүү мекемесинин шарттарында стресстердин келип чыгуусун жана таасир кылуусун аныктоочу факторлорду айкындоо (талдоо бир катар билим берүү мекемелеринин базасында ар бир катышуучунун – мугалимдин, кошумча билим берүүнүн педагогунун, психологдун, администратордун, ата-эненин билим берүү мекемесине таандык мүмкүн болуучу тобокелдерди кийинки баалоосу менен максатка багытталган изилдөөнү талап кылат);

– педагогдордун, психологдордун, ата-энелердин билим берүү чөйрөсүнө карата азыркы баланы социалдаштыруу, окутуу жана өнүктүрүү үчүн ыңгайлуу, жагымдуу чөйрө катары макулдашылган көз караштары жана идеялары тутумун иштетүү;

– окуучуларды окутууга, тарбиялоого, өнүктүрүүгө жооптуу бардык катышуучуларга тиешелүү билим берүү чөйрөсүнүн ушундай тибин уюштуруунун шарттарын жана аны майнаптуу уюштурууга карата талаптарды, анын ичинде педагогикалык кырдаалдын ар бир катышуучусу үчүн милдеттердин жана иш-аракеттердин тутумун негиздөө;

– педагогдордун, психологдордун, башкаруучулардын, ата-энелердин, балдардын стресстердин келип чыгуу шарттарында, ошондой эле билим берүү мекемесиндеги окуу-тарбия процессинин жүрүшүндө алардын алдын алуу максатында иштөөсү үчүн усулдардын жана технологиялардын комплексин негиздөө;

– билим берүү кырдаалынын ар бир катышуучусу колдонсун үчүн көнүгүүлөрдүн жана сабактардын минималдуу жана жеткиликтүү комплексин түзүү;

– педагогдор, психологдор, башкаруучулар, ата-энелер үчүн билим берүү мекемесинде ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн уюштуруу боюнча конкреттүү сунуштарды иштеп чыгуу.

## 2.4. Билим берүү мекемесинде психологиялык жактан коопсуз жана ыңгайлуу чөйрөнү камсыздоо

Билим берүү тутумундагы социалдык-психологиялык практиканын милдети коомду жаңы проблемалардан коргоо болуп саналат, ал эми андан психологиялык жактан коопсуз жана ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн түзүү боюнча иштин эң маанилүү багыттары агып чыгышат.

І. Психологиялык алдын алуу – окуу-тарбия процессинин бардык катышуучуларынын инсанын ар тараптуу өнүктүрүүгө көмөктөшүү, өз ара аракеттешүү процессинде мүмкүн болуучу инсандык деформацияларды болтурбоо, психологиялык зомбулуктун кыйратуучу таасирин аңдап-түшүнүүгө жардам берүү. Психопрофилактикалык ишти жүзөгө ашыруунун натыйжасында окуу-тарбия процессинин катышуучуларынын социалдык-психологиялык компетенттүүлүгү жогорулап, алардын коопсуз өз ара аракеттешүүсүнүн эрежелери иштелип чыгат [5; 19].

Бул багыттын милдеттери педагогдордо жана балдарда психологиялык билимдерге болгон керектөөнү, аларды бала менен иштөөдө же өзүн өнүктүрүү кызыкчылыктарында колдонууну каалоону калыптандыруу, ар бир курактык этапта баланы толук баалуу психикалык өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү, инсандын жана интеллекттин калыптануусундагы мүмкүн болуучу бузулуулардын өз убагында алдын алуу зарылдыгы менен аныкталышат. Психопрофилактикалык иш көбүнчө педагогикалык жамааттын мүчөлөрү, ата-энелер жана баланын, өспүрүм-

дүн инсанын калыптандырууга таасир кылган башка чоңдор менен жүргүзүлөт.

Алдын алуу төмөнкү принциптерди ишке ашырууну болжойт:

– комплекстүүлүк;

– даректүүлүк;

– массалуулук;

– маалыматтын оңдугу;

– терс кесепеттерди минималдаштыруу;

– катышуучулардын жекече кызыкдарлыгы жана жоопкерчилиги;

– инсандын максималдуу активдүүлүгү;

– келечекке умтулгандык [13].

Психологиялык-педагогикалык алдын алуу ишинин ар кандай формалары бар.

1. Социалдык чөйрөнү уюштуруу психологиялык жактан коопсуз жана ыңгайлуу чөйрөнү түзүү үчүн социалдык факторлорго таасир этүүнү болжойт. Бул таасир жалпы коомго (билим берүү мекемелерине жана аларда болуп жаткан процесстерге карата коомдук пикирди түзүү), конкреттүү социалдык топко (үй-бүлө, мектеп, класс) же конкреттүү инсанга багытталган боло алат. Социалдык чөйрөнү уюштуруу билим берүү мекемелеринин коопсуз жана ыңгайлуу чөйрөсүн түзүүгө адамдарды тартууну болжогон социалдык жарнаманы түзүүнү, субкультура менен иштөөнү, ыктыярдуулар кыймылын камтый алат.

2. Психологиялык коопсуз жана ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүнүн маңызы жана анын соматикалык жана психологиялык ден соолукка тийгизген таасиринин бөтөнчөлүгү жөнүндө маалымдоо. Маалымдоо лекциялар, маектешүүлөр, атайын адабияттарды, фильмдерди таратуу түрүндө жүзөгө ашырылат. «Мамиленин маңызы инсандын конструктивдүү чечимдерди кабыл алуу жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу максатында анын когнитивдик процесстерине таасир этүү аракетинде жатат» [13]. Маалымат билим берүү мекемесиндеги ар кандай коркунучтардын кесепеттерин талкуулоого гана эмес, эң негизгиси, билим берүү процессинин катышуучуларында коопсуз билим берүү чөйрөсүнө карата активдүү инсандык турумду калыптандырууга багытталууга тийиш. Маалымат жаш курактык, гендерлик жана башка өзгөчөлүктөргө ылайык маалымат өз убагында берилгени маанилүү. Маалымдоо педагогдор

жана ата-энелер менен кыйла майнаптуу иштөө болуп саналат.

3. Көбүнчө топтук иш формасында ишке ашырылуучу социалдык маанилүү көндүмдөргө активдүү социалдык окутуу. Активдүү социалдык окутуу, адамдардын баарлашуусун аныктоочу жана коштоочу психикалык кубулуштарга кызыгууну ойготуп, руханий турмуштун идеалдуу моделдерин – психикалык ишмердүүлүктүн өзүнчөлүктүү маданиятын аң-сезимдүү калыптандырууга түрткү болот. Социалдык маанилүү көндүмдөргө активдүү социалдык окутуу психологиялык коопсуз чөйрөнү түзүүдө жардамдын өз алдынча түрү катары да каралат.

4. Сергек жашоо мүнөзүн уюштуруу ден соолук, курчап турган дүйнө жана өз организми менен гармония үчүн жеке жоопкерчилик жөнүндө элестетүүлөрдөн келип чыгат. Адамдын оптималдуу абалга жетүү жана чөйрөнүн жагымсыз факторлоруна ийгиликтүү каршы туруу билгичтиги өзгөчө баалуу деп эсептелет. Сергек жашоо мүнөзү туура тамактанууну, үзгүлтүксүз физикалык көнүгүүнү, эмгек жана эс алуу шарттамын сактоону, жаратылыш менен баарлашууну, ашыкча нерселерди жокко чыгарууну болжойт. Мындай стиль экологиялык ой жүгүртүүгө негизделген жана коомдун өнүгүү деңгээлинен олуттуу көз каранды.

5. Инсандык ресурстарды активдештирүү. Мындай ресурстар катары спорт менен активдүү машыгуу, чыгармачылыкта өзүн көрсөтүү, баарлашуу жана инсандык өсүү топторуна катышуу ж.б. чыга алышат.

6. Билим берүү чөйрөсүндөгү коркунучтардын терс кесепеттерин минималдаштыруу бул кесепеттер мурда эле болгон учурларда колдонулат жана рецидивдердин же алардын терс кесепеттеринин алдын алууга багытталган. Мунун мисалдары педагогдордун, ата-энелердин же балдардын зарыл маалыматты алуусу, аларга өз убагында психологиялык, социалдык, медициналык жана башка жардамдарды көрсөтүүсү боло алат [13].

Жалпысынан психологиялык жактан коопсуз жана ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн психологиялык-педагогикалык алдын алуунун зарылдыгы жана натыйжалуулугу шексиз. Бирок ал экологиялуу болууга, катышуучулардын кызыкчылыктарын эске алууга, инсандык ресурстарды активдештирүүгө, тутумдуу жана ырааттуу болууга тийиш. Ал-

дын алуу иши топтук жана жекече формада жүргүзүлө, ар кандай курактык категориялар жана социалдык топтор менен иштөөдө колдонула алат. Аны ишке ашыруу үчүн көбүнчө социалдык-психологиялык окутуунун активдүү усулдары: дискуссиялар, тренингдер, ролдук оюндар, майнаптуу социалдык жүрүм-турумду моделдөө, психотерапиялык усулдар колдонулат. Колдонулган усулдарга жараша иш массалык акциялар, тренингдер, билим берүү программалары, психологиялык кеңеш берүүлөр, кризистик жардам жана психотерапия түрүндө жүзөгө ашырыла алат.

II. Психологиялык кеңеш берүү – окуу-тарбия процессинин катышуучуларына өзүн таанууга, өзүнө оң мамиле жасоого, оор турмуштук шарттарга ыңгайлашууга, эмоциялык ыңгайлуулукка жетишүүгө, конструктивдүү инсан аралык мамилелерди түзүүгө жардам көрсөтүү [5].

Психологиялык кеңеш берүү кардарга психологиялык жардам көрсөтүүгө багытталган социалдык жана инсан аралык таасир кылуунун өзгөчө түрү катары каралат, мында атайын окутулган, компетенттүү жана тийиштүү социалдык ыйгарым укуктарга ээ кылынган кеңешчи кардарга анын психологиялык мүнөздөгү проблемаларын жана кыйынчылыктарын чечүүгө жардам берет. Кеңеш берүүнүн максаты – кардарларга алардын жашоо мейкиндигинде болуп жатканды түшүнүүгө жана эмоциялык, инсан аралык мүнөздөгү проблемаларды чечүүдө аң-сезимдүү тандоонун негизинде коюлган максатка маңыздуу жетүүгө жардам берүү [8]. Келген кардарлардын саны психотерапиянын жана психологиялык кеңеш берүүнүн жекече жана топтук формаларын аныктоого жол берет.

Жекече форманын артыкчылыктары – проблеманын үстүндө иштөөнүн интенсивдүүлүгү, кыйла тез илгерилөө мүмкүндүгү, кардардын жекече өзгөчөлүктөрүн кыйла кылдат эске алуу, кардардын көбүрөөк ачыктыгы. Топтук форманы төмөнкүдөй артыкчылыктары айырмалашат: кайтарым байланыш алуу мүмкүнчүлүгү; кардарлардын ушул сыяктуу проблемалары бар топтун башка катышуучулары тарабынан эмоциялык колдоону алуусу; тең укуктуу өнөктөштөр менен баарлашуу жана өз ара аракеттешүү аркылуу билгичтиктерге жана көндүмдөрдү жана көндүмдөргө ээ болуу; экономикалык пайда. Иштин формасын

тандоо кардардын каалоосу, анын жекече өзгөчөлүктөрү, иштелип жаткан проблемалардын мүнөзү, иштин усулун тандоо ж.б. менен шартталат.

Адис менен кардардын ортосундагы баарлашуунун мүнөзү психологиялык кеңеш берүүнүн бетме-бет (кардар менен түздөн-түз байланыш) жана сырттан же аралыктан кеңеш берүү (ишеним телефону, электрондук почта) сыяктуу формаларын бөлүп көрсөтүүгө жол берет.

III. Психологиялык түзөтүү – инсандык жана кесиптик өнүгүүдөгү четтөөлөрдү жоюуга, психикалык ден соолукту гармониялаштырууга жана деформацияларды четтетүүгө багытталган активдүү психологиялык-педагогикалык таасир көрсөтүү [5].

Психологиялык-педагогикалык түзөтүү – бул педагогдун, психологдун жана ата-энелердин жаш курактык, социалдык-маданий жана жекече өнүгүү ченемдерин билүүгө таянган психикалык өнүгүүнүн бузулууларын оңдоо максатындагы психологиялык таасир кылуулар тутумуна негизделген биргелешкен кесиптик ишмердүүлүгүнүн формасы [20].

Түзөтүүчү чараларды ар түрдүү негиздер боюнча классификациялоого болот.

1. Багытталгандык мүнөзү боюнча:

– симптоматикалык түзөтүү – өнүгүүдөгү четтөөлөрдүн курч симптомдорун жоюу максатындагы кыска мөөнөттүү таасир кылуу;

– каузалдык (себептик) түзөтүү – четтөөлөрдүн булактарына жана себептерине багытталган.

2. Мазмуну боюнча таанымдык чөйрөнү, инсанды, аффективдүүэрктик чөйрөнү, жүрүм-турумду, инсан аралык мамилелерди, топ ичиндеги өз ара мамилелерди, балдар-ата-энелер мамилелерин түзөтүүнү айырмалашат.

3. Кардар менен иштөө формасы боюнча:

– жекече;

– топтук;

– аралаш жекече-топтук форма.

4. Программанын барлыгы боюнча:

– программаланган;

– импровизацияланган.

5. Түзөтүүчү таасир кылууларды башкаруунун мүнөзү боюнча:

– директивалык;

– директивалык эмес.

6. Узактыгы боюнча:

– ашкере кыска (ашкере тез) – мүнөттөргө же сааттарга созулат жана актуалдуу бөлүнүп коюлган проблемала менен чыр-чатактарды чечүүгө багытталган;

– кыска (тез) – бир нече сааттарга жана күндөргө созулат.

Актуалдуу проблеманы чечүү үчүн колдонулат;

– узак – айларга созулат, көңүлдүн чордонунда проблемалардын инсандык мазмуну болот;

– ашкере узак – жылдар бою созула алат жана аң-сезимдүү менен аң-сезимсиздин чөйрөлөрүн козгойт.

7. Чечилип жаткан милдеттердин масштабы боюнча:

– жалпы;

– жеке;

– атайын [20].

Психологиялык жактан коопсуз жана ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн түзүү процессинде психологиялык-педагогикалык түзөтүү усулун колдонуу оң жүрүм-турумдук өзгөрүүлөргө жетишүүгө багытталган жана төмөнкүлөрдү болжойт:

– инсандын конструктивдүү мотивациясын калыптандырууну;

– жекече тажрыйбаны интеграциялоону;

– өзүн жөнгө салууну өркүндөтүүнү;

– стресске туруктуулукту жогорулатууну жана инсандын ресурстарын кеңейтүүнү;

– инсандын социалдык байланыштарын жана оң социалдык тажрыйбасын кеңейтүүнү;

– социалдык ыңгайлашуунун деңгээлин жогорулатууну;

– жүрүм-турумдук репертуарлардагы таңсыктыкты жоюуну;

– адекватсыз жүрүм-турумду алсыздандырууну же жок кылууну;

– эмоциялык жана физикалык чыңалууну жоюуну (жеңилденүүнү) [8].

Психологиялык-педагогикалык түзөтүүнү жүзөгө ашырууда пси-

хологиялык таасир кылуунун стратегиясын жана тактикасын, усулдарын жана каражаттарын аныктоочу түзөтүүчү программаларды түзүүнүн бир катар принциптерин эске алуу керек.

1. Түзөтүүчү, алдын алуучу жана өнүктүрүүчү милдеттердин тутумдуулугу принциби. Психологиялык таасир кылуунун программасы четтөөлөрдү түзөтүүгө, алардын алдын алууга гана эмес, ошондой эле инсандын гармониялуу өнүгүүсүнүн дараметтүү мүмкүнчүлүктөрүн толук ишке ашыруу үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө да багытталууга тийиш.

2. Түзөтүүнүн жана диагностиканын бирдиктүүлүгү принциби психологиялык жардам көрсөтүү процессинин бүтүндүгүн чагылдырат.

3. Каузалдык (себептик) типтеги түзөтүүнүн артыкчылыктуулугу принциби, түзөтүүчү иш-чараларды жүргүзүүнүн артыкчылыктуу максаты өнүгүүдөгү кыйынчылыктардын жана бузулуулардын себептерин жоюу болуп калуусу абзел дегенди билдирет.

4. Курактык-психологиялык жана жекече өзгөчөлүктөрдү эске алуу принциби кардардын психикалык жана инсандык өнүгүүсүнүн жүрүшүнүн ченемдик өнүгүүгө шайкештигине жана инсандын өнүгүүсүнүн конкреттүү жолунун кайталангыстыгын таанууга карата талаптарды макулдаштырат.

5. Психологиялык таасир кылуу усулдарынын комплекстүүлүгү принциби практикалык психологиянын арсеналындагы усулдардын, техникалардын жана ыкмалардын бардык көп түрдүүлүгүн колдонуу зарылдыгын ырастайт.

6. Жакынкы социалдык курчоону түзөтүү программасына катышууга активдүү тартуу принциби. Адамдын жакындары менен мамилелери тутуму, алардын инсан аралык мамилелеринин жана баарлашуусунун өзгөчөлүктөрү, биргелешкен ишмердүүлүгүнүн формалары, аны жүзөгө ашыруу ыктары өнүгүү социалдык кырдаалынын эң маанилүү компонентин түзүшөт, анын жакынкы өнүгүү чөлкөмүн аныкташат.

7. Психикалык процесстерди уюштуруунун ар түрдүү деңгээлдерине таянуу принциби. Өнүгүү гетерохрондуу болгондуктан, түзөтүү программаларын түзүүдө кыйла өнүккөн психикалык процесстерге таянуу жана аларды активдештирүүчү усулдарды колдонуу зарыл.

8. Программаланган окутуу принциби. Аларды адегенде психолог

менен, андан соң өз алдынча аткаруу зарыл билгичтиктерди жана иш-аракеттерди калыптандырууга алып келген бир катар удаалаш операциялардан турган программалар көбүрөөк майнаптуу иштешет.

9. Татаалдаштыруу принциби. Конкреттүү адам үчүн оорчулуктун максималдуу деңгээлинде жүзөгө ашырылуучу түзөтүү көбүрөөк майнаптуу. Бул түзөтүү ишине болгон кызыгууну колдоого жол берет жана кардарга жеңүү кубанычын сезүү мүмкүндүгүн тартуулайт.

10. Материалдын көлөмүн жана ар түрдүүлүк даражасын эске алуу. Тигил же бул билгичтик салыштырмалуу калыптандырылгандан кийин гана жаңы материалга же анын көлөмүн көбөйтүүгө өтүү зарыл. Материалдын көлөмүн жана анын ар түрдүүлүгүн акырындык менен көбөйтүү керек.

11. Материалдын эмоциялык татаалдыгын эске алуу. Өткөрүлгөн оюндар, сабактар, көнүгүүлөр, берилген материал жагымдуу эмоциялык фон түзүүгө, оң эмоцияларга түрткү берүүгө тийиш. Түзөтүүчү сабак сөзсүз түрдө оң эмоциялык фон менен аяктоосу кажет [20].

IV. Психологиялык реабилитация – психологиялык жаракаттандыруучу жагдайларды баштан кечиргенде инсандык ыңгайлаштыруучу механизмдерди мобилизациялоочу билим берүү процессинин катышуучуларына таасир кылуу [4; 18].

Психологиялык реабилитация психологиялык жардамдын милдеттеринин кеңири чөйрөсүн, баарынан мурда төмөнкүлөрдү чечүүгө чакырылган:

– психикалык абалды ченемдештирүү;

– бузулган психикалык кызматтарды калыбына келтирүү;

– Мен-элести түзүлгөн социалдык-инсандык кырдаалга гармониялаштыруу;

– референттик инсандар жана топтор менен конструктивдүү мамилелерди түзүүгө жардам көрсөтүү.

V. Социалдык-психологиялык окутуу – психологиялык зомбулуктун көрүнүштөрүнөн эркин, социалдык-психологиялык билгичтикти түзүүчү, өнүктүрүүчү тарбиялоо жана инсандын корголгондугу принцибин ишке ашыруучу, курактык, турмуштук жана кесиптик проблемаларды чечүүдө колдоону камсыздоочу өз ара аракеттешүүнүн майнап-

туу ыктары менен ыкмаларын өздөштүрүүгө жардам берүүгө багытталган активдүү топтук таасир кылуу [5].

Социалдык-психологиялык окутуу окуучулардын ич ара милдеттүү түрдө өз ара аракеттешүүсү менен айырмаланат, б.а. топтун өзү (жетекчисин кошо) социалдык-психологиялык кубулуштарды изилдөө үчүн модель жана ишмердүүлүктүн тигил же бул түрүндө маанилүү болгон көндүмдөрдүн практикалык лабораториясы болуп калат. Активдүү топтук усул – коюлган окуу-таанымдык, чыгармачылык же психотүзөтүүчүлүк милдеттердин мазмунуна карабастан, окуу же башка максаттуу топтогу коммуникациялык процесстерди мерчемделген активдештирүү ыгы [8].

Активдүү социалдык окутуу, адамдардын баарлашуусун аныктоочу жана коштоочу психикалык кубулуштарга кызыгууну ойготуп, руханий турмуштун идеалдуу моделдерин – психикалык ишмердүүлүктүн өзүнчөлүктүү маданиятын аң-сезимдүү калыптандырууга түрткү болот.

Көбүнчө активдүү социалдык окутуу ар кандай максаттарга (терс социалдык таасирге туруктуулук, ассерсивдүүлүк тренинги, турмуштук көндүмдөрдү калыптандыруу ж.б.) жетишүүгө багытталган социалдык-психологиялык тренинг түрүндө жүзөгө ашырылат. Тренинг адамдын кесиптик жана инсандык болмушун гармониялаштыруу максатында адамдын, топтун жана уюмдун психологиялык кубулуштарын атайылап өзгөртүүнүн көп кызматтуу усулу катары аныкталат [20]. Л. А. Петровская социалдык-психологиялык тренингди «инсан аралык баарлашуу жаатындагы билимдерди, социалдык орнотмолорду, билгичтиктерди жана тажрыйбаны өнүктүрүүгө багытталган таасир кылуунун каражаты катары», «баарлашуудагы компетенттүүлүктү өнүктүрүү каражаты», «психологиялык таасир кылуу каражаты» карайт.

Турмуштук маанилүү көндүмдөргө үйрөтүү максатында социалдык-психологиялык тренингди колдонуу төмөнкүдөй артыкчылыктарды берет:

– топ коомдун мини-модели катары каралат, анткени топто индивид чыныгы жашоодогудай эле бардык ошол мамилелерди, орнотмолорду, баалуулуктарды, эмоциялык жооп кайтаруунун ошол эле ыктарын жана ошол эле жүрүм-турумдук реакцияларды көрсөткөн кырдаал

түзүлөт;

– топ инсандын жүрүм-турумуна карата кайтарым байланышты да берет, жана ошол кайтарым байланыштын негизинде ал өзүнүн жүрүм-турумдук орнотмолорун баамдай жана зарылдыгы болсо аларды кыйла жемиштүүлөрүнө өзгөртө алат;

– топтун өнүгүшүнө жана өзгөрүшүнө жараша анда болуп өткөн жана топтун бардык катышуучуларына белгилүү бир таасир көрсөткөн социалдык-психологиялык процесстердин жана кубулуштардын мүнөздөмөсү катары түшүнүлүүчү топтук динамиканын барлыгы;

– топтун окшош проблемалары бар башка мүчөлөрү тарабынан эмоциялык колдоону алуу мүмкүнчүлүгү;

– коомдун мини-моделин курууга жана катышуучуларды которууларды жана көчүрүүлөрдү жүзөгө ашырууга жол берүүчү топтун катышуучуларынын ролдук стереотиптери; ролдук стереотиптерди талдоо катышуучуларга чөйрөдө өз ара аракеттенүүшүн жана ыңгайлашуунун жемишсиз ыктарын аңдап-түшүнүүгө жана түзөтүүгө жардамдаша алат;

– айланадагылар менен өз ара аракеттешүүнүн жаңы билгичтиктерине, көндүмдөрүнө, ошондой эле кыйла жемиштүү жана ыңгайлуу ыктарына, келип чыккан карама-каршылыктар менен проблемаларды башка тең укуктуу өнөктөштөр-топтун мүчөлөрү менен баарлашуу жана өз ара аракеттешүү аркылуу чечүүнүн ыктарына үйрөнүү жана ээ болуу мүмкүнчүлүгү;

– экономикалык пайда, анткени катышуучунун топтогу иши жекече терапияга же кеңеш берүүгө караганда арзаныраак турат [8].

Психологиялык жактан коопсуз жана ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн уюштуруу боюнча иштин алкагында психологиялык кызматтын кызматкерлери, эреже катары, төмөнкү иш-чараларды жүзөгө ашырышат:

1) балдарды бала бакчага ыңгайлаштыруу боюнча ишти жүргүзүшөт; ата-энелерге жана тарбиячыларга балдарга ыңгайлашуу мезгилинде жардам көрсөтүү боюнча сунуштарды беришет;

2) улуу топтон даярдоо тобуна өтүүдө (5 жашында) балдардын мектепте окутууга даярдалгандыгына текшерүү жүргүзүшөт; алдыдагы

жылы мектепке даярдоодо мүмкүн болгон артта калууларды жана боштуктарды жоюу максатында ата-энелерге жана тарбиячыларга бала менен иштөөнүн усулдарын сунушташат;

3) мүмкүн болгон четтөөлөрдү эрте аныктоо жана аларды түзөтүү максатында балдарды биринчи класска кабыл алууга катышышат, мектепте окутууга психологиялык даярдыгын аныкташат; мектепке даярдоодогу боштуктарды жоюу үчүн ата-энелерге бала менен иштөөнүн усулдарын сунушташат; мугалимдер менен бирдикте балдарды мектепте окутууга жакшы ыңгайлаштыруу жана мектепте окутуу процессинде ар тараптуу жана гармониялуу өнүгүүнү камсыздоо максатында алар менен жекече иштөөнүн программасын белгилешет;

4) башталгыч мектептен негизги, орто жалпы билим берүүчү жана профилдик мектепке өтүү мезгилинде балдарды психологиялык текшерүүнү жүргүзүшөт, мугалимдер, тарбиячылар, ата-энелер менен бирдикте балдардын жаңы этапта окутууга даярдыгын эске алып алар менен жекече иш жүргүзүү программасын белгилешет;

5) балдарда жашоонун, тарбиялоонун жана окутуунун шарттарына байланыштуу психологиялык ашыкча жүктөмдөрдү жана невротикалык бузулууларды болтурбоо боюнча иштерди жүргүзүшөт;

6) баланын же өспүрүмдүн инсанынын өзгөчөлүктөрүн, ынтаалуулуктарын, жөндөмдүүлүктөрүн көбүрөөк толук ачуу үчүн анын жүрүм-турумуна жана өнүгүүсүнө психологиялык талдоо жүргүзүү максатында педагогикалык консилиумдарды уюштурушат;

7) балдардын окуу-тарбия мекемесинде жагымдуу психологиялык климатты түзүү боюнча ишти жүргүзүшөт: педагогикалык жамааттагы (чоң киши – чоң киши) баарлашуунун формаларын оптималдаштырышат; педагогдор менен балдардын (чоң киши – бала) ортосундагы баарлашуунун формаларын жакшыртууга түрткү болушат; педагогдорго, тарбиячыларга жана балдар мекемелеринин башка кызматкерлерине кесиптик жана инсандык проблемалардын кеңири чөйрөсү боюнча кеңеш беришет;

8) педагогдордун кесиптик ишмердүүлүгүнүн коммуникациялык көндүмдөрүн өнүктүрүүгө түрткү болушат, педагогикалык жамааттын мүчөлөрүнүн психологиялык ашыкча жүктөлүшүн болтурбоо жана жоюу боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырышат;

9) окуу-тарбия ишинин планына, мерчемделген жана өткөрүлгөн иш-чараларга, алардын балдардын куррактык өзгөчөлүктөрүнө, аларды өнүктүрүүнүн актуалдуу милдеттерине шайкештиги көз карашынан педагогикалык таасир кылууларга талдоо жүргүзүшөт [6].

В. С. Ермолаева билим берүү жана тарбиялоо тутумундагы инновациялар негизинен балага багытталганын, иш жүзүндө педагогдорго таасир этпей турганын көрсөтөт. Мында педагогдор психологиялык жүктүн төмөнкүдөй түрлөрүн көтөрүшөт:

– жекече психологиялык жүк – өзүнүн кызматтык милдеттерин аткарууда, ата-энелер жана балдар менен өз ара аракеттешүүдө, ар кандай комиссияларга барууда ж.б.у.с. келип чыгат;

– топтук психологиялык жүк – жамаат жана анын жетекчилери менен өз ара аракеттешүүдө, жамаат тарабынан кысымда, өз укуктарын жана милдеттерин коргоодо ж.б.у.с. көрүнөт;

– социалдык психологиялык жүк – эмгек акынын кечигүүсү коркунучунда, «бир нерсени өзгөртүү, бир нерсени чечүү керек, бирок мен эмне кыла алам, мен кимге керекмин" деген ойлордо көбөйүп, кызматкердин төмөн материалдык макамына дуушар болгон абалда баштан кечирилет [12].

Н. Г. Зотованын, Н. В. Савванын ж.б. пикиринде, билим берүү чөйрөсүнүн психологиялык коопсуздугунун туруктуулугунун негизги фактору педагог менен окуучунун оң жана өнүктүрүүчү өз ара аракеттешүүсү болуп саналат, мында педагог билим берүү чөйрөсүнүн психологиялык коопсуздугунун эң башкы негиздеринин бири катары чыгат. Педагог менен окуучунун толук баалуу өз ара аракеттешүүсү инсанды жана анын психологиялык дараметтерин өнүктүрүү процесстерин колдоочу жана ал тургай демилгелөөчү билим берүү мекемесиндеги психикалык ыңгайлуулуктун жана жагымдуу социалдык-психологиялык климаттын шартында гана мүмкүн болот [14].

Кээ бир изилдөөчүлөрдүн маалыматтары боюнча, педагогдун ишинде кыйынчылыктарды жаратуучу жана анын натыйжасында билим берүү чөйрөсүнүн психологиялык коопсуздугун туруксуздаштыруучу факторлор болуп саналган негизги себептер катары төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтүүгө болот:

– "ката кетирүүгө укуктун" факт жүзүндө жоктугу;

– эмгекке оң түрткү берүүнүн жоктугу;

– жумуштан кийин толук баалуу эс алуу үчүн бош убакыттын жана шарттардын, калыбына келүү мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу;

– кесиптик макамына канааттанбагандык;

– жетекчилер, кесиптештери, ата-энелер тарабынан кесиптик маанилүүлүгүн жеткире баалабоо;

– өзүн көрсөтүү жана өзүн ишке ашыруу үчүн мүмкүнчүлүктөр менен шарттардын жоктугу;

– билим берүү мекемесинде психологиялык жардам көрсөтүү тутумунун өнүкпөгөндүгү.

Бул себептер педагогдун инсанынын кесиптик деформациясын калыптандыруунун өбөлгөлөрү боло алышат.

Ошентип, билим берүү мекемесинин психологиялык жактан коопсуз билим берүү чөйрөсү катары анда катышуучулардын көпчүлүгү ага карата оң көз карашка, билим берүү чөйрөсүнүн мүнөздөмөлөрүнө жана өз ара аракеттешүүдө психологиялык зомбулуктан корголгондуктун жогору деңгээлине ээ болгон чөйрөнү эсептөөгө болот.

Психологиялык жактан коопсуз жана ыңгайлуу билим берүү чөйрөсү – бул комплекстүү, тутумдуу, узак мөөнөттүү атайын уюштурулган психологиялык-педагогикалык процесстин натыйжасы, анын натыйжасы төмөнкүлөрдүн барлыгы (түзүлүүсү) менен аныкталат:

– билим берүү мекемесинин гуманисттик билим берүү тутумунун;

– мекемени курчап турган чөйрөдөгү бирдиктүү билим берүү жана тарбиялоо мейкиндигинин;

– окуучунун өзүн билим берүү процессине субъектилик турумда тартуунун;

– окуучу үчүн маанилүү болгон, анын инсан аралык баарлашууга болгон керектөөлөрүн канааттандырууну камсыздаган, ишмердүүлүктү уюштуруунун жамааттык мүнөзү, талаптуулукка жана бири-бирин урматтоого негизделген мамилелердин барлыгы менен мүнөздөлгөн жамааттардын барлыгынын.

Маалымат катары

Билим берүү чөйрөсүнүн баалуулуктук-маанилик талаасында пси-

хологиялык коопсуздук түшүнүгү аң-сезимдүүлүк түшүнүгү менен тыгыз байланышта, анткени мугалимдердин ишмердүүлүгүнө байкоо жүргүзүүлөр көрсөткөндөй, алар балдар менен баарлашуунун жатыркоо менен чыңалуунун пайда болуусуна, педагогдун өз иш-аракеттерин окуучунун инсанын оң тарбиялоо жана өнүктүрүү кызыкчылыктарында көзөмөлдөөгө жөндөмсүздүгүнө алып келүүчү бекем орун-очок алган стихиялуу, өздөштүрүлгөн ыктарын колдонушат (Н. Г. Зотова).

Кызыктуу маалымат

Психологиялык коопсуздук психологиялык ден соолук менен түздөн-түз байланыштуу болгондуктан, балдардан соматикалык оорулардын келип чыгуусунун айрым себептерине көңүл буралы. Биз орой, адилетсиз жетекчи маанайды кантип бузарын, алтургай инфарктка жеткирерин билебиз. Чоң кишиде дайыма кырдаалды өзгөртүү, акырында жумуштан бошоп кетүү мүмкүнчүлүгү болот. Баланын мындай мүмкүнчүлүгү жок. Демек – ооруп калуу керек. Бул себеп психосоматикалык текке ээ болот, анткени баланын сабакка барбай коюусунун бирден бир мыйзамдуу жолу оору болуп саналат. Психологиялык кысымдан чарчаган организм "кубануу менен" ооруп, окуучуга көптөн күткөн тыныгууну берет (А. А. Климанова).

Кошумча маалымат

Техногендик жана экологиялык кырсыктардын кооптуулуктарын азайтуу багытында иштешкен адистерде кырсыктын кесепеттерин жоюуга караганда, анын алдын алуу 15 эсе арзан деген маалыматтар бар. Бул билим берүү чөйрөсүндөгү социалдык-психологиялык иш менен салыштырыла алат (И. В. Бобрышева).

# III БАП. БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮНҮН КООПСУЗДУГУНА БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮ

## 3.1. Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугуна байкоо жүргүзүүнүн теориялык жоболору

Бүгүнкү күндө билим берүү чөйрөсүн баалоого карата эки мамилени белгилөөгө болот: жеке катышуучуларга даректелген психодиагностикалык методикалардын топтомунан турган диагностикалык жана окуу-тарбия процессинин катышуучуларынын өздөрүнүн да, мектептин билим берүү чөйрөсүнүн абалын билишкен же таанышып жатышкан көз карандысыз эксперттердин да баалоочулук пикирлеринин топтомун берген эксперттик [4].

И. А. Баева тарабынан сунушталган билим берүү чөйрөсүнүн майнаптуулугун баалоого карата диагностикалык мамиле, үч негизги аспектилерди камтыйт:

1) түзүмдүк компоненттерин талдоо;

2) чөйрөнүн анын катышуучуларына тийгизген таасиринин натыйжаларын изилдөө (эреже катары, окуучуларга жана бир кыйла азыраак даражада педагогдорго жана башка катышуучуларга);

3) биринчи экөөнүн айкалышы.

О. В. Вихристюктун, В. В. Ковровдун, Е. Г. Леонованын пикири боюнча, билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугу негизинен билим берүү чөйрөсүнө максатка багытталган жана тутумдуу байкоо жүргүзүү менен камсыздалат, бул билим берүү чөйрөсүнүн кооптуулугунун пайда болгон коркунучтарын жана тобокелдерин өз убагында аныктоого жана тиешелүү майнаптуу түзөтүүчү иш-чараларды жүргүзүүгө жол берет [7].

Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугуна байкоо жүргүзүүнүн негизги максаты анын абалы жана андагы сапаттык-сандык өзгөрүүлөр жөнүндө бүтүндүктүү элестетүүнү калыптандыруу үчүн маалыматтык шарттарды түзүү болуп саналат.

Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугуна байкоо жүргүзүү – бул билим берүү тутумунун (тутумчасынын) ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматтарды чогултууну, сактоону, иштеп чыгууну жана жайылтууну уюштуруу тутуму, ал анын абалына үзгүлтүксүз көз салууну гана эмес,

анын өнүгүүсүн болжолдоону да камсыздоого чакырылган. Байкоо жүргүзүү белгилүү бир убакыттын ичинде иштөөнү болжойт.

Билим берүүгө байкоо жүргүзүү, ар кандай татаал объект сыяктуу эле, төмөнкү аспектилердин биримдигинде тутумдуу мамиленин турумунан калыптануусу абзел: социалдык маңызы; педагогикалык таандыктыгы; аны кароонун тутумдуу-ишмердүүлүктүк ыгы.

Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугуна байкоо жүргүзүү – педагогикалык жана башкаруучулук категория, анткени ал маалымат теориясынын жалпы жоболорун көчүрбөйт, ал эми аларды педагогиканын, психологиянын жана башкаруунун тилине которот. Мындай байкоо жүргүзүүнүн социалдык маңызы анын жаш муундарга социалдык тажрыйбаны (билим берүүнүн мазмунун) өткөрүп берүүнү көзөмөлдөөнүн жана эсепке алуунун негизги каражаты катары кызмат кылгандыгы менен аныкталат. Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугуна байкоо жүргүзүүнү калыптандыруу психологдордун, дидакттардын, усулчулардын жана педагогика менен психология тармагындагы башка адистердин ишмердүүлүгүндө болуп өтөт.

Коопсуз билим берүү чөйрөсүнө байкоо жүргүзүүдө чечилүүчү негизги милдеттер төмөнкүлөр:

– окуу-тарбия процессинин жүрүшүндө жана билим берүү мекемесинин бүткүл ишмердүүлүгүндө келип чыгуучу коркунучтарды жана тобокелдерди айкындоо;

– билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун абалы жөнүндө, андагы сапаттык жана сандык өзгөрүүлөр жөнүндө бүтүндүктүү элестетүүнү камсыздоочу көрсөткүчтөрдүн комплексин иштеп чыгуу;

– билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздук тутумунун абалы жана өнүгүшү жөнүндө маалыматтарды тутумдаштыруу;

– билим берүү мекемесинде болуп жаткан процесстер жөнүндө маалыматты үзгүлтүксүз жана көрсөтмөлүү берүүнү камсыздоо;

– мекеменин билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздук тутумунун абалын жана өнүгүүсүн талдоону жана божомолдоону маалыматтык камсыздоо, башкаруучулук чечимдерди иштеп чыгуу.

Байкоо жүргүзүүнүн милдеттеринин бири – объектинин майнаптуу кызмат кылуусу үчүн тигил же бул мандем, кооптуулук жөнүндө эскертүү. Анан да жөн гана кооптуулук жараткан өзгөрүүлөрдүн пайда

болуу фактысын айтуу эмес, так эле кырдаал кайра кайткыс болуп калганга чейин ал жөнүндө эскертүү. Муну менен окуялардын мүмкүн болуучу кыйратуучу өнүгүүсүн болтурбоо же кесепеттерин минималдаштыруу мүмкүнчүлүгү түзүлөт.

Изилдөөнүн объектилери төмөнкүлөр болуп саналат:

– окуучулар;

– окутуучулар;

– окуу-тарбия процесси;

– билим берүү мекемесинин жашоо нугу;

– окуучулардын ата-энелери, чөйрө жана курчоо.

Алдыга коюлган милдеттер мектептин билим берүү чөйрөсүнүн психологиялык коопсуздугу жана анын катышуучуларынын инсан аралык мамилелери жөнүндө элестетүүлөрдү изилдөө боюнча изилдөөчүлүк схеманы калыптандырууну аныкташты:

1) мектептин билим берүү чөйрөсүнүн психологиялык коопсуздугу жөнүндө элестетүүлөрдү мугалимдердин, окуучулардын жана алардын ата-энелеринин өз ара аракеттешүүсүндө психологиялык зомбулуктан корголгондук катары талдоо (Н. Г. Рассоха);

2) мектептин билим берүү чөйрөсүнүн психологиялык коопсуздугунун шарттары жөнүндө: мектептин психологиялык мүнөздөмөлөрү жөнүндө, билим берүү чөйрөсүнүн катышуучуларынын психологиялык коопсуздугун бузуу кырдаалдары жана ошол бузуулардын натыйжасында келип чыккан эмоциялар жөнүндө элестетүүлөрдү талдоо (Н. Г. Рассоха);

3) мектептин билим берүү чөйрөсүнүн психологиялык коопсуздугунун деңгээлдерин бири-бири менен өз ара аракеттешүүгө түздөн-түз камтылган окуучулардын жана мугалимдердин топторунда психологиялык зомбулуктан корголгондук катары изилдөө (И. А. Баева);

4) бири-бири менен өз ара аракеттешүүгө түздөн-түз камтылган окуучулардын жана мугалимдердин топторунда инсан аралык мамилелердин типтерин Мен-чыныгы жана Мен-идеалдуу элестердин негизинде изилдөө (Л. Н. Собчик) [7; 19].

Психологиялык коопсуздукту диагностикалоонун жана окуучулар менен мугалимдердин психологиялык саламаттыгын баалоонун усулдары

Чөйрөнүн коопсуздугун диагностикалоонун методикаларынын төмөнкүдөй топторун бөлүп көрсөтүшөт.

Педагогикалык жамаатты диагностикалоого багытталган методикалар

– мугалимдер үчүн «Мектептин билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун психологиялык диагностикалоо» анкетасы;

– педагогдордун билим берүү мекемесиндеги жашоо ишмердүүлүгүнө канааттангандыгын изилдөөнүн методикасы;

– В. В. Бойконун эмоциялык күйүп кетүү деңгээлин (педагогдордун психологиялык саламаттыгынын бузулушунун көрүнүүлөрүнүн бири катары) диагностикалоо методикасы.

Окуучуларды диагностикалоого багытталган методикалар

– окуучулар үчүн «Мектептин билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун психологиялык диагностикалоо» анкетасы;

– «Мектеп окуучулардын көзү менен» анкетасы.

Окуучулардын мектеп жашоосуна канааттангандыгын изилдөө методикасы

– Филлипстин мектептик коогалуулук тести (мектеп окуучуларынын психологиялык саламаттыгынын бузулушунун көрүнүүсү катары).

Окуучулардын ата-энелерин диагностикалоого багытталган методикалар

– ата-энелер үчүн «Мектептин билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун психологиялык диагностикалоо» анкетасы;

– «Мектеп ата-энелердин көзү менен» анкетасы;

– ата-энелердин билим берүү мекемесинин жашоо ишмердүүлүгүнө канааттангандыгын изилдөөнүн комплекстүү методикасы;

– үй-бүлөлүк өз ара мамилелерди талдоо (Э. Г. Эйдемиллер, В. В. Юстицкис) (АСВ).

Айрым методикалардын мазмунун жана жүргүзүү жол-жобосун карап көрөлү.

### 3.2. Инсан аралык баарлашуудагы коопсуздукту изилдөө

Психологдор, мугалимдер, тарбиячылар, социалдык педагогдор, жогорку класстардын окуучулары жана ата-энелер үчүн “Инсан аралык баарлашуудагы коопсуздук” методикасы (Г. С. Кожухарь)

Г. С. Кожухарь инсан аралык баарлашуунун коопсуздугу деп инсандын өзүнө, башкага, кырдаалга, мамилелердин кеңири контекстине карата оң кабыл алуусун камсыздаган жана ошого жараша адамдын мындай психикалык абалды баштан кечирүүсүнүн себептерин аныктаган коммуникациянын, интеракциянын жана перцепциянын өзгөчөлүктөрүнүн анда адам ар түрдүү факторллрдун таасир кылуу шарттарында ийгиликтүү, туруктуу жана үзгүлтүксүз өнүгүүгө жөндөмдүү болуп калган мүнөздөмөлөрүн түшүнөт.

Сыналуучуларга аталышы жана түшүндүрмөлөрү жок бланк гана берилет.

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1. | Башка адамдардын катышуусунда өзүңүздү жетишерлик бош жана эркин сезесиз | 3 2 1 0 1 2 3 | Кээ бир адамдар жок болгондо, өзүңүздү кыйла бош, чыңалуусуз сезесиз |
| 2. | Башка адамдар менен убакыт өткөрүп жатып, өзүңүздү коопсуз сезбейсиз | 3 2 1 0 1 2 3 | Башка адамдар менен убакыт өткөрүп жатып, өзүңүздү коопсуз сезесиз |
| 3. | Адамдар менен баарлашып жатып, өзүңүздү маталган жана чыңалган сезесиз | 3 2 1 0 1 2 3 | Адамдар менен баарлашып жатып, өзүңүздү табигый жана бейпил сезесиз |
| 4. | Топто өзүңүздүн чыныгы сезимдериңизди жашырасыз | 3 2 1 0 1 2 3 | Эреже катары, сиз каалаган сезимдериңизди эркин жана ачык билдиресиз |
| 5. | Башкалар сизге терс баа бербей турганына ишенесизби? | 3 2 1 0 1 2 3 | Башкалар сизге терс баа берет деп кооптоносуз |
| 6. | Адатта сиз адамдарга ишенбейсиз | 3 2 1 0 1 2 3 | Адатта сиз адамдарга ишенесиз |
| 7. | Баарлашуу процессинде сизге көп учурда кыйын жана ыңгайсыз болот | 3 2 1 0 1 2 3 | Баарлашуу процессинде сиз өзүңүздү жетишерик жеңил жана ыңгайлуу сезесиз |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 8. | Ар кандай адамдар менен баарлашып жатып, сиз кандай болсоңуз ошондой боло аласыз | 3 2 1 0 1 2 3 | Ар кандай адамдар менен баарлашып жатып, сизге кандай болсоңуз, ошондой болуу кыйынга турат |
| 9. | Сиз ар кандай адамдар менен оор басырыктуу жана жакшылык каалаган мамиледесиз. | 3 2 1 0 1 2 3 | Сиз кээ бир адамдар менен чыңалган жана начар мамиледе турасыз |
| 10. | Адатта өзүңүздүн чыныгы оюңузду жашырасыз | 3 2 1 0 1 2 3 | Адатта ар кандай пикирди ачык айтууга даярсыз |
| 11. | Башка адамдардын астында сүйлөө сизде коогалуулук сезимин чакырат | 3 2 1 0 1 2 3 | Башка адамдардын астында сүйлөп жатып, сиз коогалуулук сезимин баштан кечирбейсиз |
| 12. | Сиз башка адамдарга өзүңүздүн ички дүйнөңүздү чын жүрөктөн көрсөтүүгө даярсыз | 3 2 1 0 1 2 3 | Сиз башка адамдарга өзүңүздүн ички дүйнөңүздү чын жүрөктөн көрсөтүүгө даяр эмессиз |
| 13. | Сиз айланадагылардан конструктивдүү сын укуңуз келбейт | 3 2 1 0 1 2 3 | Сиз айланадагылардын конструктивдүү сынын кабыл алууга даярсыз |
| 14. | Адамдар менен баарлашып жатып, сиз өзүңүздү жетишерлик корголгон сезесиз | 3 2 1 0 1 2 3 | Адамдар менен баарлашып жатып, сиз өзүңүздү жетишерлик корголгон сезбейсиз |
| 15. | Эгерде сиз башка адам менен баарлашуу процессинде кыйынчылыктарга кабылсаңыз, абдырагандыкты сезесиз | 3 2 1 0 1 2 3 | Эгерде сиз башка адам менен баарлашуу процессинде кыйынчылыктарга кабылсаңыз да, өзүңүзгө ишенесиз |
| 16. | Баарлашуу процессинде сизге роль ойноого жана “беткап” кийүүгө туура келет | 3 2 1 0 1 2 3 | Баарлашуу процессинде сиз өзүңүздүн чыныгы маңызыңызды көрсөтөсүз |
| 17. | Башка адам менен баарлашып жатып, сиз ал каалаганынын баарын эркин жана ачык айтуусун каалайсыз | 3 2 1 0 1 2 3 | Башка адам менен баарлашып жатып, сиз ал эмне кабыл алынса, ошону айтуусун каалайсыз |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 18. | Башка адамдар менен баарлашууда сизге бир нерсе коркунуч туудура алат деп эсептейсиз | 3 2 1 0 1 2 3 | Башка адамдар менен баарлашууда, адатта, сизге эч нерсе коркунуч туудурбайт деп эсептейсиз |
| 19. | Адамдар менен сүйлөшүп жатып, сиз өзүңүздү көбүнчө чыңалган жана маталган сезесиз | 3 2 1 0 1 2 3 | Адамдар менен сүйлөшүп жатып, сиз өзүңүздү көбүнчө бош жана эркин сезесиз |
| 20. | Айланадагы адамдар менен баарлашууда өзүңүздү ачуу сиз үчүн толук коопсуз | 3 2 1 0 1 2 3 | Айланадагы адамдар менен баарлашууда өзүңүздү ачуу сиз үчүн жетишерлик кооптуу |

1-шкала – баарлашуунун табигыйлыгы жана эркиндиги: суроолордун так сандагы номерлеринин суммасы турат (№ 1*, 3, 5*, 7, 9*, 11, 13, 15, 17*, 19 суроолор).

2-шкала – баарлашуудагы ишеним жана өзүн ачуу (№ 2, 4, 6, 8*, 10, 12*, 14*, 16, 18, 20* суроолор).

Баарлашуудагы коопсуздукту жалпы баалоо: эки шкала боюнча бардык упайлар кошулат.

* – тескери белгиси бар суроолор: эсептөө процессинде упайлар тескери белгиге алмашат.

Натыйжалар боюнча бланк толтурулат.

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **7** | **6** | **5** | **4** | **3** | **2** | **1** |

### 3.3. Мектептин билим берүү чөйрөсүнүн психологиялык коопсуздугун изилдөө

“Мектептин билим берүү чөйрөсүнүн психологиялык коопсуздугу” методикасы

Анкета үч бөлүктөн турат.

1. Мектептин билим берүү чөйрөсүнө карата мамиле.

2. Мектептин билим берүү чөйрөсүнүн маанилүү мүнөздөмөлөрү жана аларга канааттангандык.

3. Өз ара аракеттешүүдө психологиялык зомбулуктан корголгондук.

Изилдөө жекече же топтук түрдө жүргүзүлүшү мүмкүн.

Мугалимдер үчүн анкетанын тексти

Урматтуу кесиптеш!

Сизден мектептин билим берүү чөйрөсүн изилдөөгө катышууңузду суранабыз.

Изилдөө анонимдүү түрдө жүргүзүлөт.

Жооптун варианттарынын ичинен сиздин пикириңизге көбүрөөк туура келген бирин тандаңыз, аны “+” белгиси менен белгилеңиз же астын сызыңыз.

1. Сиздин мектепте иштөө кесиптик чеберчиликти үзгүлтүксүз жогорулатууну талап кылат деп ойлойсузбу?

Ооба Балким, ооба Айта албайм Балким, жок Жок

2. Төмөндө келтирилген шкалага көңүл буруңуз: “1” саны сизге абдан жакпаган жумушту; "9" саны сизге абдан жаккан жумушту мүнөздөйт. Өз жумушуңузду 1ден 9га чейин баалаңыз.

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | | | 9 |

3. Жакынкы келечекте (1-2 жылда) башка жумуш ордуна өтүүгө камынып жатасызбы?

Ооба Айта албайм Жок

4. Жумушуңуз сиздин жөндөмдүүлүктөрүңүздү өнүктүрүүгө жардам береби?

Ооба Балким, ооба Айта албайм Балким, жок Жок

5. Эгерде мүмкүнчүлүк берилсе, сиз башка адистикке ээ болууну жана кесиптик өнүгүүңүздү аны менен байланыштырууну каалайсызбы?

Ооба Айта албайм Жок

6. Сиздин аткарган жумушуңуз сизде кандай маанай жаратат?

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Адатта жаман | Жакшыга караганда көбүнчө жаман | Таасир кылбайт | Жаманга караганда көбүнчө жакшы | Адатта жакшы |

7. Мектеп чөйрөсүнүн төмөндө саналып өткөн мүнөздөмөлөрүнөн сиздин көз карашыңыз боюнча көбүрөөк маанилүү бешөөнү гана тандаңыз, жана аларды баса белгилеңиз. Бардык мүнөздөмөлөрдү 5 упайлык тутум боюнча баалаңыз.

| Мектеп чөйрөсүнүн мүнөздөмөлөрү | Сиз өзүңүз тандаган мүнөздөмөлөрдүн ар бирине канчалык даражада канааттанасыз? | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Такыр жок | Аз-маз даражада | Орточо | Чоң даражада | Абдан чоң даражада |
| 1. Мугалимдер менен өз ара мамилелер | | | | | |
| 2. Окуучулар менен өз ара мамилелер | | | | | |
| 3. Өз көз карашыңды айтуу мүмкүнчүлүгү | | | | | |
| 4. Өзүңө сыйлуу мамиле | | | | | |
| 5. Жеке ар-намысты сактоо | | | | | |
| 6. Жардам үчүн кайрылуу мүмкүнчүлүгү | | | | | |
| 7. Демилгени, активдүүлүктү көрсөтүү мүмкүнчүлүгү | | | | | |
| 8. Жекече проблемаларды жана оорчулуктарды эсепке алуу | | | | | |

8. Сиз жумушуңузду кызыктуу, өзүңө тартуучу деп эсептейсизби?

Ооба     Балким, ооба     Айта албайм     Балким, жок     Жок

9. Сиз өзүңүздү мектепте канчалык корголгон сезесиз?

| | Толук бойдон корголбогон | Корголгонго караганда көбүнчө корголбогон | Айта албайм | Корголбогонго караганда көбүнчө корголгон | Толук бойдон корголгон |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. Эл алдында кемсинтүүсүнөн/кордоосунан: | | | | | |
| 1) окуучулардын | | | | | |
| 2) кесиптештердин | | | | | |
| 3) администрациянын | | | | | |
| 2. Коркутууларынан: | | | | | |
| 1) окуучулардын | | | | | |
| 2) кесиптештердин | | | | | |
| 3) администрациянын | | | | | |
| 3. Сиздин каалооңузга каршы бир нерсе жасоого мажбурлоосунан: | | | | | |
| 1) окуучулардын | | | | | |
| 2) кесиптештердин | | | | | |
| 3) администрациянын | | | | | |
| 4. Көзгө илбөөсүнөн: | | | | | |
| 1) окуучулардын | | | | | |
| 2) кесиптештердин | | | | | |
| 3) администрациянын | | | | | |
| 5. Жамандык каалаган мамилесинен: | | | | | |
| 1) окуучулардын | | | | | |
| 2) кесиптештердин | | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 3) админист-рациянын | | | | | |

10. Сиз кандайдыр бир себептер боюнча убактылуу иштебей калдыңыз деп коёлу, өзүңүздүн жумуш ордуңузга кайтып келет белеңиз?

Ооба Билбейм Жок

11. Ар бир жамаат ар түрдүү адамдардан турса, иште өз стилине ээ болот. Төмөндө келтирилген пикирлерди кунт коюп окуп чыгыңыз жана алардын кайсынысы сиз иштеген жамааттын өзгөчөлүктөрүн баарынан жакшы мүнөздөйт, жооп бериңиз?

1. Биздин жамаатта кандай иштешсе, ошондой иштөө керек.

2. Биздин жамаатта иштегендерге караганда, жакшы иштөө керек.

3. Биздин жамаатта кандай иштегендери мени анча деле кызыктырбайт.

Өзүңүз жөнүндө бир нече суроолор:

Жынысыңыз: ______аял_______ Курагыңыз (толук жашыңыз):________________

Мектептеги педагогикалык стажыңыз: ____________________________________

Окуучу үчүн анкетанын тексти

Урматтуу окуучу!

Сенден мектептин билим берүү чөйрөсүн изилдөөгө катышууңду суранабыз.

Изилдөө анонимдүү түрдө жүргүзүлөт.

Жооптун варианттарынын ичинен сенин пикириңе көбүрөөк туура келген бирин танда, аны “+” белгиси менен белгиле же астын сыз.

1. Сенин мектебиңде окуу сенин мүмкүнчүлүктөрүңдү дайыма өркүндөтүүнү талап кылат деп ойлойсуңбу?

Ооба Балким, ооба Айта албайм Балким, жок Жок

2. Төмөндө келтирилген шкалага көңүл бурз: “1” саны сага абдан жакпаган мектепти; "9" саны сага абдан жаккан мектепти мүнөздөйт. Өз мектебиңди 1ден 9га чейин баала.

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | | | 9 |

3. Эгерде шаардын башка аймагына көчсөңөр, өз мектебиңе окууга барат белең?

Жок Билбейм Ооба

4. Сен мектепте окуу интеллектуалдык жөндөмдүүлүктөрүңдү өнүктүрүүгө жардамдашат деп эсептейсиңби?

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Ооба | Балким, ооба | Айта албайм | Балким, жок | Жок |

5. Эгерде аймактын бардык мектептеринен тандоого туура келсе, сен өз мектебиңди тандайт белең?

Ооба Айта албайм Жок

6. Сен мектепте көбүнчө кандай маанайда болосуң?

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Адатта жаман | Жакшыга караганда, көбүнчө жаман | Таасир кылбайт | Жаманга караганда, көбүнчө жакшы | Адатта жакшы |

7. Мектеп чөйрөсүнүн төмөндө саналып өткөн мүнөздөмөлөрүнөн сенин көз карашың боюнча көбүрөөк маанилүү бешөөнү гана танда, жана аларды баса белгиле. Бардык мүнөздөмөлөрдү 5 упайлык тутум боюнча баала.

| Мектеп чөйрөсүнүн мүнөздөмөлөрү | Сен өзүң тандаган мүнөздөмөлөрдүн ар бирине канчалык даражада канааттанасың? | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Такыр жок | Аз-маз даражада | Орточо | Чоң даражада | Абдан чоң даражада |
| 1. Мугалимдер менен өз ара мамилелер | | | | | |
| 2. Окуучулар менен өз ара мамилелер | | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 3. Өз көз карашыңды айтуу мүмкүнчүлүгү | | | | | |
| 4. Өзүңө сыйлуу мамиле | | | | | |
| 5. Жеке ар-намысты сактоо | | | | | |
| 6. Жардам үчүн кайрылуу мүмкүнчүлүгү | | | | | |
| 7. Демилгени, активдүүлүктү көрсөтүү мүмкүнчүлүгү | | | | | |
| 8. Жекече проблемаларды жана оорчулуктарды эсепке алуу | | | | | |

8. Сен мектептеги өзүңдүн окууңду кызыктуу деп эсептейсиңби?

Ооба  Балким, ооба  Айта албайм  Балким, жок  Жок

9. Сен өзүңдү мектепте канчалык корголгон сезесиң?

| | Толук бойдон корголбогон | Корголгонго караганда көбүнчө корголбогон | Айта албайм | Корголбогонго караганда көбүнчө корголгон | Толук бойдон корголгон |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. Эл алдында кемсинтүүсүнөн/кордоосунан: | | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1) классташтарыңдын | | | | | |
| 2) мугалимдердин | | | | | |
| 2. Коркутууларынан: | | | | | |
| 1) классташтарыңдын | | | | | |
| 2) мугалимдердин | | | | | |
| 3. Сенин каалооңо каршы бир нерсе жасоого мажбурлоосунан: | | | | | |
| 1) классташтарыңдын | | | | | |
| 2) мугалимдердин | | | | | |
| 4. Көзгө илбөөсүнөн: | | | | | |
| 1) классташтарыңдын | | | | | |
| 2) мугалимдердин | | | | | |
| 5. Жамандык каалаган мамилесинен: | | | | | |
| 1) классташтарыңдын | | | | | |
| 2) мугалимдердин | | | | | |

10. Сен кандайдыр бир себептерден улам мектепке бара албай калдың деп коёлу, сен мурда окуган жериңе кайтып барат белең?

Ооба Билбейм Жок

Өзүң жөнүндө бир нече суроолор:

Жынысың: ______аял_______ Курагың (толук жашың):________________

Ата-энелер үчүн анкетанын тексти

Урматтуу ата-эне!

Сизден мектептин билим берүү чөйрөсүн изилдөөгө катышууңузду суранабыз.

Изилдөө анонимдүү түрдө жүргүзүлөт.

Жооптун варианттарынын ичинен сиздин пикириңизге көбүрөөк туура келген бирин тандаңыз, аны “+” белгиси менен белгилеңиз же астын сызыңыз.

1. Балаңызды ушул мектептен окутуу анын интеллектуалдык жөндөмдүүлүктөрүн жана турмуштук билгичтиактерин өнүктүрүүгө жардам берет деп ойлойсузбу?

Ооба Балким, ооба Айта албайм Балким, жок Жок

2. Эгерде аймактагы бардык мектептердин ичинен тандоого туура келсе, балаңызды өзүңүздүн мектепке берет белеңиз?

Жок Билбейм Ооба

3. Төмөндө келтирилген шкалага көңүл буруңуз: “1” саны сизге абдан жакпаган мектепти; "9" саны сизге абдан жаккан мектепти мүнөздөйт. Балаңыз окуган мектепти 1ден 9га чейин баалаңыз.

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | | | 9 |

4. Ар бир мектеп өзүнүн иштөө стилине ээ болот. Төмөндө келтирилген пикирлерди кунт коюп окуп чыгыңыз жана кайсынысы сиздин мектептин стилин баарынан жакшы мүнөздөрүнө жооп бериңиз.

- Биздин мектептегидей окутуу жана тарбиялоо керек.
- Биздин мектептегиден жакшыраак окутуу жана тарбиялоо керек.
- Биздин мектепте кандай окутушканы жана тарбиялашканы мени анча толкундантпайт.

5. Балаңыз окуган мектепке барганда, сиз кандай маанайда болосуз?

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Адатта жаман | Жакшыга караганда, көбүнчө жаман | Таасир кылбайт | Жаманга караганда, көбүнчө жакшы | Адатта жакшы |

6. Эгерде сиз башка аймакка көчсөңүз, балаңызды ушул мектептен окутууну улантат белеңиз?

Жок Билбейм Ооба

7. Мектеп чөйрөсүнүн төмөндө саналып өткөн мүнөздөмөлөрүнөн сиздин көз карашыңыз боюнча көбүрөөк маанилүү бешөөнү гана тандаңыз, жана аларды баса белгилеңиз. Бардык мүнөздөмөлөрдү 5 упайлык тутум боюнча баалаңыз.

| Мектеп чөйрөсүнүн мүнөздөмөлөрү | Сиз өзүңүз тандаган мүнөздөмөлөрдүн ар бирине канчалык даражада канааттанасыз? | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Такыр жок | Аз-маз даражада | Орточо | Чоң даражада | Абдан чоң даражада |
| 1. Мугалимдер менен өз ара мамилелер | | | | | |
| 2. Окуучулар менен өз ара мамилелер | | | | | |
| 3. Өз көз карашыңды айтуу мүмкүнчүлүгү | | | | | |
| 4. Өзүңө сыйлуу мамиле | | | | | |
| 5. Жеке ар-намысты сактоо | | | | | |
| 6. Жардам үчүн кайрылуу мүмкүнчүлүгү | | | | | |
| 7. Демилгени, активдүүлүктү көрсөтүү мүмкүнчүлүгү | | | | | |
| 8. Жекече проблемаларды жана | | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| оорчулук-тарды эсепке алуу | | | | | |

8. Сиз өзүңүздү мектепте канчалык корголгон сезесиз?

| | Толук бойдон коргол-богон | Коргол-гонго ка-раганда көбүнчө корголбо-гон | Айта ал-байм | Корголбо-гонго кара-ганда кө-бүнчө кор-голгон | Толук бойдон коргол-гон |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. Эл алдында кемсинтүүсүнөн/кордоосунан: | | | | | |
| 1) админист-рациянын | | | | | |
| 2) мугалим-дердин | | | | | |
| 2. Коркутууларынан: | | | | | |
| 1) админист-рациянын | | | | | |
| 2) мугалим-дердин | | | | | |
| 3. Сиздин каалооңузга каршы бир нерсе жасоого мажбурлоосунан: | | | | | |
| 1) админист-рациянын | | | | | |
| 2) мугалим-дердин | | | | | |
| 4. Көзгө илбөөсүнөн: | | | | | |
| 1) админист-рациянын | | | | | |
| 2) мугалим-дердин | | | | | |
| 5. Жамандык каалаган мамилесинен: | | | | | |
| 1) админист-рациянын | | | | | |
| 2) мугалим-дердин | | | | | |

Өзүңүз жөнүндө бир нече суроолор:

Жынысыңыз: ______аял_______ Курагыңыз (толук жашы-ңыз):________________

**Мектептин билим берүү чөйрөсүнө мамиле**

*1-вариант.* Суроолор социалдык каалаган жооптордон качкандай түрдө берилген.

Жооптордун чечмелениши.

| Суроонун № | Оң мамиле | Бейтарап мамиле | Терс мамиле |
|---|---|---|---|
| 1 | Ооба; Балким, ооба | Айта албайм | Жок; Балким, жок |
| 2 | 7-9 | 4-6 | 1-3 |
| 3 | Жок | Айта албайм | Ооба |
| 4 | Ооба; Балким, ооба | Айта албайм | Жок; Балким, жок |
| 5 | Жок | Айта албайм | Ооба |
| 6 | Адатта жакшы; Жаманга караганда, көбүнчө жакшы | Таасир кылбайт | Адатта жаман; Жакшыга караганда, көбүнчө жаман |
| 8 | Ооба; Балким, ооба | Айта албайм | Жок; Балким, жок |
| 10 | Ооба | Билбейм | Жок |
| 11 | 1 | 3 | 2 |

**Эскертме.** Жадыбалга мектептин билим берүү чөйрөсүнө болгон мамилени чагылдырган жана билим берүү чөйрөсүнө болгон мамиленин көрсөткүчүн эсептөөдө эске алынган пунктчалар гана киргизилген.

Окуучулар үчүн анкета

| Суроонун № | Оң мамиле | Бейтарап мамиле | Терс мамиле |
|---|---|---|---|
| 1 | Ооба; Балким, ооба | Айта албайм | Жок; Балким, жок |
| 2 | 7-9 | 4-6 | 1-3 |
| 3 | Ооба | Билбейм | Жок |
| 4а | Ооба; Балким, ооба | Айта албайм | Жок; Балким, жок |
| 4б | Ооба; Балким, ооба | Айта албайм | Жок; Балким, жок |
| 5 | Ооба | Айта албайм | Жок |
| 6 | Адатта жакшы; | Таасир | Адатта жаман; |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Жаманга караганда, көбүнчө жакшы | кылбайт | Жакшыга караганда, көбүнчө жаман |
| 8 | Ооба; Балким, ооба | Айта албайм | Жок; Балким, жок |
| 10 | Ооба | Билбейм | Жок |

Ата-энелер үчүн анкета

| Суроонун № | Оң мамиле | Бейтарап мамиле | Терс мамиле |
|---|---|---|---|
| 1 | Ооба; Балким, ооба | Айта албайм | Жок; Балким, жок |
| 2 | Ооба | Билбейм | Жок |
| 3 | 7-9 | 4-6 | 1-3 |
| 4 | 1 | 3 | 2 |
| 5 | Адатта жакшы; Жаманга караганда, көбүнчө жакшы | Таасир кылбайт | Адатта жаман; Жакшыга караганда, көбүнчө жаман |
| 6 | Ооба | Билбейм | Жок |

Натыйжаларды иштеп чыгууда оң, бейтарап жана терс жооптордун саны кошулат. Билим берүү чөйрөсүнө болгон мамиле оң, бейтарап же терс жооптордун көпчүлүгү менен аныкталат.

Белгилей кетсек, терс жана оң көрсөткүчтүн айкашуусу бейтарап мамиле катары аныкталат. Мисалы, эки суроого терс жооп бар, бир суроого оң жооп бар. Демек, бир терс жана бир оң жооп бейтарап, карама-каршы мамиле катары аныкталат.

*2-вариант.* "Мамиле" категориясын үч компоненттин биримдигинде да кароого болот: жүрүм-турумдук (эрктик), эмоциялык жана когнитивдик (сарамжалдуу).

Мектептин билим берүү чөйрөсүнө карата мамиленин компоненттери анын катышуучуларынын баалоосунда

| Катышуучулары | Когнитивдүү компоненти (суроолордун номерлери) | Эмоциялык компоненти (суроолордун номерлери) | Жүрүм-турумдук компоненти (суроолордун номерлери) |
|---|---|---|---|
| Мугалим | 1, 4, 11 | 2, 6, 8 | 3, 5, 10 |
| Окуучу | 1, 4а, 4б | 2, 6, 8 | 3, 5, 10 |
| Ата-эне | 1, 4 | 3, 5 | 2,6 |

**Эскертме.** Ата-энелердин бааларын эсептөөнүн түзүмү бир аныкталуучу компонентке эки ырастоо көлөмүндө жетишерлик толук баалуу болуп саналат.

Ар бир компоненттин чөйрөгө болгон мамилеси төмөнкү айкашуулар менен аныкталат.

- Мектептин билим берүү чөйрөсүнө карата оң мамиле; бул категорияга компоненттин бардык үч суроосуна тең оң жооптор, же эки оң жооп берилген, ал эми үчүнчүсү каалаган башка белгиге ээ болгон айкашуулар киришет:

+ + +; + + 0; + + – (мугалимдер жана окуучулар үчүн);

+ +; + 0 (ата-энелер үчүн).

- Мектептин билим берүү чөйрөсүнө карата бейтарап, карама-каршы мамиле; бул категория төмөнкүдөй учурларды камтыйт: бардык үч суроого тең так эмес жооп берилет; эки суроонун жообу так эмес, үчүнчү суроонун жообу каалаган белгиге ээ болот; бир жооп так эмес, ал эми калган эки жооп түрдүү белгилерге ээ болот:

0 0 0; + 0 0; – 0 0; + – 0 (мугалимдер жана окуучулар үчүн);

0 0; + – (ата-энелер үчүн).

- Мектептин билим берүү чөйрөсүнө карата терс мамиле (буга үч терс жоопту же эки терс жоопту камтыган, ал эми үчүнчүсү каалаган башка белгиге ээ болгон айкашуулар киришет):

– – –; – –0; – – + (мугалимдер жана окуучулар үчүн);

– –; – 0 (ата-энелер үчүн).

*Ачкычы жана топтук натыйжаларды иштетүү*

Алынган натыйжалар билим берүү чөйрөсүнө болгон мамиленин

ар бир тиби боюнча кошулат, андан кийин баалоочу коэффициенти төмөнкү формула боюнча эсептелет

$$Y = \frac{X_i}{X_{ij}} \cdot 100\%,$$

мында $X_i$ – берилген тип боюнча көрсөткүчтөрдүн саны; $X_{ij}$ – тандаманын көлөмү; Y – баштапкы көрсөткүч (берилген көрсөткүч боюнча тандоонун пайызы).

**Мектептин билим берүү чөйрөсүнө карата мамиленин деңгээлдерин аныктоо**

| Көрсөткүчтөр боюнча тандоолордун пайызы: мектептин ББЧнө оң, бейтарап, терс мамиле | Мектептин ББЧнө мамиленин деңгээли |
|---|---|
| 0–20 | Төмөн |
| 21–40 | Ортодон төмөн |
| 41–60 | Орто |
| 61–80 | Жогору |
| 81–100 | Абдан жогору |

Анкетанын экинчи бөлүгүндө маанилүү мүнөздөмөлөрдү аныктоо үчүн билим берүү чөйрөсүнүн социалдык компонентин сыпаттоодо эң көп колдонулган сегизи тандалып алынды:

1) мугалимдер менен өз ара мамилелер;
2) окуучулар менен өз ара мамилелер;
3) өз көз карашын билдирүү мүмкүнчүлүгү;
4) сый мамиле;
5) жеке кадыр-баркты сактоо;
6) жардам сурап кайрылуу мүмкүнчүлүгү;
7) демилгени жана активдүүлүктү көрсөтүү мүмкүнчүлүгү;
8) жекече проблемаларды жана кыйынчылыктарды эске алуу.

Анкетаны колдонуунун 1-варианты сыналуучулар үчүн эң маанилүү беш мүнөздөмөлөрдү жана аларга канааттангандыкты баалоону камтыйт.

2-вариант бардык мүнөздөмөлөргө канааттангандыктын талдоосун камтыйт.

*Ачкычы жана натыйжаларды иштетүү*

Упайлардын саны кошулат жана анкетанын суроолорунун санына бөлүнөт.

Мектептин билим берүү чөйрөсүнүн мүнөздөмөлөрүнө канааттангандык деңгээлдерин аныктоо

| Упайлардын суммалык саны | Мектептин ББЧнүн мүнөздөмөлөрүнө канааттангандык деңгээли |
|---|---|
| 1–1,7 | Төмөн |
| 1,8–2,5 | Ортодон төмөн |
| 2,6–3,3 | Орто |
| 3,4–4,1 | Жогору |
| 4,2–5 | Абдан жогору |

**Өз ара аракеттешүүдө психологиялык зомбулуктан корголгондук**

Өз ара аракеттешүүдө психологиялык зомбулуктан корголгондук төмөнкү багыттар боюнча каралат:

1) кемсинтүүдөн/кордоодон корголгондук;

2) коркунучтардан корголгондук;

3) каалоосуна каршы бир нерсе кылууга мажбурлоодон корголгондук;

4) көзгө илбөөдөн (социалдык бөлүп коюудан) корголгондук;

5) жамандык каалаган мамиледен корголгондук (мамиленин белгиси).

Анкетанын 3-бөлүгү өз ара аракеттешүүдө психологиялык зомбулуктан корголгондуктун жалпы деңгээлин да, конкреттүү көрсөткүчтөрүн да алууга жол берет.

1-вариант. Өз ара аракеттешүүдө психологиялык зомбулуктан корголгондук билим берүү чөйрөсүнүн катышуучуларынын ар бир категориясы боюнча аныктала алат (мисалы, окуучулар үчүн анкетанын жардамы менен алардын классташтарынан жана мугалимдеринен корголгондук деңгээлин айкындоого болот).

2-вариант. Билим берүү чөйрөсүндөгү психологиялык зомбулуктан корголгондук бирдиктүү суммалык көрсөткүч катары аныктала алат.

*Ачкычы жана натыйжаларды иштетүү*

Упайлардын саны кошулат жана анкетанын пунктчаларынын санына бөлүнөт (мугалимдер үчүн 15 пунктча, окуучулар жана ата-энелер үчүн 10 пунктча).

**Мектептин билим берүү чөйрөсүндөгү корголгондуктун деңгээлдерин аныктоо**

| Упайлардын суммалык саны | Өз ара аракеттешүүдө психологиялык зордук-зомбулуктан корголгондуктун деңгээли |
|---|---|
| 1–1,7 | Төмөн |
| 1,8–2,5 | Ортодон төмөн |
| 2,6–3,3 | Орто |
| 3,4–4,1 | Жогору |
| 4,2–5 | Абдан жогору |

Методиканын маалыматтарын колдонуп, билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздук даражасын айкындоого болот.

# ГЛОССАРИЙ

**Авария** – адамдардын өлүмүнө жана объектилердин орду толгус кыйроосуна алып келбеген жергиликтүү техногендик мүнөздөгү окуя.

**Адамдын коопсуздугу** – бул анын толук физикалык, социалдык жана руханий саламаттык абалы, ал ички (тукум куучулук, физикалык жана психикалык саламаттык) жана тышкы (курчап турган табигый, антропогендик, техногендик, социалдык чөйрө) факторлор менен аныкталат.

**Билим берүү чөйрөсү** – инсанды берилген үлгү боюнча калыптандыруунун социалдык жана мейкиндиктик-предметтик курчоодо камтылган таасир кылууларынын жана шарттарынын, ошондой эле аны өнүктүрүү үчүн мүмкүнчүлүктөрүнүн тутуму.

**Билим берүү чөйрөсү** – бул мейкиндиктик-предметтик шарттарды, окуу-тарбия процессинин субъектилеринин ортосундагы инсан аралык (социалдык-психологиялык өз ара мамилелерди жана окуучуларды алардын курактык өнүгүү өзгөчөлүктөрүнө жана жекече кызыкчылыктарына ылайык социалдаштыруу үчүн зарыл болгон ишмердүүлүктүн ар түрдүү түрлөрүнүн мейкиндигин камтыган, берилген билим берүү технологиясын жана берилген билим берүү мекемесинин миссиясын практикалык ишке ашыруу үчүн зарыл болгон билим берүү шарттарынын тутуму.

**Билим берүү чөйрөсүнүн комплекстүү коопсуздугу** – билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын корголгондугун кепилдиктүү камсыздоочу коопсуздуктун белгилүү бир түрлөрүнүн (интеллектуалдык, руханий, адептик-этикалык, психологиялык, педагогикалык, этникалык, физикалык, эмгектик, башкаруучулук) жыйындысы.

**Ден соолукту сактоочу билим берүү чөйрөсү** – билим берүү процессин коштоонун, тобокел факторлорунун алдын алуунун, социалдыкыңгайлаштырылган билим берүү чөйрөсүн түзүү боюнча ведомстволор аралык иш-чаралар комплексин ишке ашыруунун психологиялык-педагогикалык жана медициналык-физиологиялык каражаттары менен усулдарынын негизинде окуучулардын, педагогдордун социалдык, физикалык, психикалык саламаттыгын калыптандырууга, чыңдоого жана сактоого багытталган башкаруучулук, уюштуруучулук, окутуучулук жана ден соолукту чыңдоочулук шарттардын жыйындысы.

**Катастрофа** – адамдардын өлүмүнө жана объектилердин орду толгус кыйроосуна алып келген техногендик, социалдык же табигый мүнөздөгү ири окуя.

**Кесиптик оору** – зыяндуу өндүрүштүк факторлордун таасир кылуусу чакырган жана эмгекке жөндөмдүүлүгүн убактылуу же биротоло жоготууга алып келген өнөкөт же курч оору (силикоз, пневмокониоз, угуунун начарлашы, көз оорулары, тери оорулары ж.б.у.с.).

**Коопсуздук техникасы** – билим берүү же өндүрүш чөйрөсүндөгү (эмгекти коргоо чөйрөсүнүн термини) ББМнин окуучуларынын жана кызматкерлеринин сабак, окуу-тарбия, эмгек процессинде жана эс алуу ишмердүүлүгүндө жаракаттарды алуусун жана ооруусун минималдаштыруучу иш-чаралардын, эмгек ыкмаларынын жана каражаттарынын жыйындысы.

**Кооптуулук** – жагымсыз процесстердин, кубулуштардын, окуялардын, башка тышкы жана ички факторлордун окуучуларга жана билим берүү мекемесинин (ББМ) кызматкерлерине, алардын өмүрүнө, ден соолугуна, укуктары менен эркиндиктерине, мүлкүнө жана курчаган чөйрөсүнө таасир кылуусу же кыйратуучу таасир кылуу коркунучу.

**Кооптуу фактор** – иш-аракети окуучулардын (ББМнин тарбияלануучуларынын же кызматкерлеринин) өмүрүнө жана ден соолугуна, алардын мүлкүнө, жашоо чөйрөсүнө, укуктарына жана кызыкчылыктарына коркунуч келтирген табигый, коомдук, техногендик процесс (кубулуш).

**Кооптуу өндүрүштүк фактор** – билим берүү же эмгек процессинин жүрүшүндө анын ББМнин окуучусуна же кызматкерине таасир кылуусу жаракатка же ооруга алып келе алган терс фактор. Бул кооптуу фактордун жекече учуру.

**Кооптуу кырдаал** – анда адамдын өмүрүнө жана ден соолугуна, анын укуктарына жана эркиндиктерине, мүлкүнө жана курчаган чөйрөсүнө коркунуч туудурган терс факторлор иштеп жаткан же иштей баштапы мүмкүн болгон ар кандай жагымсыз жагдай. Туура жүрүм-турум менен, ал олуттуу кесепеттерсиз коопсуз чечиле алат жана өзгөчө кырдаалга айланып кетпейт.

**Кырсык** – адам жумушта же жолдо баратканда жаракат алган же ден соолугуна башка залал келген, кесиптик эмгекке жөндөмдүүлүгүн

жоготкон же өлүмгө алып келген кооптуу окуя (эмгекти коргоо чөйрөсүнүн термини).

**Маалыматтык-психологиялык коопсуздук** – жеке адамдардын жана/же топтордун терс маалыматтык-психологиялык таасир кылуулардан жана ушуну менен байланышкан инсандын, коомдун, мамлекеттин турмуштук маанилүү кызыкчылыктарынан корголгондук абалы.

**Модель** – бул түпнуска тутумдун кээ бир маанилүү касиеттерин кайра өндүргөн объектилердин же белгилердин тутуму, ал объектинин жалпыланган чагылышы, эксперименттин түздөн-түз натыйжасы эмес, абстракттуу практикалык тажрыйбанын натыйжасы болуп саналат.

**ӨК (өзгөчө кырдаал)** – документтерде колдонулган расмий термин, – өзгөчө кооптуу факторлордун адамдарга, алардын жашоо чөйрөсүнө таасир кылуусунун натыйжасында келип чыккан, оор кесепеттердин кирип келүүсүн, атайын күчтөрдү киргизүүнү, чараларды жана мерчемдерди көрүүнү болжогон жагымсыз жагдай. Өзгөчө кырдаалдарга катуу эпидемиялар, суу ташкындары, жер титирөөлөр, ар кандай кырсыктар, куралдуу кагылышуулар, барымтага алуулар, террордук чабуулдар киришет.

**ӨО (өзгөчө окуя)** – жагымсыз кесепеттери бар ар кандай түрдөгү кооптуу кубулушту, кырдаалды, окуяны билдирүүчү күнүмдүк оозеки термин. Ири ӨО көбүнчө ӨКдын белгилерине туура келет.

**Тобокел** – жагымсыз кесепеттердин (жоготуулардын, кыйроолордун, жаракаттардын) кирип келүү ыктымалдыгы; кырдаалдын кооптуулугун, долбоордун, чечимдин, жүрүм-турумдун ишенимдүүлүгүн баалоо чарасы.

**Травма (жаракат)** – тышкы чөйрөнүн кандайдыр бир фактору чакырган дененин ткандарынын же органдарынын бүтүндүгүнө залал келүү. Өндүрүштүк жана тиричиликтик жаракаттарды айырмалашат. Өндүрүштүк травматизм жаракаттардын жыйындысы менен мүнөздөлөт.

**Чөйрө** – адамды курчап турган жана аны менен организм жана инсан катары өз ара аракеттешкен шарттардын жыйындысы.

**Экологиялык жактан коопсуз билим берүү чөйрөсү** – инсандын өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүн жана анын экологиялык факторлордун терс таасиринен корголгондугун, жаратылыш дүйнөсү менен өз ара аракет-

тешүүсүнүн оптималдуулугун камсыздоочу психологиялык-педагогикалык шарттардын жана таасир кылуулардын тутуму.

**Экстремалдуу кырдаал** – адамдын аман калуусу жана жашоосу үчүн анын бардык физикалык жана моралдык күчтөрүнүн максималдуу (экстремалдуу) чыңалуусун талап кылган реалдуу кооптуу кырдаал.

**Эмгекти коргоо** – окуу, эмгек процессинде жана эс алуу ишмердүүлүгүндө ББМнин окуучуларынын жана кызматкерлеринин, өзүнө укуктук, социалдык-экономикалык, уюштуруучулук-техникалык, санитардык-гигиеналык, дарылоо-профилактикалык, реабилитациялык ж.б. иш-чараларды камтыган өмүрүн, саламаттыгын сактоо тутуму**.**

## ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТӨӨ ҮЧҮН ИЗИЛДӨӨЧҮЛҮК ТАПШЫРМАЛАР

1. Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун камсыздоого багытталган ченемдик-укуктук документтерге аннотация жазыңыз (1-жадыбал).

2. Ченемдик-укуктук документ билим берүү мекемесинин ишмердүүлүгүндө (жергиликтүү актыларда, иш-чараларда) кандай чагылуу тапканын изилдеңиз (каалаган билим берүү мекемесинин мисалында). Изилдөөнүн жыйынтыгын 1-жадыбалга киргизиңиз.

1-жадыбал

*Билим берүү мекемесинин ченемдик-укуктук документтерди ишке ашыруу боюнча ишмердүүлүгүн уюштуруу*

| Документ | ББМнин иш-аракети |
|---|---|
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 201 токтому менен бекитилген «Жалпы билим берүү уюмдарындагы окутуу шарттарына жана аны уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар» САНИТАРДЫК-ЭПИДЕМИОЛОГИЯЛЫК ЭРЕЖЕЛЕРИ ЖАНА ЧЕНЕМДЕРИ | |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2024-жылдын 27-августундагы №520 токтому менен бекитилген «Окуучулардын катышуусу менен маданий-массалык иш-чараларды өткөрүүнүн тартиби жана алардын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча талаптар» | |
| 2024-жылдын 16-январындагы №16 «Өрт коопсуздугу жөнүндө» КР Мыйзамы | |
| 2014-жылдын 28-мартындагы №53 «Кыргыз Республикасынын калкынын радиациялык коопсуздугу жөнүндө» КР Мыйзамы | |
| 2023-жылдын 27-мартындагы №71 «Жарандык коргонуу жөнүндө» КР Мыйзамы | |
| 2016-жылдын 26-июлундагы №142 «Эмгекти коргоо жөнүндө» КР Мыйзамы | |

| | |
|---|---|
| 2022-жылдын 4-июлундагы №55 «Терроризм каршы аракеттенүү жөнүндө» КР Мыйзамы | |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «2015-2024-жылдарга Кыргыз Республикасында коопсуз мектептер жана мектепке чейинки билим берүү уюмдары» программасы | |
| 2020-жылдын 1-августундагы №109 «Кыргыз Республикасынын балдар жөнүндө кодекси» | |
| 2024-жылдын 12-январындагы №14 «Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө» КР Мыйзамы | |
| 2023-жылдын 11-августундагы №179 «Билим берүү жөнүндө» КР Мыйзамы | |
| 2015-жылдын 21-июлундагы №185 «Кыргыз Республикасында балдардын ден соолугуна, дене бой, интеллектуалдык, психикалык, руханий жана адептик өнүгүүсүнө зыян келтирүүнүн алдын алуу боюнча чаралар жөнүндө» КР Мыйзамы | |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 22-августундагы № 381 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасында өрт коопсуздугунун эрежелери» | |

3. Билим берүү мекемелеринин жергиликтүү актыларынын мазмунун изилдеңиз (ар кандай түрдөгү жана типтеги):

Жардыруу коркунучу учурундагы иш-аракеттер боюнча нускама;

Биологиялык булгануу коркунучу учурундагы иш-аракеттер боюнча нускама;

Террористтер адамдарды барымтага алган учурдагы иш-аракеттер боюнча нускама;

Жардыргыч түзүлүшкө окшош объект табылгандагы иш-аракеттер боюнча нускама;

Террордук акт жасоо коркунучу учурундагы иш-аракеттер боюнча

жазуу жүзүндөгү нускама;

Мекемеде өрт коопсуздугу боюнча нускама;

Өрт гидрантын жана өрт өчүргүчтү колдонуу боюнча нускама.

4. Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугуна байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашырыңыз (3.2, 3.3-параграфтардагы методикалар). Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун оптималдаштыруу боюнча тыянактарды чыгарыңыз, сунуштарды бериңиз.

5. Ар түрдүү баскычтагы билим берүү мекемелеринде билим берүү чөйрөсүнүн психологиялык коопсуздугун жана ыңгайлуулугун камсыздоо үчүн зарыл шарттарды атаңыз.

6. Ар түрдүү баскычтагы билим берүү мекемелеринде билим берүү чөйрөсүнүн психологиялык коопсуздугун жана ыңгайлуулугун камсыздоо үчүн кандай психологиялык-педагогикалык иш-чараларды өткөрүүнү сиз зарыл деп эсептейсиз?

7. Адатта долбоорлоо аны жүргүзүүнүн удаалаш фазалары, этаптары боюнча каралат. Ар башка авторлор алардын курамын жана түзүмүн ар кандай жолдор менен курушат. Түзүмүн көрсөтүңүз:

– долбоорлоонун концепциялык этабынын (фазасынын);

– моделдөө этабынын;

– конструкциялоо этабынын.

8. Билим берүү мекемесинин билим берүү чөйрөсүнүн түзүмүнө жана мазмунуна карата ар кандай көз караштарды тааныштырыңыз.

9. Сиздин окуу жайыңыздын, классыңыздын, тобуңуздун билим берүү чөйрөсүн талдаңыз. Тандалган билим берүү чөйрөсүнүн вектордук моделин түзүңүз.

10. Я. Корчактын «тарбиялоочу чөйрөсүнүн типтерин» П. Лесгафттын «мектептик типтери» менен салыштырыңыз. Алынган маалыматтарды салыштырма жадыбалда тариздеңиз. Мектеп окуучуларынын инсандык өнүгүүсү боюнча өз көз карашыңызды сунуштаңыз.

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР


1. Билим берүү жөнүндө. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 2023-жылдын 11-августу, №179

2. Алисов, Е. А. Педагогическое проектирование экологически безопасной образовательной среды: автореф. дис. … д-ра пед. наук / Е. А. Алисов. – М., 2011. – 36 с.

3. Артюшина, Н. К. Психологически комфортная и безопасная образовательная среда – важнейшее условие продуктивного обучения и воспитания школьников / Н. К. Артюшина // Гуманно-личностное пространство сопровождения семьи в реалиях XXI века: материалы I региональных педагогических чтений 13–14 ноября 2008; под общ. ред. Е. С. Евдокимовой. – Волгоград: Волгоградское научное изд-во, 2009. – С. 16–21.

4. Баева, И. А. Психологическая безопасность в образовании / И. А. Баева. – СПб.: Союз, 2002. – 271 с.

5. Баева, И. А. Психологическая безопасность образовательной среды: учеб. пособие / И. А. Баева, И. А. Волкова, Е. Б. Лактионова; под ред. И. А. Баевой. – М.: Эконом-Информ, 2009. – 248 с.

6. Бобрышева, И. В. К вопросу о психологической безопасности образовательной среды / И. В. Бобрышева // Гуманно-личностное пространство сопровождения семьи в реалиях XXI века: материалы I региональных педагогических чтений 13–14 ноября 2008; под общ. ред. Е. С. Евдокимовой. – Волгоград: Волгоградское научное изд-во, 2009. – С. 26–28.

7. Вихристюк, О. В. Мониторинг образовательной среды как одно из условий безопасности образовательной среды / О. В. Вихристюк, В. В. Ковров, Е. Г. Леонова // Безопасность образовательной среды. – М., 2008. – С. 11–20.

8. Галустова, О. В. Психологическое консультирование / О. В. Галустова. – М.: Приор-издат, 2006. – 240 с.

9. Гибсон, Дж. Экологический подход к зрительному восприятию / Дж. Гибсон. – М., 1988. – 98 с.

10. Дыбина, О. В. Социокультурная среда дошкольника: учеб.-метод. пособие для студентов и воспитателей / О. В. Дыбина, И. В. Руденко, О. А. Сергеева. – Тольятти: ТГУ, 2001. – 63 с.

11. Дыбина, О. В. Образовательная среда и организация самостоятельной деятельности детей старшего дошкольного возраста: метод. рекомендации / О. В. Дыбина, О. А. Еник, Л. А. Пенькова. – М.: Центр педагогического образования, 2008. – 64 с.

12. Ермолаева, В. С. Особенности обеспечения психологической безопасности личности в образовательном пространстве детского сада / В. С. Ермолаева // Гуманно-личностное пространство сопровождения семьи в реалиях XXI века: материалы I региональных педагогических чтений 13–14 ноября 2008; под общ. ред. Е. С. Евдокимовой. – Волгоград: Волгоградское научное изд-во, 2009. – С. 30–31.

13. Змановская, Е. В. Девиантология (Психология отклоняющегося поведения) / Е. В. Змановская. – М.: Академия, 2008. – 288 с.

14. Зотова, Н. Г. Ценностно-смысловое пространство образовательной среды / Н. Г. Зотова // Гуманно-личностное пространство сопровождения семьи в реалиях XXI века: материалы I региональных педагогических чтений 13–14 ноября 2008; под общ. ред. Е. С. Евдокимовой. – Волгоград: Волгоградское научное изд-во, 2009. – С. 11–13.

15. Ковалев, Г. А. Психологическое развитие ребенка и жизненная среда / Г. А. Ковалев // Вопросы психологии. – 1993. – № 1. – С. 13–23.

16. Корчак, Я. Как любить ребенка / Я. Корчак. – М., 1990. – С. 19–174.

17. Корчак, Я. Право ребенка на уважение / Я. Корчак. – М., 1990. – С. 175–194.

18. Колесникова, И. А. Педагогическое проектирование: учеб. пособие для высш. учеб. заведений / И. А. Колесникова, М. П. Горчакова-Сибирская; под ред. И. А. Колесниковой. – М.: Академия, 2005. – 288 с.

19. Лесгафт, П. Ф. Семейное воспитание ребенка и его значение / П. Ф. Лесгафт. – М., 1991.

20. Новиков, А. М. Образовательный проект: методология образовательной деятельности / А. М. Новиков, Д. А. Новиков. – М.: Наука, 2004. – 214 с.

21. Обеспечение психологической безопасности в образовательном учреждении / под ред. И. А. Баевой. – СПб.: Речь, 2006. – 288 с.

22. Осипова, А. А. Общая психокоррекция / А. А. Осипова. – М.: Сфера, 2005. – 512 с.

23. Пенькова, Л. А. Предметно-развивающая среда дошкольного образовательного учреждения: метод. пособие / Л. А. Пенькова, Н. А. Музяева. – Тольятти: изд-во ТГУС, 2006. – 198 с.

24. Педагогика: большая современная энциклопедия / сост. Е. С. Рапацевич. – Минск: Современное слово, 2005. – 720 с.

25. Полякова, М. Н. Создание моделей предметно-развивающей среды в ДОУ: учеб.-метод. пособие / М. Н. Полякова. – М.: Центр педагогического образования, 2008. – 96 с.

26. Секач, М. Ф. Психология здоровья / М. Ф. Секач. – М.: Академический проект, 2003. – 189 с.

27. Сидорова, Л. З. Пути формирования безопасной образовательной среды педагогического колледжа [Электронный ресурс] / Л. З. Сидорова. – URL: http://festival.1september.ru/ articles/312855/

28. Слободчиков, В. И. О понятии образовательной среды в концепции развивающего образования / В. И. Слободчиков // Выступление на пленарном заседании Первой российской конференции по экологической психологии (Москва, 3– 5 декабря 1996 г.).

29. Сыманюк, Э. Э. Психологическая безопасность образовательной среды / Э. Э. Сыманюк. – М.: Академический проект, 2004.

30. Ясвин, В. А. Образовательная среда: от моделирования к проектированию / В. А. Ясвин. – М.: Смысл, 2001. – 365 с.

Окуу басылмасы

*Шерматова Илмира, Жантаев Адилбек*

# БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮНҮН КООПСУЗДУГУ

Окуу куралы

Адис редактору: Ж. Эгимбаева
Редактору: Н. Бийгелдиева
Тех.редактору: Ж. Токтомаметова
Корректору: З. Исакбаева

Ченеми 60х84/16. Көлөмү 6 басма табак.
Офсеттик басуу. Нускасы 300.
«Сарыбаев Т.Т.» басмасында басылды.
Бишкек ш., Манас пр., 101.